
Скарг
3-18

Тазагүл ЗАКИРОВА



# КОШ МУНАР:
## Алымкул аталык, Ташбек датка

(Тарыхый-даректүү баян)

Бишкек- 2021

Тазагүл **ЗАКИРОВА**

# КОШ МУНАР:
## Алымкул аталык,
## Ташбек датка

(Тарыхый-даректүү баян)

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНБ № 483779

Бишкек- 2021

УДК 831-51
ББК 84 Ки 7 – 5

**Закирова Тазагүл**
**3 – 21 Кош Мунар: Алымкул аталык, Ташбек датка.**
Тарыхый - даректүү баян. Б.2021-ж.160 б.

ISBN 978-9967-9131-0-3

Бул китеп - XIX кылымда Орто Азия элдерин, ичинде кыргыз элин, ар кандай кутумдардан асырап, сактаган эл башылар Алымкул аталык Асан бий уулу, анын мыкты вазири Ташбек датка Үмөтбай уулу тууралуу даректүү баян.

Бул баянда кыргыз элинин көөнө турмушундагы урунттуу жагдайлар, тарыхый маалыматтар, элибиздин мурдагы жашоо-турмушу, экономикалык жана маданий жактан алдыга умтулган аракеттери чагылдырылган.

Китеп элдик уламыштардын, санжыралардын жана архивдик материалдардын негизинде жазылды.

УДК 831-51
ББК 84 Ки 7 – 5

З 4702300200 - 18
ISBN 978-9967-9131-0-3

© Закирова Т.2021



«...Баатырлар чындап жарашып аты-затына,
Барпайып элдин бакубат күнүн коргогон.
Бабалар менен акылга салып ар ишин,
Бир жанын эмес, эртеңин элдин ойлогон..."

Тазагүл ЗАКИРОВА

## Өмүрү өрнөктүү инсан

Ар бир элдин коомдук-саясий турмушунда өз орду бар, эл-жеринин бейпил турмушун, эл камын көздөгөн улуу инсандары болот эмеспи.

Элибиздин тарыхында канчалаган улуу инсандар эл жер үчүн болгон күч-кайратын, акыл- эсин улуу ишке жумшап, мурдагы замандын оош-кыйышы көп оомалуу-төкмөлүү учурунда башын канжыгага байлап, эл-жеринин бейпилдиги, коопсуздугу, өнүгүп-өсүшү үчүн жан үрөп, калкына кам көрүп, өмүрүн арнап келишкен.

Тилекке каршы, совет мезгилинде таптык идеология үстөмдүк кылган доордо, элибиздин өткөн кылымдардагы тарыхы жакшылыктуу изилденбей, тарыхый маалыматтар бурмаланып, эли-жери үчүн өмүрүн арнаган көптөгөн улуу инсандарыбыздын ысымдары аталбай, көбүнесе эзүүчү таптын өкүлү катары көрсөтүлүп, алардын аткарган кызматтары айтылбай, ал эмес, аты-жөнүн атоого тыюу салынып келгенин билебиз. Натыйжада эл камын жеп, бүт өмүрүн эли-жерине арнаган канчалаган улуу инсандарыбыз эске алынбай унутта калып келген.

Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткен мезгилден баштап элибиздин тарыхына, өткөн улуу инсандарыбыздын өмүр таржымалына кызыгуу артып, аларды иликтеп изилдөөгө көңүл бурулуп, бир топ иш-аракеттер жүрүп жатканы мактоого аларлык жакшы көрөлгө.

Өзгөчө, акыркы мезгилде тарыхыбыздын татыктуу инсандарынын өрнөктүү өмүрлөрү такталып, өз ордун таап жатышы жаштарды патриоттук духка тарбиялоодо баа

жеткис роль ойнору шексиз. Өз мезгилине ылайык өмүр сүрүп, эли-журтунун бейкуттугу, өнүгүп-өсүшү үчүн кам көргөн улуу инсандардын ысымдарын урпактар билиши шарт.

Тазагүл Закированын Ташбек датка жөнүндөгү баянындагы Ташбек датканын басып өткөн өмүр жолун иликтеп, аны элге-журтка жеткирүүгө болгон аракети мактоого арзый турган иш. Бул тарыхый инсандын өрнөктүү өмүрү, ишмердиги бүгүнкү журт башчыларына, өзгөчө жаш муундарга, эли-жерине, Атамекенге кызмат өтөөдө баа жеткис үлгү боло алат.

Кыргыздардын ичкилик уруусунан чыккан Ташбек датканын көп кырдуу ишмердиги элибиздин ошол доордогу тарыхый тагдыры, өнүгүү окуялары менен тыгыз байланышта экенин чагылдыруу менен Кокон кандыгынын ордосунда кыргыздардын басымдуу ордун тарыхый фактыларга таянып баяндап бергени окурмандардын бир топ кызыгуусун жаратат деп ойлоймун.

Ташбек датка өз мезгилинин чыгаан инсаны, Кокон кандыгында эң чоң даражага ээ болгон Алымкул аталык менен карым-катнашта болуп, өзүнүн зиректиги, баамдуулугу менен кан ордосуна таанылып, Датка деген наамга татыктуу болгон. Ал өзүнүн акылмандыгы, алдын-ала көрөгөчтүгү менен өз замандаштарынан айырмаланып Кокон кан ордосунда вазирдик кызматты аркалап, кийин Кашкар каны Жакыпбектин (Якуббек) оң колу, аскер башчысы болуп он эки жыл кызмат өтөгөнү, орус генерал-губернатору М.Д.Скоблевдин буйругу менен өз мекенине азыркы Кадамжай районунун аймагында (Охна, Ороң Терек, Айрыбаз, Үч-Коргондон, Чоң Алайга чейинки аралыкта) көптөгөн жылдары бийлик жүргүзүп, даткалык,

казылык кылган кызматтары аны өз заманынын белгилүү инсаны болгондугун далилдеп турат.

Ташбек датка кайсыл жерде, кандай кызматтарда болбосун өз элинин камын ойлоп, алардын ынтымагын, биримдигин бекемдеп, турмуш-шартын жакшыртууга кылган аракети, жашоодогу туңгуюкка туш болгон учурда чечкиндүүлүгү, тапкычтыгы, айкөлдүгү коомубуздун азыркы журт башчыларына үлгү болот эле.

Тазагүлдү чебер акын, таланттуу калемгер катары баалап, чыгармаларын окуп жүрөм. Ал кийинки учурларда элибиздин тарыхына кайрылып, тарыхый ыйык жерлерибиз, улуу инсандарыбыз, калкыбыздын баа жеткис каада- салты, үрп-адаты жөнүндө кызыктуу иликтөөлөрдү жүргүзүп, тарыхый баяндарды жазып, элибиздин, өзгөчө жаштарыбызды Ата-мекенди сүйүп барктоого, ак-ниеттен кызмат кылууга, Кыргызстандай мамлекетибиздин өнүгүп-өсүшүнө өз салымын кошууга чакырып келет.

Бар бол, Тазагүл.!

**Б.А.Нурунбетов,**
тарых илимдеринин доктору,
профессор.
9. 03. 2021-жыл.

# Тарыхты тактоо зарыл

XXI кылымдын алгачкы 30 жылдыгында кыргыздын улуттук аң-сезими ойгонуп, намысына келип өз тарыхын сарамжалдуулук менен чогултуп, элдин акыл-эсиндеги санжырасын элдин таразасына коюуда. Муну профессионал тарыхчылар эмес, тарыхын кастарлагандар, баркгагандар жасоодо. Бул доор алдында опол тоодой зор иш, чоң машакат. Адамзаттын асылы Ч.Айтматов атабыз: "Санжыра – бул элдин, улуттук эн тамгасы жана аны таануу белгиси" деп таамай айтыптыр. "Мен өз ата-бабаларымдын басып өткөн тарыхын эч качан башка Мекенге же тарыхка алмашпас элем" (А.С.Пушкин) дегендей ар улут өз тарыхына үңүлө караш керек. Мен КРнын Эл акыны Тазагүл Закированын "Ташбек датка" тарыхый даректүү баянын окуп курсант болдум. Анан калса андан мурда деле, азыр деле кыргыз аялзатынан тарыхка кызыкканы, жазып иликтегени чанда. Орустун мыкты жазуучусу М.Горький "Оозеки адабиятты билбей туруп, элдин тарыхын билүү мүмкүн эмес" дегени абдан туура. "Тарыхын билбеген адам - наадан адам" (А.С.Пушкин).

Тазагүл Закирова "Ташбек датканы" кыйла түйшүк тартып мыкты иликтеген. Анын тарыхтан алган ордун тактаптыр. "Кокон кандыгында "Жети шаар" чыгыш Түркстан мамлекетиндеги ишмердигин, элге кылган жакшылыгын, адамдык касиеттерин, укум-тукумунун каерде жашап өмүр сүргөндүгүнөн бери тактаптыр. Тарыхка жаңы табылга кошуптур. Бул колдой турган жаңылык. Ушинтип ар

ким өз Атамекенинде изи калган тарыхый инсандарын иликтесе чоң иш бүтмөк.

Орустун улуу акыны А.С. Пушкин "Тарых - келечектин күзгүсү" дептир. Тарых күзгүсү ата-бабабыздын, улутубуздун өмүр тагдырын чагылдырган соң, аны ар бирибиз ардактоого милдеттүүбүз. Байыркы кытай: "Тарыхын билбеген жана душмандарын таанибаган эл оңой эле жок болот" деп тээ алмуздактан бери эле нускап, өз тарыхын кагазга, жибекке кылдат, аяр түшүрүп, далай кылымдардан бери сары майдай сактап, душмандардан жашырып катып, сактап келатат. Геноцидден кийин кыргызды башкаргандардын куйма кулак жүздөгөн классик санжырачылардын тарыхын изилдебей, пайдаланбай жокко чыгарып келебиз. Көбү XX кылымдын, коопсуздук кызматынын архивинде кол тийбей турса, көбүн Илимдер академиясы "Жылыткычы жарылып, кагаз чириди" деп Камаз машинасына жүктөп барып тонналаган кол жазмаларды өрттөп салды. "Ар ким өз ата-теги менен даңктансын" деп семиттердин пайгамбары Мухамед айтыптыр. Ошон үчүн алар "Жарымы төгүн, жарымы чын" тарыхын "Библия" менен "Куранга" киргизип, бүт ааламга "дүйнө бизден башталат" деген империялык көз карашын он кылымдан бери таңуулап келатат. Алардын тарыхынын башаты түрк элдеринде, азиялыктарда турганын илим далилдөөдө.

Бизге советтик идеологияга негизделген кунарсыз, керексиз, бир жактуу, кошоматчыл, бурмаланган тарых жазган даражалуу тарых сөрөйлөрдүн жоон тобу бар. Кыргыз тарыхында ошолордун орду жок. "Улуу орус элинин көсөмдөрүнүн негизинде..." деген саясатты окутушту. Кыргызды "артта калган караңгы" деп ынандырышат.

Европанын чыныгы окумуштуулары кыргыз (түрк теги) адамзат цивлизациясынын, адабият, маданиятынын, жаратмандыктарынын башатында турганын, алардын тарыхын өзгөрткөнүнүн акыркы эки кылымда бүт дүйнөгө далилдөөдө. 1944-ж. 9-августта СССРдин Өкмөтү жашырын токтом кабыл алып: "... "Түрк элдеринин тарыхы жазылбасын, мурунку чыккандар ревизияланып, бурмаланып чыгарылсын. Анткени, СССРде түрк элдери өтө көп, алардын көпчүлүгүнүн зыяны тиет. Ошондуктан, буларды бөлүп-жарып, бириндетиш керек. Бурмалап жазылгандарды жайылтуу, Чынгыз кандын түбү түрк экенин жашырып, монгол кылып көрсөтүү. Чынгыздын түбү түрк, Казакстандын Каракорум жеринде туулган. Аны Иртыштан алып Монгол жеринде туулган деп атайын жалган маалымат жазган. Түрк элдеринин тарыхынын чыныгысын чыгарууга тыюу салынган. Чындыктан үлгү алаар мезгил келди.

Т.Закированын "Ташбек датка" китебинде Кокон кандыгын бийлеген, кыргыз мамлекетин 1860-1865-жылдары орус баскынчыларынан коргогон көрүнүктүү саясий ишмер Алымкул аталыкты Ташбек даткага байланыштырып, тарыхташ катары аны да изилдептир. Кандыкты башкарууда зор жөндөм, талант, акылмандык керек экени түшүнүктүү. Ал кыргыздардын башын бириктирүүгө аракеттенген. Жети шаар мамлекетин Жакыпбек аркалуу түзүүдө анын эмгеги зор. Дал ушул мамлекетке Ташбек датка дагы чоң эмгек сиңирген. Душмандары уу берип Жакыпбек Бакдөөлөттү өлтүргөндөн кийин дагы Ташбек башкарып турган. Ташбек датканы изилдөө менен Т.Закирова тарыхты дагы бир тактап, кыргыз тарыхына дагы бир жаңы ысымды кошту. Буга

ыраазылык билдиребиз. Калганын окурман өзү тандаар. "Билгенден биле элегибиз көп" кыргыз тарыхы терең, калыс изилдөөгө өтө муктаж.

Нускалуу каада-салты, бийик нарк-насили, дүйнөлүк илим-билими, адабият-маданияты, көөнөрбөс байыркы тили, бай тарыхы, ыйык мазарлары, касиеттүү жер-суусу, теңдешсиз айкөл Манасы, Улуу Жараткан теңири, уникалдуу эс- тутуму, шедевр кол өнөрчүлүк, уз-чеберлери бар касиеттүү кыргыздын тарыхын, этнографиясын, философиясын, оозеки илимин, дүйнө таанымын изилдөө, иликтөө сыймыктуу иш. "Ата Журттун өткөнүн сыйлабоо, кадырлабоо – анын артта калгандыгы жана адепсиз караңгылыгы" деп А.С. Пушкин айткандай, кыргыз өз тарыхын кадырлай, баалай билсе экен деп тилейм.

Өз тарыхын чанган, жээриген маңкурттар, башкалардын жетегинде жүргөн, аларды туу туткан, улутсуздукту жайылткан замандаштар ар доордо боло келген. Кудай ушундай глобализациянын туткунунда кул болуп жүргөндөрдөн сактасын. Кыргыз тарыхы-адамзат тарыхынын башталышы. "Өзүн баалаган өсөт- жатын сыйлаган өлөт" дейт байыркы кыргыз.

**Кален Сыдыкова,** жазуучу, публист,
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Э.Арабаев атындгы Мамлекеттик университеттин ардактуу профессору, коомдук Манас академиясынын академиги,
2021-ж.11-октябрь.

# Кош мунар: *Алымкул аталык, Ташбек датка*

(Тарыхый-даректүү баян)

Тарыхый мекенчил баатыр «эмирлердин эмири» аталган Алымкул аскер башы Коргон-Төбөдөгү Таштак айылында (азыркы Өзбекстандын Жалал-Кудук району) төрөлгөн. Ал айыл Кара-Дарыя суусунун боюнда, чыгыш тарабы учурдагы Кыргызстандын Жийде айылына жанаша жайгашкан. Орус падышалык бийлиги тушунда Анжиян болуштугуна караган. Азыркы Сузак районунун Жийде, Кара-Дарыя айылдары менен ортодон агып өткөн Кара-Дарыя суусу бөлүп турат. Сузактан чыкканда Серный айылы бар, анын тушунда Жийде жайгашкан. Коргон-Төбөдөгү Жалал-Кудук, Кызыл-Токой, Айым-Кыштак, Аламышык айылдары, Бек-Абаддын аймагынын баарында өңчөй кыргыздар жашайт. Кыргыздын кыпчак, ичкилик, мундуз, чоң кыргыз, аксылык ж. б. уруулары илгертен ушул чөлкөмдү байырлаган. Жалал-Абад, Бек-Абад, Түркабад, Ханабад, Кемпирабад, Коргон-Төбө, Жийде, Таштак айылдары молдо Алымкул аскер башынын чоңоюп өскөн аймагы. Колдо болгон материалдарга таянганда Алымкул 1831-жылы жогоруда аталган Таштакта төрөлгөн. Бул жер Жалал-Абад шаарынын колтугунда.

Алымкул аталыктын урпактары азыркы мезгилде Сузак районунун Таштак (азыр Барпы аталган), Жийде айылдарында, Ош шаарында, Кара-Суу, Ноокат, Араван райондорунда, Баткен шаарында отурукташкан.

Алымкулдун атасы Асан убагында Коргон-Төбөнүн бийи болгон. "Алымкулдун атасы Асан, анын атасы Эркул,

андан ары Жамгырчы (Стамкул), Калыгул, Эркесары, Кененсары,. Түпкү теги Шырдакбекке такалат...Энеси Шаарбан Нойгут болуштугуна караштуу Бужум Баткен айылынан, нойгут уруусунан" (Кален Сыдыкова «Кыргыз тарыхы». 5-бас., 662-бет).

Алымкул эки жашка чыкканда атасы Асан бийдин көзү өтүп, эжеси Бүрабия, апасы Шаарбан үчөө Баткен чөлкөмүндөгү (Ферганага жакын жайгашкан) Бужум айылындагы тага журтунда алты жашка чейин жашап, алардын тарбиясын алган. Апасы Шаарбан ошол кезде уулу Алымкулду өзүнүн бир тууганы молдо Дос Акундун тарбиясына берген деген маалыматтар айтылат. Алымкулду беш-алты жашында ошол молдо Дос Акун тагасы окутуп, сабатсыздыгын жойгон. Кийин өзү туулган Таштак (азыркы Барпы) айылына келип, кийин Анжияндагы Ак Мечит медресесинде эки жыл билим алат. Жездеси Тагайкул датка аркылуу Кокондогу Махмуд ажы дамылданын Аяз Махмуд аттуу уулунун колунда окууну улантат. Билимдүү, зээндүү, балбан кайнисин жездеси Тагайкул датка аскер ишине үйрөтөт. Анын эр көкүрөк тайманбастыгы эл оозуна алына баштайт. Өзгөчө, Анжияндагы бир тойдо улак тартышка түшкөндө анын балбандыгына, шамдагайлыгыгына, ыкчам-күчтүүлүгүнө, ат үстүндө эпчилдигин, эр жүрөктүүлүгүнө калың эл баа берет. Мурда адамдардын көзүнө анча түшпөгөн, эл элес албаган бул жигит тойдун көркүн ачып, тору кашка аты менен көпчүлүктүн батасына ээ болду. Атактары алыска кеткен балбан билек, кыл чайнашкан улакчы эр жигиттер бул жолу Алымкулга тең келе алышкан жок. Топтон улам суурулуп чыгып, улакты үч ирет белгиленген марага таштады.

– Баракелде! – деп аксакал-көк сакал адамдар сакалдарын сылап ыраазы болушту жаш жигитке.

– Баралына жеткенде эл-журтун бакчу эр болору көрүнүп калды. Бөөдө кырсыктан сактайгөр,– дешип Кудайдан сураныч этишти.

– Тагайкул экөөңө Кудайым кубат берсин! Жараткан тартуулаган күч-кубатыңа чиренип кеппегүн. Асти адилеттүүлүктөн кетпе. Адилет болсоң бакытың башыңа конор, баштаган ишиң оңолор,– дешип калың журт батасын берди жигитке. Ошондон баштап Алымкулдун атагы далайга кетип, өкчөгөн сакасы айкүрүнөн жазбады.

Тагайкул датканын Алымкулга аскер ишин үйрөткөнү бекерге кеткен жок. Аны менен кошо ишенимдүү, шамдагай ондогон жигиттер чогуу ээрчип, далай чоң сыноолордон өттү. Калың журттун берген батасы Алымкулдун эсинен чыкпады, ар дайым жадында жүрдү. Эрдиги менен адилеттүүлүгү эриш-аркак болду. Коргон-Төбөдө мурда атасы бий болгон аймакта бийди шайлоодо ал аймакта жашаган кыргыз менен өзбек улутундагы жергиликтүү калктын үркөрдөй болгон бир азы гана болбосо, Алымкулга салынган таштарды санай келгенде жаңы бийдин артыкчылыгы алда кайда ашык экени көрүндү. Ал эми утулган тараптагылар өздөрүнүн уят болгондорун моюнга алып, жаңы бийге ийгилик каалады. Ал каалоо утурумдук саясатпы же чын пейилден айтылган алкоо экендигин эч ким көңүлгө алган жок, эч бирөө ак деп да, көк деп да баа бербеди. Көпчүлүк эл бий көтөрүү менен алек болуп атышты. Анткен менен элдин ошондогу бийди тандоосу Коргон-Төбө чөлкөмүндө жашаган кыргыз, өзбек жана бирин-экин бөлөк улуттагы калктын ынтымактуу эриш-аркак жашап, өнүгүп-өсүүсүнө чоң салым кошкондугу белгилүү.

Эл жаңылбаптыр. Жаңы бий «бул меники, тиги меники эмес, бөлөк» деп адамдарды улутуна карап бөлгөн жок, айрым бир учурларда кездеше калган ар кандай түшүнүксүз иштерди ырбатпай, ордунан дароо чечип, тараптарды элдештирген аракеттери өз жемишин берди. Калыс чечимдери менен эл оозуна алынып, кадыры көтөрүлдү. Ак дилден өтөгөн иштеринин натыйжасында бул жерде да эл алдында мартабасы көтөрүлдү.

Мухамед Жүнүс уулу Мухамед Аминдин (Ташкендеги Чыгыш таануу илимдер академиясындагы) кол жазмасында Анжиядын акими Шералы кандын уулу Сопубек дүңгүрөтө той берип, оюндарды уюштурган. Ошол тойдогу ат чабышка күлүк ат минип барган Алымкул да катышып, элдин баамына илинет, көзгө көрүнөт. Жаш Алымкул өз жеңиши менен тойго келген Малабектин (Кудаяр кандын агасы) купулуна толот, ошондон кийин Малабекке мыкты жигити катары кызмат өтөөгө макулдугун берет. Бийлик төбөлдөрү Алымкулдун ишмердигин өз көздөрү менен көрүп, натыйжада аны өз ордосуна нөкөр кызматына алып, чоң ишеним артканы Алымкулдун кадырын баалаганы эле. Бул 1847–1848-жылдарга туура келет.) Ошентип, Алымкул 18 жаш кыл мурут курагында ага чоң ишенич артылып, жоокердик кызмат өтөөнү баштаган.

Сопубекке нөкөр, кийин Малабекке жүз башы болуп жүргөн учурларында билимдүүлүгүн, жоопкерчиликтен качпаган тактыгын, элдин ар кандай мүшкүл-талаптарын чече билген акылгөйлүгүн көрсөтө алган. Адептүүлүгү менен кайраттуулугу ордонун төбөлдөрүнө ишенич артып, жигиттин кадыр-баркы ашып турду. Бийлер, даткалар, эл башылар Алымкулдун калк арасында аброюнун бийиктигине маани беришип, жаш болсо да анын пикири

менен эсептешип, көп маселелерди чечүүдө кеңешин аткарышкан.

***

Кийин ордодогу саясий кырдаал кескин өзгөрдү: Кокон кандыгында ордого каршы турган кутумчулардын уюштуруусу менен мурдагы Мусулманкулдун катаал башкаруусунун айынан элдин кыргыз-кыпчактарга наразылыгы чыкты. Эгерде Коконго Кудаяркандын колу келип калса, дарбазаны кенен ачып берип, Шаамурат канды баш кылып туткунга кармап берүүгө даяр болчу. Муну жакшы билген Шатманкожо миңбашы менен Алымкул аскер башы Анжиян, Оштон кол жыйнап, Кудаяр канды кууп чыгууга даярдык көрө баштады. Кудаяр кан Букардын эмирине ишенип, сарбаздары менен Коконго келүүгө куштар болчу. Тактыдан куулганда Кудаяр кан Букар эмирине качып кирип, анысы Коконду ээлеп алышка куштар эле. Букар эмири аскерлерине Кокондун башчысыз калган аймактарын талатып-тонотуп турган. Кандайынан болсо да Кудаяр канды Коконго киргизбөө, тактыны ээлеп алышына жол бербөө үчүн ага каршы турган тарап ар кандай айла-амалдарды ойлой баштайт..

Шаамурат кан менен макулдашып, Шатманкожо миңбашы менен Алымкул аскер башы экөө колун баштап шаардан чыгып, Анжиянга сапар алат. Ордодо колго урунар байлык жок, баарын Кудаяркан алып кеткен болот. Кокон кандыгы таланып-тонолуп оор абалда эле. Жоокерлерге акы төлөө, тамак-ашы, курал-жарак камсыз этүү молдо Алымкул менен Шатманкожого жүктөлгөн.

Анжиянды Алымкул ээлеп, аскерлерди чогултуп, алдыда кандай максаттар турганын айтып, кол башчылар менен акылдашат, мындан аркы аткарар милдеттерин түшүндүрөт. Алымкулдун ушинтип алдыда турган иштерди улуу-кичүүлөр менен кеңешкени ар дайым ага жеңиш алып келип, абрoю ого бетер көкөлөгөн. Анын мындай ыкмасы Алымкулдун иштин көзүн туура баамдаганын түшүндүрөт.

Ошол кезде Өзгөндөн кол жыйнаганы кеткен Кошчу датқадан кабар кечигип жаткан. Эртеси молдо Алымкулга Кудаяр кан Анжиянга аскерин алып жөнөдү деген кабар жетет. Аскерди ким башкарып келатканын сураштырса, Султан Муратбек (Кудаяр кандын иниси) баштап келе жатканын айтышат. Аскерди баштап кирчү Канатшах кайда экенин сураса, кабар жеткирген жигит Канатшах Кудаяр кандын жазган катын Букардагы эмирге жеткирип, андан артка кайтпай калганын билдирет. Көрсө, Кудаяр кан Канатшахтан Букарга кат жиберип, эмирге ыраазылык билдирип, Канатшахты өлтүрүп салуусун өтүнгөн экен. Букар эмири анын көзүн тазалап койгон болот.

***

Алымкул аскер башы Кокон кандыгында жети жылдан ашуун турат, ордонун жогорку мамлекеттик кызматында мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн жан аябай иштейт. 1858 – 1862-жылдары Малабек канга кызмат кылып турганда ордодо козголоң башталат. Козголоң күчөгөн 1862–63-жылдары Алымкулдун чечкиндүүлүгүнүн, акылмандыгынын натыйжасында, башкарууга жөндөмү, таланты зор болгондуктан ал Кокон кандыгын Букар эмири Музаффарга күнкор кылбай, ордону сактап калган.

Бийликтин алмашуусу Кокон кандыгынын аброюн түшүргөн, элдин ынтымагы бузулуп, кандык экономикалык оорчулукка туш келип турган кезде (1962 – 63-жылдары) Букар эмирлигинин Кокон кандыгына кысымы күчөйт. Алымкул аскер башынын кыраакылыгы, чечкиндүүлүгү мына ушул кыйын кезеңде билиниди, Кокон кандыгынын өз алдынчалыгын сактап калууга ал өз кара башынын камын ойлобой, кандыктын бүтүндүгү үчүн чоң иштерди аткарат. 1863-жылы 9-июлда Маргалаң аймагындагы Жармазар деген жерде Кокон кандыгынын бардык аймактарынан кыргыз, казак жерлеринен, Фергана өрөөнүн жердеген калктардан, Маргалаң, Анжиян (Жалал- Абад, Көгарт өрөөнү), Ош, Кокон, Шарихан, Наманган, Чуст, Олуя-Ата, Түркстан, Пишпек, Токмок, Узун-Агач, Ташкен жерлернин белдүү эл башыларын, бийлерди, аким, даткаларды, аалым, уламаларды, миң башы, жүз башыларды жыйнап курултай өткөрөт. Ошондо Алымкулдун мыкты стратег аскербашчы экендиги даана көрүндү, айласы куруп, түп орду менен жок болуп кетүү коркунучу турган кандык сакталып калды.

Курултайга келген конокторго сый көрсөтүп, миңдеген улуу адамдардын баардыгына чепкен жаап, аталган иш-чараны марттык менен мыкты өткөргөндүгү эл арасында даңазага айланды. Кокон кандыгына баш ийдириип, мөөрлөрүн бастырган келишим түздү. "Баарыбыз бир кандыка биш ийсек гана чоң өлкө болобуз, кандыктын аймактары кеңейет, -" дейт Алымкул. Курултайда Коконго кан шайланды, кандыктын аймактары кеңиди. Курултайда Кокон уламаларынан Ноокаттын Төөлөс (Жүлгө айылы) айылынан, кыргыздын төөлөс уруусунан Зиявиддин Максым Шарип уулу (өз аты Маматкары) Алымкулду

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483779

кандыкка сунуштаса, ал кызматтан сыпайылык менен баш тартат. Көзү өтүп кеткен Мала кандан калган туяк Султан Сейитти Намангандан алдырып, ак кийизге салып кан көтөрөт. Ошол кезден баштап бийлик башында Султан Сейит олтурса да бардык маселелерди чечүү Алымкулдун колуна өттү. Кокон кандыгынын ички-тышкы саясатын жүргүзүү, казынаны толтуруу, маанилүү иштерди көзөмөлдөө Алымкулга жүктөлдү. Ордонун жооптуу кызматтарына тиешелүү адамдарды бекитип, буйруктарды чыгарып, аскер кызматындагы жигиттерди, аттуу сарбаздарды, нөкөрлөрдү согуш талабына ылайык курал-жарак, жоокердик кийим-кече, акы төлөө менен камсыздоо жагын толугу менен өз колуна алды, аларды убагында камсыздап турду. Кандыкты башкарууга зор таланты, мүмкүнчүлүк, жөндөмү, жоопкерчилигин мыкты аткарып кан ата, Алымкул аталык атагын алды.

Султан Сейиттин кандыкка келиши менен эл алдында «Эмирлердин эмири» жана «Аскер башы» наамы Алымкулга ыйгарылып, өлкө башынын чоң жоопкерчилиги мойнуна жүктөлдү. Ошентип Амир Алымкулдун бийлиги башталат.

«Журт башкаруу, бардык буйруктарды чыгаруу, кызмат адамдарын дайындоо, өлүм жазасын белгилөө, бардык салыктарды көзөмөлгө алуу иштери молдо Алымкулга жүктөлгөнү тууралуу жарлыкты мен өз колум менен жазып, кандын мөөрү басылып, Коконго жөнөп кетишти» («Жалын» 78-бет) деген Молдо Жүнүс Муншийдин маалыматы бул фактыларды тастыктайт.

Аскер башынын тапшырмасы менен Ферганнын жер-суулары, салыктары, курал-жарак, аскер күчтөрүнүн эсеби жазылган дептер Молдо Жүнүс Муншийге катуу көзөмөлдөө

үчүн чоң белек менен тапшырылган. Мына ушинтип аскер башы Алымкул абал оор кезде кандыкты башкарууга жөндөмү, зор таланты болгондуктан Султан Сейит кандын *аталыгы болуп, Кокон кандыгын бийлөөнү колуна алган.* Аскер күчтөрүн мыкты деңгээлге өстүрдү, согушка даярдыгын күчөттү, курал-жарактарды көбөйттү. Мылтык, ок-дарыдан башка атчан, жөө аскер үчүн темир усталар миңдеген кылыч, найзаларды жасоого киришти.

***

Алымкулдун согуш ыкмасын үйрөнүүсү жогоруда эскерткендей жаш кезине туура келген. Ак Мечитте жигиттерин, шаардыктарды урушка даярдаган чагында 18-19 жашта болчу. Орус баскынчыларына каршы күрөшүүгө аттанган учуру деле жаш кезине туура келген. Кең далы, бадам кабак, булчуңдары чыңалган, сулуу, келбеттүү,сөзү таамай, кабылан шердей сүрүнөн баары айбыккан.

Анжиянга кыргыз аймагы Жалал-Абад, Сузак, Таштак (азыркы Барпы айылы), Көгарт өрөөнү, Базар-Коргон, Масадан айылдары караган. Ошол эле Кокон кандыгы, кийин орус падышалыгы кезинде элге кеңири белгилүү Сейдакмат казы Медеров Анжиянда казы, судья болуп иштеген. Ал кезде Анжиянга Качкынчы, Кутчу, Багыш, Таштак, Жийде, Сузак, Кызыл-Сеңир, Ак-Мечит, Кара-Дарыя, Чаңгыр-Таш, Кара-Булак, Ак-Токк, Кара-Алма, Көгарт өрөөнү караган. Айтылуу казы аймактан келген адамдардын маселелерин чечип берген. «Анжиян боюнча казы» дегени мурда ошол ири аймак жалпы Анжиян уезди деп аталган. Сейдакмат казы Медеров ошол аймактын белгилүү кишиси болгон, ал жерде кыргыздын көп уруулары жана өзбектер жашаган.

***

Жаз, анан жай, күз. Күндөр зуулдап өтө берет. Эки эркек кобурашып олтуруп, Бүмайрам ашты демдеп келгенде кызуу сөзгө кирип калышкан эле. Осмон аксакал жаш Үмөтбай менен ата-бабаларынын бүт тарыхын саймедиреп, Отой уруусунун аттуу-баштуу уулдары тууралуу чоң атасы Найман көсөм менен атасы Алайбай аксакалды эскерип отурушту.

Кадимден элге белгилүү Кызыл-Кыя, андан Кара-Жыгач айылы, Ак-Терек сайы... Кара-Жыгач айылынан түштүккө карай Исфайрам суусун бойлоп жүрүп тоого чыксаң, атагы Борбор Азия, араб мамлекеттерине чейин таанымал болгон касиеттүү, дарычылыгы менен даңазалуу Бант суусу бар. Негизги эл Исфайрам дарыясын бойлой жайгашкан. Ал жерди Кызыл Найман калкы жердеген. Ошол элдин ичинде Отой уруусунан элге белгилүү Үмөтбай молдо жашап өткөн. Ал Кара-Жыгач айылындагы Ак-Терек сайын ээлеген. Жыл сайын жайлоодон көчүп келгенде өзү Ак-Терек сайында кыштап, төөлөрүн, жылкыларын тоонун койнуна калтырчу, маал-маалы менен барып, кабар алып турчу.

*«Банттын суусун ичкен барбы, улар этин жеген барбы?» деген ылакап айтылат Каражыгачтык элде. Банттын суусун ичип, улар этин жеген адам өзү да башка адамдар үчүн таберик, ыйык дары болот деп мага датканын туугандары бышы кулак кылып көп айтышкан.*

Ташбек датка Отой уруусуна таандык. Чоң атасы Найман, андан Алайбай, андан молдо Үмөтбай, андан Анарбай менен Ташбек эки уул.

***

Ташбек датка айтылуу Ак-Терек сайды жайлап, атасы молдо Үмөт, апасы Бүмайрам байырлаган жерлерди жердеген. Ташбек датканын сөөгү Ак-Терек сайындагы өзүнүн кыштоо конушунан 12 чакырымча ыраак Кара-Жыгач айылынын этегиндеги Ак-Терек мазарына коюлган.

***

Арадан бир нече жыл өтүп, ордодо далай төңкөрүштөр, өзгөрүүлөр болду. Кудаяр кан Букарга качып кетип, ордуна Мала кан отурган. Кийин Мала кан киши колдуу болуп өлүп, Шаа Мурат, андан соң ордун Мала кандын 12 жашар уулу Султан Сейит ээлеген. Молдо Алымкул Кокон кандыгында Амир, аскер башы аталык милдеттеринде болсо да, иш жүзүндө кандыкты өзү башкарган өкүмдар.

Молдо Алымкул бир күнү Малаканга кеп салып: «Тоо-кырдагы акыл-эстүү жигиттерден ордого чакырсак»- дейт. Анан Ташбектин дарегин жазып кабарчыларын тоо-кырга жөнөтөт. Кокон кандыгында белгилүү болгон Алымкул аталык арадан бир нече жыл өткөндө, 1858-жылы Мала кандын доорунда ордого Ташбекти чакыртып алат.

Жазга маал эл жайлоого көчүүгө камынып жаткан мезгилде ордодон Ташбекти чакырган кагазды кабарчы жигиттер апкелип молдо Үмөттү таап, колуна беришет. Кокон ордосунан келген жигиттерге даам сыздырып, рахмат айтып узаткан соң Үмөт ойлонуп-ойлонуп: «Бу кан ордосуна Ташбекти чакырганы эмнеси, бир айып иш кылды бекен?» деп кеңешүү үчүн отой уруусунун аксакалдарын, тууган-уругун чакырды. Жылкы союп, улуу-кичүү эл билермандарын, кошуна, тууган-уруктарын жыйнады.

Чакырылган эл тамак-ашка карап, эт тартылып, баары кобурашып, тамыр жайыла, бешене тердеп олтурганда болгон ишти ортого салат.

- Урматтуу авалар, аксакалдар, эл билермандары. Кокон кандыгынан ордо жигиттери келип, Ташбекти Кокон кандыгына чакыруу кагазын берип кетишти. Эл арасында балам айыптуу иш жасаса менин кабарым жокпу? Эмне айыбы бар айтылбады.

Аксакалдар катты окутуп угушуп,

- Үмөтбай, Ташбек Кокон кандыгына чакырылгандай эл арасында айып иши жок, ар дайым калктын, бей-бечаранын жеңилин жерден, оорун колдон алып, улуу-кичүүгө жакшы мамиле жасап жашап жүрөт.

- Ордого балким, мындай эстүү жигиттер керек болуп аткандыр. Жибербесең болбойт. Барып, кабарын билип келсин, – деп чечишип, баталарын беришти.

Узак жолго даярдык көргөн соң жанына сомодой болгон төрт жигитти кошуп, Коконго аттандырышты.

Жол азабына кайыл болушуп, конуп-түнөп, ат арытып келип, кан ордого чакырылган жарлыкты көрсөтүштү. Дрбаза кенен ачылып, бардыгын дароо ордого киргизишти. Ордодо олтурган Молдо Алымкул сырттан таазим кылып, кол куушуруп кирген Ташбекке.

– Мени тааныдыңбы? Сен мени карыздан куткарган Молдо Алымкулмун. Сени чакыртканымдын себеби, Кокон ордосунда сен экөөбүз чогуу иштейбиз,– дейт.

Ак-Теректен бирге келген жанындагы жолдошторуна конок катары сый көргөзүп, кымбат белек берип: «Кара-Жыгач айылына жакшы кабар менен баргыла, Ташбек ордодо калып иштей турган болду дегиле», – деп жигиттерин элине кайра жөнөтөт. Ташбек ошентип ордодо

иштеп калат. Айылга келип жигиттер Молдо Үмөткө, айыл аксакалдарына кан ордосунда Молдо Алымкул аталык менен Ташбек бирге иштей тургандыгын айтышат. Ошентип турмуш өз нугунда мезгил чамгарагына баш ийип, билинбей өтүп жатты.

***

Султан Сейит жаш кандын маалында Алымкул аскер башы бир жылда Кокон кандыгына архитектуралык өзгөчө мунаралары бар жаңы кан сарай курдурган. Анын дарбазалары кооз, көрүнүшү салтанаттуу, жасалгасы көрктүү болуп мыкты усталардын колунан жасалды. Ал кан сарай ошол мезгилде эле «Алымкулдун ордосу» деп аталып, сырттан келген адамдардын кызыгуусун арттыргын.

Акылы зирек, баамдуу жигит Ташбекти Алымкул ордодо вазирлери менен кошо алып жүрөт. Бара-бара ал төртүнчү вазири болот. Алымкул аталык бир күнү жаңы салдырган ак сарайдын бир бөлмөсүнө кирип олтурары менен бата кылып, эки жакты карап туруп, вазирлерин тымызын сынамакка, туюгунан эле: «Чакыргыла! Апкелгиле!» деп кыйкырып калат. Вазирлери арты менен кетенчиктей сыртка чыгып: «Эмне деди, кимди чакырабыз, эмнени апкелебиз?» - дешип баштары катат. Кечке уу-дуу болуп жүгүрүп жүргөн вазирлерден Ташбек сурайт экен.

- Эмне болду акелер?

Бир тобу бу эмнени билмек эле деп тоотпосо, биреөсү болгон ишти айтып берет.

Анда Ташбек,

- Кан ата ошол мезгилде кандай абалда олтурду эле? – десе:

- Кирип бата кылып, жаздыкты чыканактап олтурган,- дешиптир.

- Анда устаны апкелүү керек.

Бул сөзгө ишенип-ишенбей устаны алып келишет.

Уста киргенде:

- Бир сыйра кара, каери кандай? - дегенде уста шыптын бурчундагы кыйшык олтурган уваса жүптү (шыпка тизилген полдун паркети сыяктуу жыгачтар) көрүп, Амир Алымкул аскер башыга колун куушуруп жүгүнүп, кечирим сурайт:

- Кечиресиз таксыр, тезинен оңдоп коём,- деп эки колун көкүрөгүнө алган бойдон арты менен басып чыгып кетет.

Сыртта кээси улам ары-бери басып, «Амир Алымкул аскер башы эмне үчүн бизди удургутуп, убарага салып жатат» десе, биринин ичинде кара таруу айланбай кыжырданып олтурганы да болот. Көптөн бери кандын вазири болуп келген айрым билермандар Ташбектин сергек акылын жактырбай, сиркеси суу көтөрбөй тургандары да болду.

Уста сыртка чыгып кеткенден кийин Алымкул жанында жорголоп жүргөн вазирден сурады:

- Устаны ким чакырды?

- Каным, биз чакырдык.

- Силерге ким айтты, устаны чакыр деп? – деди Амир Алымкул аскер башынын үнү өкүм чыгып.

- Ташбек вазириңиз... – деп жер карап жооп берди.

Амир Алымкул аскер башы ичинен жымыңдап, башка тапшырмаларды бергенге өттү.

***

Жай саратан бүтүп,Амир Алымкул аскери менен Ташкен тараптагы жүрүштөн келатканда, суу бойлой өскөн дарактарды пааналап олтуруп калышат. Тамак жеп, чай ичкенге дейре булактагы сууга бети-колун жууп бүтүп, бетин сылап:

- Алып келгиле! - деп буйрук берди.

Заматта Амир Алымкул аскер башынын кимди, эмнени апкелүү керектигин айтканын түшүнбөй, вазирлери чаң-тополоң түшүп, бири-биринен сурап кыйла убараланып калышты.

Ташбек муну байкап калып, дайым сырдашып, акыл кеңеш берчү вазирден сурады:

- Аскер башы катуу буйрук бергенде кандай абалда эле?

- Бети-колун жууп, анан бетин сылап, сүлгү менен аарчынган кезде айтты эле, - деп ага ал-жайды түшүндүрөт.

- Ээ, анда чачтарачты алып келгиле деген тура, чачтарач сакал-мурутун тегиздеп, чачын алса, жүрүшүбүз аяктап калган го сыягы, чачтарачты алып барыңыздар,- дейт Ташбек.

Амир Алымкул аскер башынын жанында жүргөн вазирлер чачтарачты алдырышат. Жанында кызмат кылгандарды сынап, аны бардык шартта Ташбек жигит туура таап, аскер башынын буйругун так аткарып турганы Алымкул аталыкка жагат. Ташбектин өтө баамчыл, акылдуулугуна тан берип, ичинен ыраазы болот. «Бул жигит кийин менин жанымда өтө ишенимдүү амир болууга татыктуу» ,- деп баалаган экен.

*(«Ташбек датка».1993-ж. 12-бет)*

Ушундай бир нече сыноо болгондо кан Ташбектин акылдуулугуна тан берип, маанилүү маселелерди талкуулга келгенде калган вазирлерин сыртка чыгарып жиберип, Ташбек менен акылдашчу болот. Далай татаал, тобокел жараткан маселелерди Ташбек менен кеңешип, чечип жүрдү.

Кайдагы бир алыскы тоолуу айылдан келип, ордодо манилүү кызмат өтөп, кадыры өсүп бараткан жигитти – Ташбекти кан сарайынан жок кылуу максатында вазирлер уюшуп, жан-жөкөр болуп жүргөн бир нече ордо вазирлери акылдашып, Амир Алымкул аскер башыга жамандап кирүүнү чечишти.

Кан аталыктан алыстай түшкөндөрүн байкап, кутум ойкорун ишке ашырууга аракеттенишет.

- Сиз жакшы көргөн вазириңиз көрөр көзүңүз менен байланышы бар, – деп айтып чыгышат.

Ар заманда бийлик талашуу, көрө албастык, атаандашуу болуп келген эмеспи. Да бир себеби, бир күнү Кокон кандыгына тиешелүү Кашкардан Бузурук кожо:«Мага жардамчы жөнөткүлө, жалгыз кыйналып калмай болдум», – деген кабар жиберет. Ал кезде орус падышачылыгы Ак-Мечитке, Түркестанга кирүүгө катуу аракет жасап калган кези болчу.

Ордодон кеңешип, Ташкенден Жакыпбекти алдырып, Кашкарга жибермек болот (Ал 1864-жылы Кашкарга Бузурук кожого жардамчы болуп кетет). Жакыпбек келип: «Мага Ташбекти кошуп бериңиз», - деп суранат, бирок Ташбек: «Элимди, жеримди таштап, Кашкарга бара албаймын», – деп Жакыпбекке көнбөй койгон. Ошондо Жакыпбек: «Кап, сениби, жолун таап каныңды забын кылам», - деп кекенип, эки жигитке эки чыны алтын

карматып: «Амалын таапТашбекти жок кылгыла» – деген тапшырма берет.

Ошол Жакыпбектин ордодогу эки жигити айгакчылык кылып жүрүп, Молдо Алымкулга «Ташбек кичүү аялыңыз менен жакын мамиледе», – деген жалган жалааны айтышкан.

Кирпик ирмелбей баарын так байкаган Алымкул аталык өзүнө жаманатты кеп жуктурбоонун айынан Ташбекти вазирлердин айткан сөздөрү үчүн дарга астырмак болот. Жанында жүргөн кошоматчы жан-жөкөрлөрүнө дар курууга буйрук берет.

Ташбек ал жөнүндө кабары жок, кан ордого келип, иштерин чечип берүүсүн суранган караламандын арызын угуп, ордого келсе, дайым ага ылым санап сырдашып жүрчү, санаалаш вазирлердин бири алдынан чыгып, аны издеп жүргөнүн айтты.

- Жүрү, сүйлөшө турган сөз бар, – деп бөлмөсүнө ээрчитип барып, болгон окуяны айтып, шаардын ортосунда дар курулуп бүткөнүн маалымдады.

- Сен ордодон качып кетпесең, башыңды аман сактоо мүмкүн эмес. Бир айла тап, сени дарга тартып өлтүрөбүз деп жатышат,- деди вазир.

Айтылган ушак сөздөрдүн артынан кан аны дарга асмакчы болсо, Ташбек өзү бейкүнөө болсо да канга жаманатты көрүнүп калганына түнү бою уктабай ойлонду. Таңкы намазына чын дилинен жакшы ниет кылып, Жаратканга сыйынып бүтүп, молдо Алымкул аскер башы намаз окучу жайга келди. Бир башта баары бир бир өлүм, өзүнө жолугуп айтайын деп жоо кылычын тагына Ташбек келгенде Молдо Алымкул аскер башы намазын окуп бүтүп калган. Кантсе да улук кан мени өз колу менен өлтүргөнү оң,

жалаа жапкан саткындардын колунан өлгүм келбейт деген ою менен:

- Ассалоому алейкум улук кан ата, менден айып өтсө өз колуңуз менен өлтүрүңүз,– деп кылычын кынынан сууруп кош колдоп туурасынан кармап, башын ийип, Амир Алымкул аталыкка сунду.

Ташбектин жүрөктүүлүгүнө тан берип, ичинен ыраазы боло, кур жалаанын айынан эстүү жигит курман болбосун деп, кирпигинин ар ирмемин кылт эттирбей байкаган Амир Алымкул аскербашы дар даяр болгондуктан, Ташбекти аман алып калуу үчүн зынданга салдырды. Ич ара уюштурган ордо адамдарынын арам ойлору оңунан чыкпай, Жакыпбектин тапшырмасын аткармак болгон жасоолдор кан атанын буйругунун эмне себептен өзгөргөнүн түшүнбөй, маң болуп, ары-бери удургуп калышты. Кан ордодон айылдарга бардык кабар байма-бай каттаган адамдар аркылуу заматта жетип турчу.

Ташбектин зынданда олтурганы тууралуу кабар Кара-Жыгачта жашаган молдо Үмөткө да жетет. Атасы молдо Үмөт менен туугандары чогулуп, эмне себептен кеңешчи вазирди зынданга салганынан кабар алып келүү үчүн молдо Үмөттү айыл жигиттери коштоп ордого жөнөйт. Алымкул аталык молдо Үмөт баш болгон өкүлдөргө Ташбекке жолугуу үчүн уруксат берет. Ордо жигиттери зындандан Ташбекти чыгарып, сакчылар үйүнө апкелип, жанына тыңчы жиберет.

Атасы менен туугандары учурашып, эмне болгонун сураштырса, бир аз унчукпай туруп, баарын сыдыра караган соң,

- Ата, үйүмдүн түркүгү турабы? – деп атасынан сурады.

Анда молдо Үмөт:

- Ооба, түркүгү бекем турат, - деди да, уулу менен коштошуп, туугандарын ээрчиткен боюнча үйүнө, Кара-Жыгач айылына жол жүрүп кетет.

Тыңчы бул укканын Алымкул аталыкка барып толук бойдон айтып берет. Амир Аскер башы Ташбекти зындандан алдыртып сурайт:

- Эл-журтуңду сурабай, үйүңдүн түркүгүн сураганың кандай?

- Таксыр, үйүмдүн түркүгү– бул аялым. Аял болбосо үйүм тозуйт, тууган-уругум алыстайт. Аял кетсе ырыс-ынтымак кетет, элим да менден алыстайт. Ошондуктан аны сурадым.

Ташбектин бул жообу Алымкулга жагат. Алымкул аскер башы эркектер үчүн жакшы аял затындай ишеничтүү, бекем сүйөнөр тоо жок экенине дагы бир ирет ынандырды.

Ошол кезде дайыма 11-12 кабарчы жигиттер Кокон хандыгынын ордосунан Кашкарга каттап, маанилүү кабарды эки тарапка жеткирип турчу. Жакыпбектин иши анча ордунан жылбай турганын, ага жакшы билерман аскер башы, кеңешчи керегин бир нече жолу кабарчылар айтып келишкен. Ушул сүйлөшүүдөн кийин молдо Алымкул аскер башы ойлонуп, Ташбекти душмандары ордого батырбайт, аны бул жерден башка жакка жиберсем, тирикарак, акылдуу жигит элге жакшы кызмат кылат эле деген бүтүмгө келет. Ташбектин Кашкарга керек экенин эске алып, ошол окуядан көп өтпөй, Алымкул аталык аны түнү зындандан бошотуп,ордого алдырып келип, бир кыйла кеңеш, насаатын айтып, датка деген буйрук жазып, мөөрүн басып колуна берет.

Ташбек жөнөп баратып, ошол кабарчылардын ичинен Буйга уруусунан Анарбай деген жигитти кошуп беришин

суранды эле, аны дароо ордого алдырдып, он беш жигиттин коштоосу менен Кашкар беттеп кетишет.
Ташбек, Анарбай экөө он беш жигиттери менен эки-үч күн жол жүрүп, түнү Үч-Коргонго келип, туугандарына кайрылбастан Исфайрам дайрасынын күн чыгыш тарабы менен Кашкарга жол жүрүп кете беришти.

Күнү-түнү жол жүрүп, Кашкарга жеткенде ичкери кирбестен шаардын сыртына токтоп, Анарбекти Жакыпбектин ордосуна жиберип жатып Ташбек датка:

- Анарбай, Жакыпбектин ордосуна барганыңда атыңды ордонун четирээк жагына чылбырын бошураак байлап калтыр, эгер шашылыш шарт болуп калса, буйдалбай атты тез минип чыгасың. Анан кан ордого кирип, Жакыпбек менен амандашкан соң айткын:

– Каным, Кокондон бир зарыл кабар бар, бир кашык канымды кечсеңиз айтайын,- дегин. Кандын пейили ачык болуп: «Каныңды кечтим» – десе, мага белги бересиң, биз ушул жерде күтүп турабыз, – деп жөнөттү.

Анарбай кан ордого кирерде, Ташбек айткандай аттын чылбырын даракка бош байлап ордого кирсе, Жакыпбек Анарбайдын сөзүн угуп: «Кашык каныңды кечтим», – дейт.

- Каным, бешим болуп калыптыр даарат алып келейин, намаз окугандан кийин узак сүйлөшөбүз, - деп сыртка чыгып, атын чапкан бойдон Ташбекке келип:

- Жүрү, каныңды кечтим деди, – деп ээрчитип ордого экөө киргенде, Жакыпбек кан бул иш да Ташбектин акылман айласы экенин билип, кучагын жайып тосуп алды.

Ташбек Жакыпбек менен вазир-аскербашчы болуп, кыргыз эсебинде он эки жыл чогуу иштеди. Жети шаарды бириктирип, аскерлери менен барып көз салып, керектүү маселелерди чечип турду. Замандын оош-кыйышы элди

басмырлаган кез. Кашкарда туруп Кара-Жыгачка, суу келбеген жерге арык каздырды, кара топуракты жеп, суу арыктан чыгып кетпес үчүн, арыктын ичине ажырык чөптүн тамырын, элден топтоп таар, кийиз салдырып чекесин ороп-чулгап, таш чаптырып четине тиздирип, арык сакталыш үчүн көп аракеттер менен кышта туш тарабын бекемдетип, жазда суу бурганга даярдатып, жигиттерин, сууга кызыкдар элди иштетти.

Жазга маал арыкка сууну коё беришти. Дарак суу ичип, айыл көрктөндү. Элдин кубанычы койнуна батпай, Ташбек даткага чексиз ыраазылык билдиришип, ал арыкты «Ташбек арык» деп атап, суунун шарапаты менен санжыралуу турмуш кечиришти. Кашкардан Коконго келген кабарчылар Кара-Жыгач айылына Ташбек датканын салам-дубасын бузбай айтып келип, элинин жашоо-турмушу тууралуу аны да кабардар кылып турушту. Кашкарда жүрсө да өз тууган элин унутпай, мүмкүн болушунча аларга кам көргөнүнүн ооздон-оозго айтылып, эли-журту сыймык тутушту.

Ошол жылдары кургакчылык өкүм сүрүп, Алай тоолорунун этегине айдаган эгиндери түшүм бербей калып, каатчылык каптады. Эл ун-талканга жетпей, ачарчылык өкүм сүрдү. Мындай суук кабар Ташбекке жеткенде ал Кашкардан он төөгө жыйырма чейрек буудай жүктөтүп, элине жиберген. Алайдагы Теңизбайдын ашуусунан төөлөр түшө албай калганда алдуу-күчтүү сексен жигит Дароottон Чатка чейин кап-кап буудайды ашуудан жөө ташып түшүрүшөт. Ташбектин айтканы боюнча ал буудайдын бир бөлүгүн элге жегенге бөлүп берип, бир бөлүгүн сатып, элге эчки алып беришкен. Эл өзөксүбөй эчкинин сүтүн саап ичип, кийинки жылы эгин бышкан маалга чейин өзөк жалгап,

ачарчылыктан чыгып кетишет. Буудайдын үчүнчү бөлүгүн ошол жигиттер үрөн кылып, Тактектен Тамашага чейинки далай жерге нooруз күнү эгип бүтүшөт. Ал жылы түшүм жараткандын буйругу менен аябай жакшы болуптур. Ошондо бир тоголок буудай 15-16 баш болуп берекеси ашканда элдин маңдайы жарыла сүйүнүп, өздөрүнүн кулуну Ташбекке миң мертебе ыраазы болгондугун көпкө аңыз кылып айтып жүрүштү.

«Ошол жактан элдерге Ташбек 20 чейрек буудайды 10 төөгө жүктөп, Алайга жөнөтөт. Кабар бергенде 80 жигит чогулуп буудайды Дарооттон Чатка ташып бери, Тактектен Тамашага чейин эгип беришет. 20-мартта эгип, ошол жылы бир баш буудай 15-16 баш буудай болуп берген экен». (Өзбек Республикасынын Фергана облусунун, Кувасай шаарынын Лашкар айылынан Искандаров Миталип Ажы деген аксакалдын айткандары. 15.05.2018-жылы, Фергана.) Быйыл, 2021-жылы 21-23-январда мен да ал кишиге атайын Бишкектен барып жолугуп, кеңири маек куруп келдим. Миталип ажы Искандаров 92 жашта, күүлүү-күчтүү, бакубат жашап жүрөт.

Жакыпбек өзүн Бадөөлөт кан деп атаган, ал Ташбек менен иштешип турган чакта Чыгыш Түркстандагы жети шаарды өздөүнө баш ийдирип, башкарып турушту. Ошол мезгилде Улуу Британия Кашкардагы Жети шаар Түркстан мамлекетин баш ийген жети шаарын тааныганы Жакыпбек кан менен Ташбектин эмгектери текке кетпегенин далилдейт. Жакыпбек кан дүйнөдөн өтүп кеткенде (ага каршылаштары ордодо уу берип өлтүрүшөт) ордуна Ташбек датка башкарып калат.

«Баалабаса бак кетет, кубаласа кут кетет» дегендей Кашкардагы так талашкан душмандардын айынан Кокон кандыгына караган Кашкар вилояты, Түркстан мамлекетинин Жети шаар кандыгы Ташбек кеткен соң туш-туштан ыдырап бөлүндү.

***

Молдо Үмөттүн (молдо Үмөт арабча кат тааныган, билимдүү, пакиза, жөнөкөй адам болгон) Ташбектен улуу Анарбай деген уулу болгон. Анарбайдын чоң уулу Ариза, андан Тажибай, Тешебай деген эки уул. Тажибай оомал-төкмөл, оюна келгенди сүйлөгөн, каалаcа дербиш болуп кыдырып кеткен, жоокерчилик турмушта колуна курал алып, урушка катышканда далай жеңиштерди жараткан эр жүрөк адам экен. Кыялына карап аны Тажибай дубана аташкан. Ал кадимки эле мака-жүгөрүнүн 41 данын санап алып, төлгө салчу экен. Төлгө салганда алдындагы кишисинин келечегин, эртеңин, боло турган иштерин, тагдырын, адашканын, жакшылыгын так айтып, оңдолчу ишинин жолдорун да түшүндүргөн. Эл ага көп келип төлгө салдырып, туура кеңеш, насаат угуп кетишкен. Тажибайдын ачкан төлгөсү бардыгына жагып, өтө ыраазы болгондор туура чечилген маселелери үчүн ыраазылык билдиришкен. Өрөөндө өтө кадырлуу болгон. Ошол ачкан төлгөсүнө ыраазы болгондор эмне берсе алып, ошо менен күн көргөн дешет. Өзгөчө касиети Ташбек чоң атасынан өткөн өзгөчөлүкпү, жараткандын буйругу менен ата тектен баланын ар бирине ар түрдүү тагдыр берилет эмеспи.

Молдо Үмөттүн экинчи небереси Тешебай жоош-момун, ак эмгеги менен тирлик кылып өмүр кечкен. Бүгүнкү

күндө токсон жаштын ашын (2016-ж) ичип, небересинин колунда турат.

Молдо Үмөттүн улуу уулу Анарбай,
Андан Ариза, анын уулу Тешебай
Токсон жашты жыйып бүгүн үйүнө
Небереси Жеңиш менен жашаган.

Ризанын Тажибайы төлгөчү,
Кырк бир мака төлгө салса төп келген.
Эл ичинде чыгып турат далай иш
Зарыккан эл ал кишиге көп келген.

Тажибайдын олуялык иштери
Күчөп жылда эл ичине тараган.
Жөн кишинин гүл көңүлүн оорутпай
Дербиш сындуу чоң-кичүүнү караган.

Өттү дешет момун жашап дүйнөнү,
Молдо Үмөттүн небереси Тажибай.
А иниси кой оозунан чөп албас
Токсон жашты багып турган Тешебай.

***

Элибизде эзелтен аялдарды бекер жеринен үйдүн куту деп аташпайт. Эр адам үй-бүлөнүн чамгарагы болсо, аял ошол үй-бүлөнүн тулку бою. Чыгыш элинин акылмандары айткандай бул жарык дүйнө аялдардын асман-жердей болгон сүйүүсүнүн кубаты менен кармалып турат экен. Кыргыз аялдары үй-бүлөсү менен бирге жаз чыкканда жайлоого көчүшүп, жайды-жайлай тыным билбей үй тиричилигине керектүү иштерди бүтүрүшөт. Кошуналар

менен койдун жүнүн боёп, тытып, бир нече кийиз жасашып, бир канча жүндү түрдүү түскө боёлгонду эрте-кеч бошой калганда тытып, ийрип, беш-алты жаш кыз-келиндерди топтоп, байбичелер менен кеңешип килем соктуруп, айтор боз үйдүн ичи-сырты үчүн үзүк туурдук, түндүк жабуу, боз үйдү жапчуу өрө кийиз, эшме, сызма жип-шууларын жасап, чеберчилик менен далай иш жасалат.

Союлган койдун терилерин ашатып, ийлеп, бычып, тон тигип, кыштын камын көрүшөт, тынбай жай бою эмгектенген аялдар мыкты чебер эмеспи. Жерге олтурганда алдыларына сыз өтпөс үчүн эчкинин терилерин ашатып, ийлешип, постек-көлдөлөң жасашат. Ал эми жазгы кыркылган койдун жүнүн сабап, уйгагын терип, жууп, кашааларга жайып кургатып, тытып, анан ашар кылып бир тобу топтолуп, көрпө-төшөк кабышат. Жазгы жүн кийиз болуп кирбейт, жакшы жылуу көрпө-төшөк болот.

Уй, кой-эчкилердин сүтүн саап алып, күү челекти булак суусуна салып каймак бышып, сары май жасап, аны сызгырып, чөбөгөсүн өзүнчө, сары майын өзүнчө карынга куюп сакташат.

Кыргыздын таза табийгый тамактары буюмдарынан да калышпайт, сүттү уютуп, айран жасап, анан айранды ичишет, калганын сүзмө баштыкка куюп, сарыкканда, сүзмөнү казанга кайнатып курут жасашат. Жайлоо десе эле жайылып жатып калуу жок да. Кыргыздын салт-санаасын, аш-тойлору, жашоосу менен өрүлүп кайыш камчыдай бекем уланат.

Үй-бүлөнүн кышкы, узун сары деген жазгы үзүмчүлүк учурдун тамак-ашын даярдоо аялдардын милдети. Согумдун этин туздап, аны жакшынакай кылып сүрсүтүп

алышат. Дегеле үй-бүлөнүн берекеси аялзатына таандык. Берекенин ашып-ташуусу үйгө аялзаты менен кошо шар аккан тунук суудай кирип турат.

***

Мына кеч күз келди, эл жайлоодон көчүп , кыштоодо жашоо улана баштады. Үмөтбайдын аялы боюндагы баласын улам тепкилеген, ичинде туйлаган сайын, ичин сылап жалбарат "эстүү бол, элге кызмат кыл, адилет, уул бол кагылайын". Туйлган бала апасы сылаган сайын көңүлү тынчтанып калат. Бүмайрам боюндагы баласын чоң сүйүү менен көтөрдү. Жаратканга жалбарып улам жакшы тилектерди суранды. Бүгүн Үмөт молдо кыштоого келген малынан кабар алганы колоттогу Ак - Теректин батыш тарабындагы тоо боорундагы жайга кеткен.

***

Күздүн кабары билинип, дарактар жалбырагын күүп, күздүн кара суугу чучукка жете зыркыратып турган мезгил. Жайлоодгу эл кардын биринчи жааганына эле моюн сунуп, чөлгө көчүп түштү. Калк дыйканчылык менен алек, эгиндерин оруп, мөмө-жемиштерин жыйнап, сатканын сатып, калган кышка керегин ороолорго көмүп, бары-жогун ырастап, кыштан жазга чейинки оокат-тиричилегине ылайык камылга көрүп тыным жок.

Исфайрам суусу күркүрөп-шаркырап кирген кези. Пумга жамгыр жаады дегиче токтобой колотко агып кирет. Кара кочкулданып күркүрөп аккан суунун ал жээк менен бул жээгине өтүү үчүн эл жайык издеп, аттарын этиеттеп агымга ылайык кыйгачтата бастырып, үзөнгүгө чейин урунган суудан жаратканга жалбарып жүрүп өтүшөт. «От менен суу

– тили жок жоо» деп айтылгандай, жазда, күздө жээгинен ашып-ташып кирген суудан өйүз-бөйүзгө өтүү үчүн аттан ат тандашып минишкен. Кирген суу тобокелчиликти жана чабалдыкты жактырбайт. Эшекчендер менен жөө-жалаң жүргөндөр далай азап чегишкен, атүгүл курман болгондор да кездешкен. Андай кезде Ак-Терек сайы да ташкындап оңой менен кечүү бербейт.

Ак-Терек сайды жээктеген боз үйлер, Молдо Үмөт олтургузган түштүк беттин тескей боордогу эки чоң түп ак терек шамалга боюн ыргап шуудурап, өткөн менен кеткенди ойго салат. Жаратkандын кудурети менен молдо Үмөттүн кыштоосу өзүнчө эле эки тоонун койнуна жайгашкан жашыл жайык өрөөн. Жумурткадай аппак боз үйдүн алды жагында тирилигин жасап жүргөн ак жоолугун чекесине кайтакы кылып салынган, бой-сымбаты келишкен жылдыздуу Үмөтбайдын келинчеги Бүмайрам. Анын жанында тун уулуу Анарбай. Өзүнөн чоң балдарды туурап, көк чыбыкты ат кылып минип, ары-бери «чапкылап» келип, апасынан сурайт:

– Атам качан келет апа, мен качан ат минем?

– Келет, келгенде минесиң...

Бала жооп алган соң кайра ойноп кетет. Кетип, кайра кайрылат:

– Атам келээр маал болдубу, апа?

– Тиги дөбөгө чыгып колоттун этегин карап келчи, көрүнөбү?

Бала дөбөчөнүн этегине чейин жүгүрүп барып, анан «атынан» түшүп, тырмышып үстүнө чыкты да:

- Ана, атам келатат, барам! – деп кайра апасына жетип келди. Бүмайрам баланы колуна көтөрүп, күйөөсүн утурлай

басты. Үмөтбай да кашка жоргосунун тизгинин жыя кармап жетип келди.

- Уулуңуз ат минем, - дейт.

- Келе анда, Анарбай баатырды өңөрүп алып айлантып келейин. – Анан баланы карап: – Же өңөртпөй эле учкашып аласыңбы? – деди.

Бала башын чайкап койду учкашпайм деген кыяста.

Анан атасы Бүмайрамдын колунан эки жашка чыгып калган баласын өңөрүп, Кара-Жыгач тарапка бастырып кетти.

Жолдо баратып аялы Бүмайрамдын: «Кекилик жегим келди, булак башына желе коюп, кекилик түшсө ала келиңизчи» – дегенин «Күмөнү бар экен да, кекиликке талгак болгон тура» деп ичинен кымыйып кубанганын эстеди.

Бая таң ата Үмөт колоттун төрүндөгү төөлөрүнөн, жылкыларынан, мал-жандыгынан кабар алганы кетип баратса ошентип Бүмайрам суранган. Баратса дөңдөгү булак башындагы кырда кыргый олтуруптур. Булакка түшүп, куштар баары бир суу ичет, мен төө – жылкылардан кабар алып келгенче булактын четине тузак жайып кетейин, балким ушу кыргый ылдый түшүп, суу ичээр же кекилик келип калаар деп желени жайып кеткен. Кайра келип караса, тузакка ошо өзү көргөн кыргый түшүп калыптыр, аны кармап союп, жүнүн тазалап жулуп, Бүмайрам анын кыргый экенин мен айтпасам кайдан билет деп кисесине байлап келип, келинчегине берген. Келинчеги сүйүнгөн бойдон бышырып жеп алганын бир сыйра сыдырып оюнан өткөрдү.

Сырдуу дүйнө кыйындыгы ушунда
Пендең аны байкай албайт учурда

Келген тура мазарларды тайынып,
Калбас үчүн капшабына тушунда.

Теңирине тоодо, түздө жалынган
Элге, жерге сурап, тынчтык, бактыны.
Урмат менен акылманды, улууну
Өз ордунда сыйлай билген жакшыны.

Ырыс, ыйман ынтымакта эл менен
Мамыр-жумур жайлоо, түзүн жердеген.
Каада-салтын бекем күткөн калың журт
Оңой менен «жүр-нарыга» келбеген.

Ак-Теректе молдо Үмөттүн айылы,
Кош бойлуу эле Бүмайрам зайыбы.
Эл катары түтүн булап боз үйдөн
Чыгып турчуу тегерекке жарыгы...

Арадын айлар өтүп, келин төрөй турган мезгилде молдо Үмет үйдө жок эле. Бир кезде Бүмайрамдын эти ооруп, толгоосу башталды. Жакын тегеректе жашаган кошуналары кыштоого али келе элеги билинди. Биреөнү жардамга чакырайын десе боло турган эмес. Эпчи тараптагы идиш-аяктар илинген кызыл четин түркүктү карманып, чыркырап бакырбай эрдин бекем тиштенип, жаратканга жалбарып, анын колдоосу менен аман-эсен төрөп алды. Баланын киндигин өзү кесип, баланы орогонго даярдаган шейшепке чүргөп, ыңаалап бакырып ыйлаганына карабай белин бекем бууп байлап, үйүн тазалап, эми жаны жай алган кезде, баарын жайына келтирген соң наристени эмизе баштады.

Сыртта күздүн күнү ачык, шаңкайып тийип турган, айыл тынч, эч ким жок эле. Көктө кылайган булут жок, асман көпкөк, күн шаңкайып тийип турган. Бир маалда ит үрө баштап, тез эле тынчып калды. Эркек кишинин доошу угулду. Бүмайрам сыртка чыкса, ак селдечен, аппак сакалы белине түшкөн, ак чепкен кийген жылдыздуу карыя турган экен. Келин карыяны тике караганга батынбай, ызат этип, жүгүнүп салам айтты:

– Арыбаңыз ата, келиңиз…

– Бар бол балам, наристеңди бери алып чыкчы, көрөйүн, – деди аксакал адам.

– Азыр... – деп Бүмайрам кайра боз үйгө кирип, чүргөктөгү уулун алып чыкты. Аксакал адам баланы колуна алып, колу менен наристенин чекесинен сылап өөп, чепкенинин оң этегинин пешине салып, үч жолу тоголотту да: «Оомийин, элдин керегине жараган эр адам болсун!» – деп алакан жайып, батасын берип, кайра Бүмайрамга карматты. Баласын үйгө алып кирип жаткызып коюп: «Үйгө кирип, ак ичиңиз, ата» дегени кайра сыртка чыкса, селде оронгон аксакал адам эч жерде көрүнбөйт, көздөн кайым болгондой. Келин боз үйдүн арка -алдын карады, ары-бери жакка көз жүгүрттү, айлананын баары тыптынч, өрөөн баягыдай эле өз ордунда мелтиреп турат.

Эзелтеден касиеттүү жер экен,
Молдо Үмөт жердеп жүргөн Ак-Терек.
Колот ичин чеп сыяктуу тоо коргоп,
түштүк боордо көк тиреген кош терек.

Мал жайыты, шыңгыраган кашка суу,
Жайын-кышын жашайт эли ынтымак.
Үйдө жалгыз, толгоо тарткан Бүмайрам
Уул төрөдү бакан кармап чыркырап.

Сырттан бирөө добуш салды, келин бат
Чыкса сыртта, ак селдечен карыя.
«Арыбаң ата»... Келин ага жүгүндү,
«Бар бол балам, бер, көрөйүн уулуңду».

Колун өптү сылап бөбөк маңдайын,
Ымыркайды карап жумшак бетине.
Салып анан этегинин пешине
Ары-бери томолотту кичине.

«Эл уулу бол, акылы мол, эр жүрөк,
Болсун Ташбек, ме, уулуңду ала гой».
Бата берип, алаканын жайды да
Бумайрамга айтты: «Эми бара гой».

Уулун үйгө алып кирип, бир кесе
Ак ооз тийиң дегенчекти Бүмайрам,
Шуудураган ак тереги, киши жок
Көзгө илинбейт сураганга бир адам.

Сыртта эч ким жок, өрөөндө да, тектирде,
Көздөн кайым болгон экен карыя.
Кожо Кызыр келип атын койду деп,
Элге дароо кабар кетти жарыя.

Кызыр ата бешенесин баланын
Сылап өзү маңдайынан өпкөнү...
«Эл кызматын аркалоочу баатыр бол»
Бата берип, Ташбек атап кеткени.

Элге молдо Үмөттүн уулун Кожой Кызыр көрүп, бешенесин сылап өөп, бата бериптир деген кеп тарайт. Бул имиш кеп бүгүнкү күнү да эл оозунан түшпөй келет.

Тоолор, колот жүздөгөн, миңдеген жылдардан бери ата-бабаларыбыздын али бизге белгисиз сырларын ичине купуя сактап келатканы менен баалуу. Колотко барганда кимге болсун ата-бабаларыбыздын арбактары жылоолоп, бакыт-таалай, бейпилдикти үндөп тургандай таасир калтырганы чындык.

Кызыр ата кыргызды эзелтеден колдоп келатканы жөнүндө ар кандай аңыз сөздөр айтылат. Андай сөздөрдүн көбү Кызыр Алейсалам эл башына күн түшсө, ал элге ак дилдүү, ак ниеттүү, эл керегине жарачу, ыймандуу уул-кыз келерин алдын ала айтып, элдин тилегин кабыл этет. Касиеттүү Кызыр ата алдынан чыкса, паам-парасаттуу адам саламдашканда дароо анын бармагын кармап, тилек тилешкен. Кызыр атанын бармак сөөгү жок болот дешет. Булар элибиздин башынан өткөргөн өзгөчө бир сырдуу, касиеттүү окуялары. Тааныш эмес аксакал адам алдынан кезигип саламдашса, колун коё бербей туруп бармагын кармап көрүп, этегине тооп кылып, тилек тилешкен, батасын алышкан. «Кызыр жылоолосун», «Кызыр Ата колдосун», «Жорткондо жолуң болуп, Кожой Кызыр колдосун» деп улуулар дайыма бата беришет. Кызыр ата жолугуп бата берсе, демек, батасын алган адам элге-журтка кызмат кылчу Кудайдын сүйгөн пендеси болот.

Мына ошол күндөрдүн эскирбес, өчпөс, булганбас касиеттүү таасирлери бул жашоодо маал-маалы менен элге жараян болуп турат.

***

Мезгил – зымырык куш дегендей айдан ай, жылдан жыл өтүп, Ташбек 5-6 жашка чыгып калганда анын комдонуп-комдонуп олтурганын көргөн атасы: «Баланын кыргыйдай сыны бар», – дечү экен. Ташбек айылдагы балдардан тирикарак, эстүү болуп чоңоёт.

Атасы молдо Үмөт аны башка балдар менен тең катар эле малын багып, төөсүн карап, кой-эчкисин кайтарууга жумшайт. Балалык кылып атасын нааразы кылбай, чоң кишидей акыл калчап жасаган ишине атанын купулу толот. Баласынын 10-11 жашка келгенде кат-сабатын жоюу үчүн Молдо Үмөт Букардагы белгилүү болгон аалымга жиберип окутту, ал эки жылдан соң окуусун бүтүп, кайтып келет.

Ташбек Букардан келгенде атасынын көңүлүнө жаккан, сабырдуу, оор басырык, сарасептүү, ар иштин маани-маңызына баа берип, атасынын көз кырында ар бир кыймылын кылт эттирбей баамдап турду. Үмөтбай уулунун мындай байкагычтыгына ичинен ыраазы болчу. Айылдан бирин-экин адамдар Маргаланга саткaны мал айдап жөнөп калса, көпчүлүк менен барып турмушка бышып, үйрөнүп келсин деген ойдо 15-16 коюн алдына салып берип: «Балам, эми сен чоңойдуң, тиричилик кылганды үйрөн, эл менен барып койлорду сатып, керектүү бумдарды алып кел»,– деп аларга кошуп жиберди.

Мал айдагандар түнү бир маал болгондо жолдо токтоп, тезек жагып, от жакалай олтуруп, улуулар сүйлөшүп, бул жол менен мал айдап, Маргаланга көп

каттаган Арстанбек башынан өткөн окуяларды айтып олтурду. Кезек менен уктап, малды ууру-бөрүлөрдөн сактап, эки адамдан кароолго турушту. Эртеси мал-жаны аман-эсен Маргалаң базарына эртелеп барып калышты. Мал базарда эл көп, кажы-кужу. Күүлдөгөн далдалчылар мал сатчу, мал сатып алчуу кардарлар менен: «Аа... жашаң ...барака тап, барака тап!»– (береке тап) деп колдорун катуу кысып алып силкилдете берип, ортодо далай акча өндүрүп алышат. Ташбек таңданган ушул ызы-чууга аралаш айдап келген койлорун сатты. Ак-Теректен чогуу баргандар да малдарын сатып бүтүп, Маргалаңдын ар түрдүү буюмдарды соода-сатык жасаган тарабына кирип, түркүн-түмөн буюмдуу, сырдуу базарды кыдырып, керектүү буюм-тайымдарын сатып алууга жөнөштү. Ал ортодо көпчүлүктүн көңүлүн бурган бир окуяга туш келишти.

Базардын орто ченинде эл топтолуп, 40-50 жаш чамасындагы жоон-жолпу киши, бадам кабак жаш жигитти колунан бекем кармап: «Төлө карызыңды, дагы канча күн күтөм?! Азыр төлөгүн!» – деп кызууланып toктобойт. Берки жаш жигит сөзү басымдуу чыгып: «Төлөйм, азыр эмес. Азыр акчам жок! Төлөп берем, качпайм, чыдап туруңуз аке» , – деп айтса да беркиси тигинин жакасынан кармап, муш жибергенге камынды. Бойлуу, сымбаттуу жигит, күч-кубаттуулугунан ал адамдын эки колун бекем кармап кое бербей айтканын басымдуу кайталады. Тиги кыргыз жигиттин убадасын укпай, бакырып сөгүнгөн өзбек киши экен. Ташбекти бул чатак таң калтырды. Көпчүлүк эл ал экөөнү тегеректеген боюнча тамашага батып карап турушту. Адамдардын кайдыгерлиги Ташбекти ого бетер таңдантып,намысына тийди. Ал топтолгон элдин арасынан суурулуп, алдыга өттү да, алиги кыйкырган адамга:

– Ушинтип чатак салып кыйкырбай акырын айтсаң деле берет да. Карызымды берем деп атпайбы, – деди.

– Сен бизге аралашпа, же аласамды сен төлөп берет белеӊ!? Бар ары! – деп тиги киши Ташбекке катуу айтты.

– Мен төлөйм, ме, керегин ал! – деп Ташбек белиндеги чарчысын чечип, малын саткандагы алтын теңге салынган саймалуу баштыкчасын чарчынын үстүнө таштады.

Ээ-жаа бербей бакырып жаткан алиги киши дароо токтоп, жаш жигиттен колун тартып алды. Кумсарган өңүнө кан жүгүрүп, акча салынган баштыктан бир нече тилла теңгени санап, калганын шайы чарчынын үстүнө кайра таштап, жигитке акырая бир караган бойдон элдин арасына кирип кетти. Ташбек да баштыкчадагы калган теңгелерин кайра баштыкка салып, чарчысына ороп, белине байлады да базар аралап жөнөдү. Алиги чыйылдаган кишинин колун кармап турган жаш жигит таң калган бойдон карап-карап туруп, эси оогондон карызын төлөгөн жигиттин кайда басканын да байкабай калды.

-Ташбек бир топ узап кеткенде жигит эми эсине келип, жардашкан элден:

– Жанагы жаш жигит кайда басты? деп сурады.

– Ана,тиги жакта кетип баратат, – дешип кол жаңсай көрсөтүштү.

– Ыракмат! Жигит, атыңды, жашаган жериңди айтып койчу? – деди артынан жетип келип.

– Мен сенден акча доолайт белем, аты-жөнүмдү сурабай эле кой, – деп Ташбек жылмайып, токтобостон кадам таштады.

– Баары бир аты-жөнүңдү айтып кой, сураныч...

– Исфайрам суусунун боюндагы Кара-Жыгач деген жерде, Ак-Терек деген сайда жашаган Үмөтбай молдонун

баласы Ташбек болом, – деди. Анан тиги жигит менен коштошуп, базар аралай басты.

Доочу акчасын алып кеткенде жардап турган эл бул жаш жигиттин жасаган ишине тан берип: - «Охоо, өтө март, адамгерчиликтүү жигит экен. Ана сага, накта жигит деп ушуну айт, жаш болгону менен акылы чулу, намыстуу тура. Бечера жигитти бирөөгө кемсинттирбей эрдик кылды, ким болсо да азамат экен, аман болсун! » – деп тамаша кылып турган элдин алкоосу бүтпөдү, анан таркай баштады.

Күндөр өтүп, Ташбек өстү бой тартып,
Кол арага жарап калды Үмөттүн
Элгенчисин он алты жаш куракта,
Элге кошот кой сатсын деп, үйрөнсүн.

Маргалаңдын чоң базары, койлорун
Ташбек сатып, түйүп белге теңгесин,
Көрөт анда бир адам, бир кишини
Жакалаган, агызып көр жемесин.

«Төлө, төлө, карызыңды төлө!» деп,
Бут басарга орун жок, эл жардаган.
Кыргыз жигит улам айткан жообун
Угар эмес өкүмү күч ал адам.

Аяп аны Ташбек барып сураса,
«Айтчы аке, канча мунун карызы?»
«Тур балакай, өз жолуңда жөнө», – деп,
Ачууга уукан, доо доолаган наалыды.

«Канча теңге карыз болсо мен берем.
Коё бергин бул жигитти кордобой».
Баштыгынан алып алтын тыйынды
Берсе ага, илип алды дордогой-

доочу дагы, тургандар да таң калат,
Теңгелердин санап алып керегин
Калгандарын кайтарат ал жигитке,
Ташбек кетет, берген сындуу белегин.

Калың элдин арасынан суурулуп,
Карыз жигит жете келип кайрылган:
«Ысымың ким? Кулунусуң кайсы элдин?»
«Атым Ташбек, Каражыгач айылынан»

Кетти антип берип пулун койлордун,
Башын ачып ал жигитти чоң жолдон.
Чогуу барган айылдаш чоң кишилер
Таң калышты түрдүү ойду ойлонгон.

Келсе үйүнө, базарлыгы жупуну,
Ата сурайт, кандай болду базарың.
Ташбек бала болгон ишти баяндайт,
Атасына эки күндүн ар жагын.

Көр жемеге албай марттык иши үчүн,
Тан бериптир баласына али жаш.
«Эр жигиттин ачсаң эгер ажатын
Сага дагы далай оомат кайрылат».

Мына ушундай жигиттикти, марттыкты,
Жасабаган андан улуу бир адам.
Бала кезде жасап ишин улуудай,
Эл дуулдап бата берди, чоң кадам.

Арстанбек баш болуп чогуу баргандар Ташбекке таң кала, бири-бирин алдыртан карап, үн катышпай базарлык кылууга киришти. Ташбек да ата-энеси дайындаган нерселерди сатып алып, кошо барган айылдаштары менен жолдо бир түнөп, айылга келишти.

Түйүнчөгү кичине Ташбек Маргалаңдын буюм базарында болгон окуяны атасына айтып берди.

– Мага теңкур жигит экен, албеттүү, булчуңдары буртуйган, сөздү салмактуу сүйлөгөн, – деп.

Молдо Үмөт баласына карап туруп, жулкулдашкан доочуга саткан койлорунун теңгелеринен төлөп берип, доодон куткаргандыгына, уулунун айкөл, намыскөйлүгүнө ыраазы болуп, анттиң-минтиң деп кержемеге алган жок.

– Бали балам, эр жигиттин ажатын ачып, соол кылсаң сени Кудайым колдойт. Сага дайым жакшылык, оомат келет, туура иш жасапсың, – деди кубанып.

Ташбектин Маргалаңда жасаган ишин аны менен чогуу Арстанбек болуп баргандар айылга келери менен элге жайып жиберишти. Ошол күндөн ушул күнгө Ташбектин Маргалаң базарында жасаган чечкиндүү иши эл оозунда даңаза, тарпи болуп айтылып келет.

Ошондогу жаш жигитти жакалаган доочуга өзү саткан койлорунун тилла теңгелерин, өз жанынан төлөп, бейтааныш жигитти карыздан, доодон куткарган чоң атасы Ташбек тууралуу Амирабектин кызы Карачач байбиче (1936-ж.туулган) биздин жолугушууда өтө берилүү менен

сыймыктана айтып олтурду. Бул аңгемени чоң кызыгуу менен уктук. Ошол замандагы караңгы элдин алдында жасаган адамгерчилигин, марттыгын, айкөлдүгүн айгинелеп койгон экен.

***

Сары эсеп санжыра боюнча Ташбектен төрт уул калган. Бир аялынан Жээнбек мырза, уйгур аялынан Эшенкул, алайлык Алайчы аялынан Амирабек, дагы бир аялынан Султанбай.

***

Молдо Алымкул Кокон кандыгында кызмат өтөп, аскер башы болуп, Борбор Азия аймагындагы Түркстан, Олуя-Ата, Ак-Мечит (Кызыл-Ордо), Чымкен, Ташкен, Ош, Анжиян, Пишпек, Кашкарды башкарып турган.

1858-жылы Малабек Кокондо кан болуп тактыга олтургандан баштап, мамлекеттик ишке аралашып, ордонун иштеринде туура чечимдерди аткарууга чоң салымын кошуп келген. Жаш болгонуна карабай өлкөнүн ички-тышкы саясатын туура багыттап, жыйырма жети жаш курагында Кокон кандыгынын чечүүчү маселелеринде негизги ролду ойногон. Орто Азия элдеринин башын бириктирип, падышалык Россиянын басып алуусуна каршы кыргыз, өзбек, казак, тажик элдерин коргоо максатында өз башынын камкорлугун көздөбөй, эл камын ойлоп, зор ынтымакчылыкка, мекенчилдикке жетелеген башкаручулукка шыктуу кыргыздын уулу болгонуна тан берүү тарыхый баалуулуктун негизи. Аймактардан жыйналган жоокерлерге аскердик машыгууларды үйрөтүп, курал-жарактарды алдырып, замбиректерди жасатып, иштен

чыккандарын оңдоп-түзүтүп, аскердик даярдык иштерин жүргүзгөн. Мындай аскердик ыкманы колдонуусу ошол мезгилде өтө чоң мааниге ээ болгон.

Кокон кандыгы түзүлгөнгө чейин калмактар узакка эки кылым бою кыргыздарга, бардык Фергана өрөөнүнө тынымсыз баскынчылык кылып тургандыгы белгилүү. Кыргыз тарыхында Курманбек баатыр Тейитбек атасынын колунан энеси Зулпия каза тапканда таятасы Толкунбай менен таенеси экөө келип: «Курманбек сенин балаң экени ырас, биз багып берели», – деп алып кетишкен. Себеби, Тейитбек кан аялы Зулпиянын көзү өткөндө Урпия деген жаш аялга үйлөнөт, ал Курманбекти карабай, бала итий болуп ооруп калат. Курманбек таятасынын колунда жүргөндө тойлордо күрөшкө түшүп жеңип, карылуу, эр көкүрөк жигит болуп, он сегиз жашка чыкканда кырк жигит курайт.

Курманбектин тарыхын мыкты билген Өмүралиев Ади айткандай, Курманбек кыргыз элин калмактардын баскынчылыгынан коргоп, баатыр аталган. Мекенин сүйүп, элдин тынч жашоосуна күйүп, кара жанын тиштеп, кан майданга чыгып, Корун менен сайышканы мекенчилдиктин, эрдиктин туу чокусу катары бааланып келет. Кыргыздар гана кыргыз жерин коргоого баш саят.

"Ади Өмүралиев, эпосчу:-

Корун кол курап атат имиш. Курманбекти өлтүрүп, Тейитти кандыктан түшүрүп, кыргыздардын кыздарын күң, уулдарын кул кылат экен деген сөздү угуп, Курманбек: – Эр болсоң жекеге чык, Көгарт өрөөнүндө Кызылчат, Верхон деген жерде Сары Күңгөй, Тамга-Терек деген чоң мазар бар, ошерде кездешебиз, - дейт.

Сары Күңгөйдө Курманбек Корун кан менен жекеге чыгат. Сайышууга мыктуу, найза чабууга ыктуу Курманбек баатыр Корунду өлтүрүп жеңет, калган калмактарды Көгарттан, Лейлектен, Ириштандан, Кокондон, Сохтон, Кадамжай, Айдаркенден айдап, жарымын Шибелиге, жарымын Гүлдүү деген жерге салып айдайт. Ошерде жашаган кыргыздар биригип, Шаймердендин колоту менен кууп отуруп, Ылай-Талааны басып өтүп, Үзөңгү-Сайыш деген жердеги калмактын Дөлөн бийлеген элине чейин жеткирип ташташат»,- («Курманбек баяны» даректүү фильми, 2000-ж., «Ырыстын тагдыры» китеби. Т.Закирова, 2003-ж. Бишкек.).

"... Кыргыз деп боздоп, кыпкызыл жалын-чок болуп,
"Коргоймун элди, кара баш мейли, курман"-деп,
Кыргыйдай тийген душманга жебе-ок болуп,
Калса да жалгыз, сайышка чыккан Курманбек"...

Кырк жигити тайсалдап майданга кирбей, жалгыз таштаганда да башын сайып согушта Курманбек эли үчүн таймашып, калмактар менен кармашып жарадар болгон. "Белден өтмөк бар, элден өтмөк жок" дегендей кыраан уулдар эл-жер дегенде кара жанын сактап артка кайтпайт Эзелки тегибизден баатырлар ушундай салттуу эл-жер коргоочу болушкан.

Алымкулдун Ак-Мечитке (Кызыл-Ордо) чек араны коргоо үчүн жездеси Тагайкул датка менен барган кези, ага чейинки жигиттери менен Коргон-Төбөдөгү Таштак айылынын элин ынтымакка чакырып, ыркы кеткен эки айылдын башын бириктирип, атасы Асан бийдин

калыстыгын эстетип, аксакалдардын батасын алганы өзүнчө бир аңыз кеп.

***

Кокондун чеби Ак-Мечитти басып алмайынча орус падышачылыгынын аскери Олуя-Атага, Пишпекке, Чымкенге айланып өтүү мүмкүн эмес болгон. "1853-жылы 2-июль айында Кокондун чеби болгон Ак-Мечитти ээлеп алуу үчүн Оренбургдун генерал-губератору Первоский келип курчоого алат" ("Орус-Туркестан" жыйнагы III басылышына тиркеме, Тбилиси 1880-жыл). "Жалын" 33–бет, 2013-ж. Бишкек. Х.Турсунмаматов, Р.Шамсутдинов.

***

"Орус аскерлери баскынчылык менен Ак-Мечит чебин каптап келатат деген кабардан, чепти коргоо максатында Тагайкул датка кыргыз, өзбек, казак аскерлерин баштап, Ташкенге токтобой, Ак-Мечитке 300 жоокери менен жөнөйт. Ташкенден Жакыпбектин 200 колу кошулат. «Кошуундун башында суусар тебетей, кымбат баалуу жылтылдак кымкаптан тигилген кыска тон кийип, алтын жалатылган оймолуу, күмүш саптуу кылыч тагынган кырк-кырк беш жаштардагы кыска кара сакалдуу, бир аз кысык көздөрүнөн кыргыз-кыпчак экени  сезилип турган Тагайкул датканын астындагы соорусу жалтылдаган тору аргымак да кыйла жоошуп, токтоо басып баратат» («Жалын» 19-бет, Бишкек-2013-ж., Х. Турсунмаматов, Р. Шамсутдинов).

«Кол башынын оң жагында он сегиз-он тогуз  жаш чамасында кең далылуу, палван кейиптенген, мойну менен билектериндеги булчуңдарынан бакубаттыгы билинип турган сулуу жүздүү, бадам кабак жигит эски таанышыбыз –

датканын кайниси молдо Алымкул бара жатат». ( «Жалын», 19-бет.)

Анжияндык Тагайкул датканын кайниси Алымкул молдо кылт эткен ирмемди байкаган өткүр, шамдагай Коргон-Төбөнүн бийи Асан бийдин уулу.

1853-жылы 2-июлда Ак-Мечитти орус аскери курчоого алган кезде молдо Алымкулдун анда жаш курагы. Ал Тагайкул жездеси менен Ак-Мечит чек арасынан падышалык орус аскерлерин киргизбөө үчүн чогуу барган. Ошондо шаарды коргоодо молдо Алымкул жездеси Тагайкул датка экөө кыргыз жоокерлерин, шаар элинин улуу-кичүүлөрүн баскынчы орус аскерлеринен кандайча коргонуу керектигин үйрөтүп машыктырат.

Падышалык Россиянын аскерлеринин согушу катуу жүрүп, далай жоокерлер, сарбаздар жабыркап жараат алышат, антсе да душмандар шаарга кире албайт. Кыл чайнашкан согуш катуу жүрүп жатканда Ташкенден кабар келип, Тагайкул датка Ташкенге чакырылат. Ал датка Ташкенден майданга кошумча күч ала келүү үчүн жөнөйт. Көпкө кабарсыз болгонунан Азим паңсат Ак-Мечиттин акими Тагайкулдан кабар алуу үчүн Ташкенге барып, Кудаяркан Ташкен шаарында бардык дарбазаларды жаптырып, он алты жаштан 70 жашка чейинки кыргыздын кыпчак урууларын кырып таштаганы тууралуу суук кабарды айтып келди. Андан соң Тагайкул датка жездеси кайда экенин билүү үчүн жана кошумча аскер апкелүүгө молдо Алымкул да Ташкенге барат. Шаар тургундарынын баары өтө жаман абалга туш келгенин көрөт, шаарга куралсыз жана жөнөкөй гана адамдар киргизилет экен. Алымкул курал-жарагын бир жерге катып коюп, жөн-жай адамдардай болуп шаарга кирип, Ташкенден Тагайкул датканы таппай,

анын өлтүрүлгөнү тууралуу кабар угуп, маанайы чөгөт. Ак-Мечитке жоокерлерди алпарып орустардан коргоо мүмкүн эмес экенине түшүндү. Бул жерде кечкисин сакчылар дарбазаны жаап, кайтарып калыптыр. Дарбаза жабылганча чыгып кетейин деп баратканда жолдо Ак-Мечиттен качып келген адамдарга жолукту.

Ак-Мечитке орустар басып кирип, шаар башчысы Азим паңсатты үй-бүлөсүнө кошуп өлтүрүшүп, кызы Жаркынай жалгыз тирүү калганы тууралуу кабар келет. Алымкул эл арасынан издеп жүрүп Жаркынайды таап, аны Ташкенден Коргон-Төбөдөгү Таштак айылына апкелип, андан Анжиянга туугандарына жеткирет.

Кийин маалы келгенде Азим паңсаттын алиги кызы Жаркынайга молдо Алымкул өтө кубануу менен үйлөнөт. Ал биринчи ирет Ак-Мечитке барганда эле кызды көргөндө жактырып калган (Алымкул гүлдөй жаш жигит эмес беле). Көөдөнүндө толгон махабаты менен жашап, үч уулдун атасы болот. Кийин тукуму уланып, мыкты уулдары, азамат небере-чөбөрөлөрү ата жолун жолдоп, калкына ак кызматтарды өтөп келишкени так маалымат.

***

Ичкилик кыргыздардын кыпчак урруусунун «шилекей-лер» деп аталган уругу кан Шырдактан Каражан, андан Абыл (Абылдан Таздар урусу пайда болот), Абылдан Кошой, Бешим, Кененсары аттуу үч уул.

1. Кошойдон Күңгөйчү, Бужумчу, Кыкчы, Тескейчи таздар – булар Баткенде жашайт.

2. Абылдан Бешим, андан калмак таздар.

3. Кенен Сарыдан Эрке Сары, андан төрт уруу таздар:

Анжияндагы таздар:
Шилекей тобу,
Карынчы тобу,
Какшык тобу,
Тажик тобу

«Шилекейлер» – Истамкул (шилекей), андан Шеркул, андан Жакыпбек.

Жакыпбектен төрт уул: Арзикул, Жээнали, Маматкул, Маткарим.

Арзикулдан үч уул: Камил, Асан бий, Даут.

Асан бийден Жолболду, Мала, Рахманберди, Алымкул.(Мындай маалымат башка жазмалардан кезиккен жок.)

Алымкулдан үч уул: Ташмухамад, Шермухаммад, Рустамбек. (Ташмат мырза, Шермат мырза, мырза Рустамбек.)

Бул маалыматтар белгилүү жазуучу, котормочу Гыламидин Абдырахманов жазгандарынан алынды. Гыламидин Молдо Дос өзүнүн бешинчи атасы экендигин, андан Атам бий, андан Субанкул, андан Кайым, Кайымдын баласы Абдырахман деп жазат «Улуу эл» деген 2 томдук (416, 467-беттер) китебинде тастыктап, жогорудагы урууларды аныктап чыкканы бар. (Бирок, молдо Дос Шаарбандын агасы болсо – Нойгут уруусунан.

Шаарбан-Нойгут болуштугунан, Нойгуттун кызы, Нойгут уруусунан деген маалыматтар көп жазылган.)...

* * *

Курманбектин уулу Сейитбек, андан кан Шырдакбек, анын Каражан, Сарыжан деген эки уулу: Сарыжандан-

Кененсары, андан Эркесары, Кошой. (Кошойдун тукуму Баткенде) Эркесарыдан беш уул: **Ыстамкул**, **Иманкул**, Канкул (Калигул), Мырзакул, **Куттубай**. **Ыстамкулдан**: Шеркул. Жакып. Иманкулдан Эркул.

**Эркесарынын:** үчүнчү уулу (Калигул) Канкулдан Жамгырчы - андан 3 уул: Назар, Субанкул, Кудайкул. Биринчи уулу Назар паңсаттан - 4 уул; Примкул, Абылкасым, Асан, **Үсөн**. Үсөн уулу жаш өткөн. Назардын биричи уулу Пиримкулдан: Дубана Метер, Мадали бий, Молдоали (казыначы), Кишимжан, Дос, Сали, Чалы. Абылкасымдан: Саткынбай андан Беркеш...

**Асандан:** Алымкул, Бүрабия. **Алымкулдан** Ташмат, Шермат. Алымкулдун **Ташмат** уулунан 2 уул: Карабек, Мавлян. **Карабектен** 3 уул 1 кыз.; Таван, Равшан, Кайтмас Өзбекстанда жогорку соттун орун басары болуп иштеген, Мукарам. **Тавандан:** Айбек, Өмүрзак, Якутхан, Барчынай, Рахатай. **Равшандан:** Авазбек. Улукбек, Дилдара, Азадахан. **Кайтмастан:** Дилназа, Зыяда, Азизбек. **Карабектин Мукарам** кызынан үч бала бар.

**Ташмат** мырзанын Мавлян уулунан: Жоро, Орол. Жородон- Кочкор, Жакып. Оролдон- Мадамин.

*Кошумча:* Ташмат мырзанын Саадаткан деген (Карабек, Мавляндан башка) кызы болгон. Анын Калыгулбек, Жоробай, Турсунхан, Мунисхандар кайтыш болушкан, алардын бала-чакалары Ош шаарында жашайт.

**Шермат мырза**: (Шермат өзбек кыздарына үйлөнгөн). Балдары: Кудайкулбек Аблакулбек, Хажилхан, Огулхан, Мухамадазиз.

Кудайкулбектен: Султанкул, Сулайманкул, Раимжан, Бүханбү. Кудайкулбектен Бүканбү деген кызы Таштак айылында жашаган, анын эки уулу: Суран, Өскөн. Сурандан

3 уул: Раим, Сабыр, Исраил. Раимден – Пазилат, Гаухар, Бекзат, Жумагүл Малика. Сабырдан - Илхам, Сапаргүл. (Буркашев Сабыр журналист эле). Исраилден – Атабек, Матлюба, Майрам.

Аблакулбектен: Адылбек, Жамидбек, Арапбай, Санахан,Хажилхандан, Дилшадбек, Жасурбек. Огулхандан: Санияхан, Разияхан, Нурадин. Мухамедазиз 1941-42-жылдары Ата Мекендик согушка кетип кайткан жок. *(Кыргыз Республикасынын медицина илимдеринн доктору, профессор Мухамеджан Гуламович Кенжаев мырзанын маалыматы 14.10.2021-ж.).*

Достон Кенже, андан Гулам. Достун небере-чеберелери Кыргыз Республикасынын медицина илимдеринин доктору, профессор Мухамеджан Гуламович Кенжаев, иниси техника илимдеринин доктору, профессор, КРнын инженердик академиясынын академиги Идирисбек Гуламович Кенжаев 2011-2013-жылдары Оштогу Кыргыз Өзбек университетинин ректору болуп иштеген, азыр Ош мамлекеттик университетинде иштейт, алардын кенже инилери ишкер Сабит Кенжаев, КРнын Чүй облусунда Эргашев Нурмамат фермер. Бул бир туугандар Анжиян облусунун Коргон Төбө районундагы (мурунку Токтогул совхозу) Шамалбак айылында туулуп өсүшкөн.

Алымкул кан ата, Аскер башы жарадар болгондо жанында Метер менен Дос туугандары чогуу жүргөн, аталык аларга акыркы керээзин "Эми бул согуштан жеңип чыгуу мүмкүн эмес. Диникайырлар Ташкенди басып алышат, анан Коконду ээлешет. Султан Сейит канды таштабай, душмандан коргоп, сактагыла. Анан, силер менин эки уулум Ташмат менен Шерматты алып, жеңең менен Кашкарга Жакыпбекке баргыла. Диникайырлар

биздин укум-тукумду кор тутуп, жакшы күн бербейт. Ар бириңин артынан түшүп жазалоо болот. Андыктан Жети шаарга барганыңар оң. Жакыпбекке менин керээзимди айткыла"- деген.

Өзүн жоготуп эсинен тана баштаганда Ташкенге Эмирлердин эмири, эр жүрөк, баатыр Алымкул аскер башыны алып кириштi. Эртеси эл, улуу-кичүү аалымдар, уламалар Алымкулдун жакындары жыйналып, сөөгүн жууп, ак кепиндеп узатышты. Дувана Метер, Дос экөө жандай жакын тууганын жайына койгон соң, Коконго барып жеңесин, эки уулун алып Анжиянга келишти, ал жерде да эл алдында Аскер башыга коштошуу эрежесин жасап, элге бата окутуп, Кашкарга жөнөп кетишти.

Кашкарда Дубана Метер (Метердин ушундай кошумча аты болгон) далай жыл лашкер башы, миң башылык кызматты аркалады, Жаркент, Хотан шаарларын баш ийдирүүдө Ташбек менен катарлаш кызмат өтөдү. Алымкул аталыктын жанында жүргөн жакыны, эр көкүрөк, мыкты жоокер болгон. Молдо Али Кашкар кандыгынын казынасын көзөмөлгө алган Жакыпбектин ишенимдүү жакыны болду. Ал эми Дос бүт өлкөлөр, мамлекеттерге элчилерди даярдап жиберип, чет өлкөлүк жакшы байланыштарды түзүүгө жетишкен. Чыгыш Түркестан мамлекетинин Жети шаарын Улуу Британия, Түркия кийин Россия тааныганы бекер эмес. Достун кыраакы, акылман, таланттуу эл башы Алымкулдан үйрөнгөн жакшы тажрыйбасы ишке ашкан. Дос Кашкар кандыгы ишеним арткан кыргыздын баатыр жигиттеринин бири эле.

Жакыпбек Бадөөлөттү кандыгын талашкан Цин империясынын адамдары уу берип, көзү өткөндөн кийин 1876-жылы Дос, Метер агасы, Алымкулдун жесири, жеңеси,

эки уулу менен Анжиянга кайтып келишет. Атасы туулган айылга келип жашап, апасы өтө бекем тарбиялуу аял болгон экен, улуу-кичүүгө, башы көрүнгөн өкүмдарларга тил таап сүйлөшкөн. Күйөөсүнүн мыктылыгынан, барктуу болуп уулдарын да бийликке жеткирген. Шермат мырзаны Анжиянда аким кылып (атасынан калган байлыкты, Кашкарда да бай жашап, байлыгын бекем сактап, элге иштегенде пайдаланып), Ташмат мырзаны Коргон Төбөгө аким болууга жеткирген. Ташмат мырза кыйла мүнөзү жумшак киши болгон.

Экинчи уулу Шермухаммед (Шермат мырза) ата жолун жолдоп ишке бекем туруп, чечкиндүү, акылмандык менен элге жакшы кызмат кылган. Анжиян шаарында кадырлуу аксакалы болуп 1915-16-жылдарга чейин жашаган. Ташмухамбет (1-уулу Ташмат мырза) Коргон Төбөнүн Кул Төбө айылында жашап өткөн.

Бүгүнкү күндө бешинчи атам болот деген Акматов Мамасали Такабаевич Жалал-Абад облусунун губернаторунун орун басары кызматында иштейт. Асан бийдин тууганынан, Пиримкулдун чебереси

***

1864-жылы 19-июнда орус аскерлери Түркстанды басып алды. Каховский кармаштын алтынчы күнү Саран, андан соң Чарнак калаасына, Карачык дарыясына жетип, 9-күнү Карачыктан өтүп, Түркстан шаарын көздөй келип Урал, Оренбург сотнялары пулемңттору менен ок атып 10- күнү Сузак (Казакстандагы) менен Ташкендин бектери Түркстанды коргоого жардамга келүүгө мүмкүнчүлүктөрү болбоду. Сузак менен Чолок-Коргондон бириккен 120

зоотчон аскерин баштап Сыдыкбек (Кененсары уулу) келип, шаар эли аларга дарбаза ачпай койгондо алар Түркстанга кире албай, Ташкенге өтүп кетишти. Катуу чабуулдан шаардын акими Мырза Давлат 330 аскерин алып, Ташкенге чыгып кетти. Шаар тургундары Воровкинге өкүл жиберип, калааны өткөрүп беришти, — деп билдирет «Орусия-Түркстан» III басылма тиркемесинде.

Мырза Давлат датка орустар менен согушууга келгенде орустарга кошомат көрсөткөн шаардык өкүмдарлар дарбазасын ачпай коюшту. Мындай кыянаттыкка өкүнгөн датка жарадар жоокерлерди алып, Ташкенге карай жол тартат. Жолдо Чымкенге келип, Нурмухаматты көрбөй, Кара-Камыш кыштоосуна жетип келип, азирети Миян Калилдин багына түшүштү деген маалыматты жазат кокондук Аваз Мухаммат Аттар.

***

Ташкендеги жүрүштөн соң Алымкул аталык Ташбек вазирди Ак-Терекке даткалыкка жиберет. Ташбек ал жерде бир канча мезгил эл башкарат.

Ташбек датка ар бир жаңы ишти баштоодо алдын ала көрөгөчтүгү менен көп замандаштарынан айырмаланган инсан экендиги дайын. Өмүрүнүн жаш, курч мезгилин ордодо вазир, анан өз айылында, Охна, Ороң-Терек, Айрыбаз, Үч-Коргондо Исфайрамдын (Ак-Терек, Кара-Жыгач, Алыш) боюнан Чоң-Алайга чейинки аралыкты бир нече жыл сурап, даткалык милдетин өтөгөн. Кан ордодо Алымкул аскербашынын уруксаты менен элге кесепетин тийгизген ууру-каракчыларды жазага тартып, дарга асып, жалгыз жашаган байбичелерге, турмуштары начар кембагал үй-бүлөлөргө, бей-бечараларга жардам көрсөтүп

коргоп, аймакка катуу жана адилеттүү тартип орноткон. Элге, элдин тынчтыгына, бакубат жашоосуна кам көргөн.

Кийин Кокон кандыгында Алымкул аталык кайрадан аскер башынын вазири болуп, далай жолу эл-журтун баскынчылардан коргогон согуштарга чогуу катышкан. Бийик адамгерчилиги, акыл-эси менен кадыр-баркка жетип, Кокон кандыгында Алымкул аскер башынын ишеничине кирген. 1865-жылы жазга маал Кашкарга Жакыпбекке вазир, аскер башы жарлыгы менен барып иштеген. 1876-жылы Жакыпбек өлтүрүлгөн соң, Кашкарды башкарып туруп, ал жердеги так талашуудан чыгып кетип, өз мекенине келет. М. Д. Скобелевдин аны миң башылыкка дайындоосу менен 1903-жылга чейин өзүнүн аймагында иштейт. Баргылар менен ичкиликтердин чатагын чечиш үчүн кыштын кычыраган суугунда Чоң-Алайга барып келген соң 1903-жылы эл жайлоого көчөр мезгилде өпкөсүнөн кагынып көзү өткөн.

***

Алымкул аскер башы Түркстанды, Олуя Ата, Ак-Мечит, Чымкенди, Ташкенди, жалпы Кокон кандыгына тиешелүү аймак, шаарларды коргоо үчүн орус падышачылыгынын аскерине каршы өтө көп жоокерлерди согуштук өнөргө даярдап үйрөтүү менен миңдеген кыргыздын басыз, багыш, саруу, мундуз, кушчу, кыпчак, төөлөс, найман, кара багыш ж. б. урууларына, казак, өзбек жоокерлерге курал-жарак берип, замбиректерди жасатып, окторду даярдап, майдан талаасына өзү баштап кирип жүрдү.

Чымкен шаарында бир нече жылдан бери кыргыздын кыпчак уруусунан Миңбай акимдик кызмытын аткарат. Ал

аймакта ар түрдүү улуттардын жашаганына карабай, бардыгы ынтымакта болгондугу акимдин иш билгилигин ырастайт. Ал калыс бийлик жүргүзүп, Кокон кандыгында чоң кадыр-баркка ээ болгон. Миңбайды эли «баатыр» деп аташчу. Алымкул ал жердеги согуш майданына катуу даярдык көрүп, атчан жоокерлерин, мылтык аткычтарды топтоп, замбиректерин, курал-жарактарын сыноодон өткөрүп, ырастап турду.

«Туда сдвинулись войска Черняева и направленный Веревкиным отряд под командованием капитана М. Мейера. Однако взят Чимкент сходу им не удалось из-за решительного сопротивления местного гарнизона, на помощь которому подошел отряд Кокандских войска, возглавляемый самим Алимкули Амирлашкаром. В первом бою, произошедшим 14–16-июня 1864 г., русские войска потерпела поражение.»...

«Черняев через посланных в Алимкули послов предложил перемирие. В ответ Амирлашкар потребовал полного возврата захваченных ранее территорий, а также возмещения расходов, связанных с Российской агрессией, в размере 200 тыс. золотых». *Зиявутдин Ильхамов («Роль последнего хана Коканда кипчака Алимкули Амирлашкара против завоевателей Средней Азии и Казахстана». стр.18. В книге Өтеген Абдираман. «Коканның соңғы ханы кыпшак Алимкул Амирлашкар». – Бишкек, 2016-ж.)*

Кыргыздын көк жал баатыр уулу Алымкул Амирлашкар баштаган сарбаздар Чымкенди коргоодо кан майдандагы согушка киргенде атылган мылтыктардын үндөрү жер жаңыртат. Түтүндөрү көздү ачыштырып, кудум туман сыяктуу каптап турду. «Тарс» эткен мылтыктардын үнүнөн соң кыпкызыл октор ышкырып, ажал издейт. Өкүрүк-

бакырык, онтогон үндөр... Атчан сарбаздар кылыч шилтегенде каршылаштардын жөө аскерлеринин баштары жерге томолонуп, кечээ эле көйкөлүп өскөн көк шибер кыпкызыл канга боёлду. Орус аскеринин кавалериясы менен Алымкул Амирлашкер баштаган ноендор кылычташып, найзалашып, кырчылдашкан кармаш болуп жатты.

Жерде чала жан жаткандарды кылычтап чаап, мылтыгын тартып алып, аттарын жетелеп минип, өлүктөрдүн үстүнөн тебелеп өтүп, Кудай пендесине бербес көрүнүштү сөз менен айтып берүү мүмкүн эмес. Кыямат кайымда да, ажал ар бирин ээрчисе да токтобой, өлүктөрүн үстүнөн өтүп, бир тозоктун ичинде жүргөндөрүн айтып берүү кыйын. Орус аскерлери да мылтыктарынын сүмбөсүнүн учтарына кадалган найза менен өздөрү жыгылып баратып, кокондук нойондорду сайгылап өлтүрүп жатышты. Чабуул токтобой, бирде орус аскерлери артка чегинип, бирде Алымкул аскер башынын жоокерлери чегинет. Бир кезде мылтыктын тарсылдаганы, кыйкырык-сүрөөн пастап барып тынчып калды. Эки тараптан тең чабыш токтогондой болду.

Ак паашанын аскерлери акыры артка чегинди. Кокон жоокерлери душмандарын бир кыйла жерге чейин кууп барып, кайра кайтышты. Кан жыттанган майдан талаасындагы өлүктөрдүн арасынан жарадар болуп онтогон өз нойондорун алып кетишти. Аскер башы Алымкул аталык менен азирети Султан Сейит кан аккан согушта чабуулдун башында жүргөн эрен жоокерлерге чоң сыйлыктарды берип, керней-сурнай тарттырып, маанайларын көтөрдү. Жоокерлерине алкыштар айтылган соң, орустардын эмки чабуулунан этиет болуп, мыкты даярдык көрүүгө чакырды.

Ар бир чабуулдагы курман болгон көп сандаган жоокерлеринен, мен деген далай мыкты эрендерден ажыраганына эмирлердин эмири аталган Алымкулдун ичин туз куйгандай ачыштырды.

Кайсы заман болбосун кыйчалыш мезгилде гана эмес, жөн-жай кезде да эл-жеринин убалынан корклогон саткындар чыгат эмеспи. Чымкенди, Ныязбекти коргоодо Алымкул өз жанын канжыгасына байланып, жоокерлери менен душманга каршы турганда орустарга жол көрсөтүп, дамбаны жардыртып, Ташкенди, Ныязбекти суусуз калтырып, элдин үшүн алган окуя болду.

Чек ара чебин орус баскынчылардан коргоого барган Тагайкул датканы Ак-Мечиттен Ташкенге чакырткан окуя Кудаярхан Малакандан так талашканы менен байланышты. Ташкен шаарынын дарбазасын жаап, шаар көчөлөрүндө, кан сарайда, жолдордо далай адамдарды нойондоруна кырдырткан окуя элди мөгдөтүп салды. Орус аскерлери эли-жерин, кандыкты басып алып келатса, өз элинин эл коргоочу уулдардын башын алдырып жаткан окуя «какаганга муштаган» дегендей болду.

«Душмандын атышуулары Кокон артиллериясы кийинки убакта абдан чоң жеңиштерге жеткенин далилдеди. Алардын так мээлеп аткан окторунан жоготууга учурабаганыбыз бактылуу кокустук болду деп билем. Душман артиллериясы алыска атууда да бизден алдыда эле».

Полковник М. Г. Черняевдин билдирүүсүнөн.
*1864-жыл, 25-сентябрь, № 1051. («Жалын» 118-бет, Х.Турсунмаматов, Р.Шамсутдинов)*

Мухаммад Салих «Ташкен тарых-таржымалы» деген жазмасында жоокерлер, алардын башчыларынын баары

чоң бата тилеп, анан кан майданга чыгышканын келтирет. Миңбай баатыр бир тарабынан, Мырза Акмат кушбеги башчылыгында Коженттин, башка миңбашылар Маргалаңдын, Кокондун, Анжияндын жигиттери шаардын туш-тарабынан Алымкул аскер башынын көрсөтмөсү менен орус аскерлерине ок атып, найза сайып, кылычтап баштарын кыя чаап, согушчандар өтө көп кырылып, өлүк дөбө-дөбө болгонун, Ферганадан жоокерлер келип, согушуп жаткан жоокерлерди күчтөндүрүп, Алымкул аскер башы да токтобой сайышка чыгып, акырында кечке маал орус аскерлери чегине баштаганын жазат.

Чымкен шаарынын негизги тургундары казактар, кыргыздын мундуз, саруу, басыз, баргы, багыш, кыпчак, кара багыш жана башка уруулары, анан бир аз өзбектер жашаган. Он миңдеген атчан кыргыз аскерлер, мергендер, кылыч чапкан, найза сайган нойондорго туруштук бере албай, орус баскынчылары артка чегинген.

Молдо Нияздын «1-санат дигардан (Алымкул)» үзүндү:

... «Жети күндүн ичинде,
Жетип Чымкен үстүндө,
Уруш кылды Алымкул.
Кыймылдатпай жайыдан
Жылбас кылды Алымкул.
Кыргын салып (оруска)
Кыйганы келди Алымкул.
Олжо кылып кафирдин
Атын алды Алымкул.
Өлтүрбөстөн коркутуп,
Өтүн алды Алымкул»....

(Т. Кененсариев, «Алымкул Амир лашкар» 110-бет.)

Алымкул аталык, эр жүрөк амир аскербашынын калктын этникалык улуттарын жогору баалап, баарынын башын бириктирип, «Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарууга» үйрөткөнүн сөз болуп жаткан согуш майданынан билүүгө болот. Сүрдүү, сегичтик касиети, мекенди коргоочу кудурети менен Кокон кандыгын миңдеген кошуунду башкарып келди.

Кыргыздын кыраан уулдары, эр жүрөк миң башылар, жүз башылар мекен үчүн башын сайган Алымкул аскер башынын артында тик тургандыгы, ынтымак, мекенчил аракеттердин, Кокон кандыгына караган ар түрдүү улуттар жашаган аймактарды коргоодо ачык көрүнүп турат.

Ташкенди чаап алуу максатында полковник М.Г.Черняев жолдо Ниязбек калаасына чабуул коюп, аердегилер баш ийип берүүгө макул болбогондо жардамчысы Качаловго тапшырып, анын командасы астында шаарды 1865-жылдын 2-майында ээлеп алышкан.

«7-май күнү гарнизонду Ниязбекте калтырып, Ташкенттен 8 верст беридеги жаңы позицияга өттүм. 8-май күнү шаардын түндүк-чыгыш жагын изилдедик. Калк менен макулдашылган келишимге ылайык, биз шаарга жакындаганыбызда, алар Кокон гарнизонуна кол салып, бизге дарбазаларды ачып берүүсү керек эле. Бирок ушул күнү күтүлбөгөн жерден Молдо Алымкулдун Кокондон 6 миң жоокер кошуун, 40 замбирек менен келиши шаардагы биздин бардык аракет-мүмкүнчүлүктөрдү жокко чыгарды. Тийиштүү изилдөөлөрдү өткөргөн соң лагерге кайттым жана кырдаал бизге белгилүү болгончо ушул жерде калууну чечтим»

М. Г. Черняевдин кабарнаамасы.

1865-жыл,11-май.*«Жалын», Х.Турсунмаматов, Р.Шамсутдинов, 149-бет.)*

Бул маалымат тууралуу жазуучу, Кыргыз Эл Баатыры Төлөгөн Касымбеков да Амир Аскер башы Алымкулду өлтүрүү жөнүндө уюштурулган кутумду «Сынган кылыч» романында жазган. 1865-жылдын 15-апрелинде бай соодагер Саатбай Мухаммат шаардын бай-көпөстөрүн жыйнап, Молдо Алымкулду өлтүрүп, Ташкендин дарбазасын ачып берип, полковник М.Г.Черняевди нан-туз менен тосуп алуу тууралуу масилат өткөргөнү жөнүндө маалыматтар бар. Айрым соодагерлерге мекенге караганда сатуучу буюмдары баалуу эмеспи.
Алар Алымкул аскер башы тууралуу көп маалыматтарды жыйнап, согуш майдандарда буйрук берип, өзү коопсуз жайда олтурбагандыгын, бардык тараптан кабардар болуп, кан майданга өзү баштап кирип турганын тактап билишкен.

Алымкул кызуу кандуу, тобокелчи, тайманбас адам болгондуктан, жоокерлерин согушка салып коюп, өзү четтеп турбаганын Чымкенди коргоо согушунда көрүшкөн. Алымкулду жөн жашоосунда өлтүрүү кыйын, жан сакчылары өтө күчтүү, ишенимдүү адамдар, эгерде шаарга кирип, өз тыңчыларын койсо, баарыбыздын башыбыз кетет. Анын көзүн тазалаш үчүн согуш болуп жатканда бир нече адамды жалдайлы, бири-болбосо, бири өлтүрөт. Анан кайра ошол өлтүргөн адамды да жок кылуу керек деп чечишип, шаар башчылары астыртадан полковник М. Г. Черняев менен кабарлашып, жең ичинен келишим түзүшкөнү айрым маалыматтарда айтылат. Мындай иш планды түзүү үчүн М.Г.Черняев да Ташкен шаарынын көпөстөрүнө ичтен элчи жиберип, белектерди бердирип,

жеӊ ичинен макулдашканы тууралуу жазылып, сакталып калган маалыматтар бар.

Ошондо Алымкул аталык шаарга келип, жоокерлерин шаарды айланта жайгаштыра баштайт. Бузукулуктан кабары жок, эли-жерине күйгөн мекенчилер, имамдар, уламалар, зыялылар ж. б. Алымкул аталыкты сүйүнүп тосуп чыгышып, кучактап, жалбарып бата беришип, элди сактап калганы келгениӊерге эсепсиз алкыш деп улуу-кичүүлөр ыраазылыгын айтышат. Дасторконду кенен жайып, Ташкенде зыяпат берип, коноктошту. Жасаган тамактарын аялдар, кыздар, балдар, келиндер себеттерге салып көтөртүп, Кокондон келген алты миӊ жоокерди тамактандырышты, диникайырларга элди кор кылбай, коргоп калууну сураныштьі. «Манжа башка болсо да билек бирге, жүрөк башка болсо да тилек бирге» дегендей Алымкул аскер башыга болгон элдин ишеничи жогору эле.

Полковник М.Г. Черняев соодагерлер менен алдыртан макулдашып алганына ишенип олтурганда Алымкул аскер башы алты миӊ кошууну, саркарлары, 40 замбирек менен келгенин, азыр Ташкенге кирүүгө шарты болбогондугунан артка кетип, ар тарапты изилдеп турмак болгонун жазган катында так белгиленген.

Эртеси М. Г. Черняевдин аскерлери ок атууну баштаганда Алымкул аталык да согушка баш-оту менен кирип кетет. Тайманбас эр жүрөктүүлүгү менен анын аскер башчыларынын баары майданга кирип, жан аябас чабышуу башталат. Ошол 1865-жыл, 9-майда кечке маал Алымкул аталыктын жамбашына ок тийип, экинчи тарабынан чыгат.

Алымкулдун мамлекеттик деӊгээлдеги дагы бир ишмердиги – эл аралык ынтымак алаканы калыбына келтирүү болгон. Чоӊ дипломатия менен Индия, Түркия,

Улуу Британия, Россия жана башка коңшу өлкөлөргө маанилүү каттарды жазып, ал жактарга татыктуу өкүлдөрүн жиберип, достук байланыштарды бекемдөөнү күчөткөн.

***

Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Алымкулга Ак-Мечиттеги адепки согуш окуясы өмүрүнүн акырына чейин чоң сабак болду. Ошондогу жеңилген абал өзүн дайыма согуш талаасына жетелеп тургандай канын кызытчу, Кокон кандыгын чар тараптуу бийлеп турган эмирлердин эмири. Малабектин уулу Султан Сейиткан 12 жашта кан тактысына олтургандан баштап, Түркстанды, Чымкенди, Ташкенди коргоого баш оту менен кирип, кыргыз, өзбек, казак жоокерлерине согуш тактикасын үйрөткөн. Убагында жездеси Тагайкул датканын оң жагында жүрүп, 18 жашынан согуш өнөрүн үйрөнгөнү кийин анын тагдыры менен байланыштуу болгонунун жемиши катары баалоого болот.

***

Тагайкул датканын уруксаты менен Коргон- Төбөдөгү кыргыздын кыпчак урuусу менен өзбектердин ортосундагы чатакты басууга он жети жашында жигиттери менен барганы белгилүү. Эки элди ынтымакка чакырып, бир жылдык мөөнөт ичинде өзбек жарандарынын өрттөнгөн үйлөрүн калыбына келтирүүнү чектеген. Алардын эгин-тигин эгүүсүнө жардам бересиңер деп милдеттендирген. Эки айылдын менменсинген көзүрлөрү каяша көтөргөндө экөөнү тең мечиттеги аксакалдардын алдында, ар биринин аркасына бештен камчы урдуруп тынчытат. «Дагы ырк бузсаңар өзүм келип, эл алдында дарга асып жазалайм», – деп убада берген. Ушул окядан Алымкул чыныгы

башкаруучу, өкүмдар мүнөзү байкалат. Жаш курагына карабай, атасы бий болгон жерде элдин ынтымагын бириктирип, аксакалдардын батасын алган.

– Сен атаң Асан бийди тартып, калыс экенсиң, – деп эл ыраазылыгын билдирген.

Молдо Алымкул аскер башы бүтүндөй кыргыз, казак, өзбектерди бириктирип, он-он беш миңдеген жоокерлери, жүз башы, миң башылары менен бирдикте Кокон кандыгына тиешелүү жерлерди, шаарларды душмандардан коргогону тарыхта жазылуу.

Анжиянда, Коргон-Төбөдө атасы бий болгон жерлерде бий болду, анан Кокон хандыгында Сопубекке, кийин Малабекке нөөкөр, жүз башы болуудан баштап, улам жогорку бийликтерге көтөрүлүп келген.

***

Мухаммед Салихтин эскерүүсүндө: «Согуш майданында жоокерлердин биринчи катары кара кийимчен жоокерлер, анан камзир кийимчендер, 2000 темир зоот кийгендер, анан мылтык атчу мергендер, башына ак калпак кийген 2000 жоокер, алардын артынан атчан эл үчүн жан аябас мекенчил жоокерлер каптап кирет. Амир Алымкул аскер башы бардык жоокерлерге жакшы тилек айтып, алга ширеп турат, анан атын минип дөңгө чыгып, замбирекчилерди алгалап, өзү алдыңкы катар менен майданга салгылашууга кирип кетчү эле», –
деп жазган.

«Учкан октор душман үстүнө түшүп күйөт. Орус аскерлерин туш-тарабынан курчап чабуулга киргенде окко учкандар, жарадар болгондор, эр сайышта кыйкырык, ызычуу кулак тундурат эле», – деп эскерген Мухаммет Салих.

9-май күнү жалданган чыккынчы Алымкулду атканда да ал эси оогонго чейин согуш майданынан кетпей, аскерлерди үндөп турду. Анан аны замбилге салып көтөрүшүп, Ташкендин дарбазасына алып кирип, 10-май күнү сөөгү Ташкендеги Юсупкожо Инагамкожо чытпуруштун уулунун үйүнөн чыгарылып, Шайхан Тохур мүрзөсүнө коюлган.

Алымкул аскер башы менен бирге согушкан, маркумдун жаназасына катышкан молдо Калбек уулу Муса Анжияндык, 1873-жылы Сибирге 10 жылга айдалып кетип, сүргүндө жүрүп (Көгарт өрөөнүндөгү, Жалал-Абад менен Оштогу Мамырбек башчылык кылган козголоңго катышканы үчүн), Аскер башы Амир Алымкул тууралуу белгилүү ырын жазган.

***

Иканды коргоо боюнча Орол толук (Уральск) казактар (Россиянын падышалык мезгилиндеги жоокерлери) менен болгон Кокон кандыгынын аскерлеринин согушу тууралуу 1. «Известия с востока Героический подвиг Уральских казаков» (воен. Ст. 1965 г. №3) жана 2. «Дело уральцев под Туркестанском в ноябре 1964 г.К... (Воен.Ст. 1865 г. №27), 3. 25-летию Иканского боя И.Х. (ур.В.В. 1889 г. №50 жана башка маалыматтарда Алымкул аскер башынын орус падышачылыгына Иканды өткөрүп берүүгө көнбөй, катуу согуш баштагандыгын, чабуулдардан 37 орус аскерлеринин жана алардын минген аттары өлтүрүлгөндүгү, көптөгөн жарадарлар аттан кулап түшкөндөрү, кокондук миңдеген жоокерлердин тынымсыз чабуулу, Иканды коргоодо кокондуктар тарабынан Алымкул

аскербашы башында тургандыгы тууралуу тынымсыз кабарлар жазылган.

Чыныгы мекенчил Алымкул аскер башынын Кокон кандыкты да башкаруу, мекенди казак жергесинен бүт чектерин коргоо иштери менен тынымсыз алектенгени, ордодо кандыктын доорун сүрүп олтура бербей, согуш майданында кол баштап алдыда жүргөндүгү тууралуу жазылган маалыматтар арбын. «Туркестанский край» 209-бет, «Сборник материалов для истории его завоевания» собрал полковник А. Г. Серебренников «Кокондун соңку каны кыпчак Алымкул Амирлашкар» Өтеген Абдираман. (2016-ж., Бишкек, 209-бет.)

Молдо Алымкул аталык (молдо – кат-сабаттуу, билимүү адамдар "молдо" деп аталган, кат-сабаттуу кайнилерин келиндер да "молдо бала"- деп тергеген) кыргыздын кыраан уулу Кокон кандыгынын соңку эң мыкты каны болуп аталганы тарыхта белгилүү. Ал бийликтин тактикасын эң мыкты өздөштүргөндүктөн чыныгы уулдарды туура баалап, иш орундарга коюп, ошол өлкөлөрдү өнүктүрүүгө, өзүнчө мамлекет катары башка орус, кытай падышачылыктарына баш ийбей башкарууга датка деген жараяны менен дайындап жиберип, башкартып турган.

Улуттардын биримдигин бекем сактоого негиз түзгөн. Кокон кандыгына тийиштүү Чымкен, Олуя-Ата, Ак-Мечит, Түркстандан, Пишпек, Ташкен сыяктуу бүт шаарларды, аймактарды, Ош, Анжиян, Ферганадан баштап, тиягы Кашкарга чейинки калкты баскынчыларга кор кылбай, ар биринин улуттук каада-салттарын, өздүк чектерин сактап, Орто Азия элдеринин улуттук бөлүнүүсүнө жол бербей, ынтымакта жашоосуна тикесинен-тик туруп кызмат

өтөгөндүгү тарыхта көөнөрбөс баалуулукту кылымдар бою сакталуусунун үлгүсү болуп калды.

Негизи кыргыздар кылымдар бою билимдүү, сабаттуу калк болгон. Бүткүл доорлордо таш эстеликтерге ошол кыргыздын мыкты уулдарынын элине жасаган иштери тууралуу тарыхты ташка чегип кенен жазып, мүрзөгө тикелеп коюшкан. Ал жазууларды сапарга бараткан бардык билимдүү кыргыздар токтоп, толук окуп, арбакка тооп, таазим кылып анан сапарын улантткан.

Тарыхчы Турсунай Өмүрзакованын «Кыргыз санжырасындагы маалыматтарга караганда кыргыздардын негизги топтору Анжиян, Наманган, Фергана, Жызак, Заамин, Жети-Кечүү, Саңзарда, Кокон, Ташкен облусунун Бөкөй, Чыйырчык тарабында орношуп, азыркы Өзбекстандын аймагындагы кыргыздардын чоң топтору көбүнчө тоолуу жерлерди мекендешкен». «...Фергана өрөөнүндө Маргалаң жана Ош шаарларынын айланасында дыйканчылык кылышат. Ал эми жайды Ош менен Коконго чейинки тоолордо өткөрүшөт»

(Т.Өмүрзакова, «Курманжан датка». Бишкек, 2002-ж. 92-б.).

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, кыргыздардын азыркы Кыргызстандан башка жерлерде жашаган аймактарынын географиясы өтө кеңири болгондугу маалым. Ал эми орус падышачылыгынын ар тараптуу эзүүсүнө кабылганда аттын буту жетпеген бийик тоолуу жайлоолорго көчүп-конуп, өздөрүнүн жан эсеби менен мал эсебин толук беришпегени жана алар тууралуу эч ким так маалымат ала албаганы белгилүү.

Кыргыздар өзү катылган душмандарын түбүнө түшүрө чаап, бүт жер шарын кыдырып, кийин ал аймактарга өз бийликтерин жүргүзгөнү тарых булактарында ого эле көп

жазылган. Илгери же кечээги эле XVII – XIX – XX кылымдарда алыска барбай, Орто Азиянын аймагына көз салсак, кыргыздардын буту тийбеген, түндүгүнөн түтүн булап, казаны кайнабаган, катар-катар боз үйлөрү ак жумуркадай болуп тигилип, кут чачып, сүт, май, кымыз жыттанбаган бир да аймак жок экен.

Тарыхый маалыматтар боюнча кыргыздар Ташкенден баштап, Фергана өрөөнүндө Кокон кандыгын түзүп, бийлеп тургандыгы, ал гана эмес, мындан башка аймактарды да башкаргандыгы айтылат. Кыргыздар, кыргыздын ичкилик, кыпчак уруулары Кокон кандыгын бийлеп, баш вазир, аскер башчы, аталык – бүтүндөй кандыктын ички-тышкы саясатын, экономикасын жүргүзүп турган. Шералы кандын энеси Умсунай да Таластагы Коён-Токой деген жерди жердеген кыргыздын саруу уруусунан. Ордо төңкөрүшүнөн качып, балдарын Умсунай айым ошол Таласта өстүргөнү тарых маалыматтарында бар. Ал гана эмес, Шералы кандын аялдары кыргыз кыздары болгон. Бир аялы саруу уруусунан чыккан кыргыздын кызы Жаркынайымдан үч уулу - Сарымсак, Кудаяр, Султанмурат. Багыш уруусунан чыккан Сонайым айымдан – Малабек, Сопубек деген эки уулу болгон. Бул акылман аялдардын (алардын арасында Кудаяркандын энеси Жаркынайымдын эжеси Зыйнат датка, Курманжан датка) ордонун ички-тышкы саясаттарына чеберчилик менен өз салымдарын кошуп тургандыгында күмөн жок. Кыргыздын акылман азаматы, тажрыйбалуу саясатчы Алымбек датка бекеринен (кийин башка улуттар аралаша баштаганда) Кокон кандыгынан бөлүп, өзүнчө кыргыз мамлекетин түзүү максатын көздөбөгөн чыгар.

Кыргыз эл жазуучусу Шабданбай Абдыраманов жазгандай «Нарындагы сарбагыш, саяк дагы башка

уруулардын манаптары бул максатты кызуу колдошкон жок. Айтымга караганда Кокон ордосунан качып келген даткага баш иймек белек, биз ар бирибиз өзүбүзчө канбыз деп, ал аракетке бирикпей коюшкан. Ошентип, кыргыздын уруучулдугу ыңгайлуу шартты (кыргыздын мамлекетин түзүүгө орустардын кызыкчылыгы артып турган) пайдаланууга мүмкүндүк бербей койгон.

Эгерде андай мамлекет түзүлүп калган болсо, Фергана өрөөнүнүн өнүмдүү түз жерлери – Анжиян жана анын айланасындагы азыркы кыргыз райондору бүт кирип, болочок кыргыз мамлекетинин расмий тарыхый чек арасы ошондо эле сызылып калмак» (Ш.Абдыраманов, «Тарыхтагы ак тактар». Бишкек, 2007-ж. 25-26-б.) деп чоң өкүнүү менен жазганында калет жок.

Орус падышачылыгы кыргыз көчмөндөрүнүн (кыргыз эли кышында кыштоодо кыштап, жайында жайлоого көчүп, тирилик кылган) жерин тартып алып, Орусиядан келген мужуктарга берген. Мужуктар жайгашкан айылдардан өткөн кыргыздарды атып, кордоп, малын тартып алып турушкан б. а. кыргыз элинин башына кабат-кабат кыйноо күн түшкөн. Ошондуктан Анжиян көтөрүлүшүндө негизинен кыргыздар көтөрүлүп, өз жерин, элин, мекенин, адамдык укугун коргоо үчүн чыгышкан экен. Мисалы, Сузак районунда эле Октябрьский, Михайловка, Дмитриевка, Архангельский, Любленко, Подгорный, Спассовка, Благовещенка ж. б. деп бир кездеги орус көпөстөрдүн аттарына коюлганынан байкасак болот. Ал жерлердин атын өзгөртөлү деп канча жыл гезит беттерине жазып, айыл өкмөттөргө, район жетекчилерине сунуштап барып жүргөм (анын баары азыр өзгөргөн).

«На основе нового положения власти изьяли большое количество земель, **принадлежащих кочевому населению** Туркестана, и создавали земельный фонд для колонизации». («История Узбекской ССР».1968, стр. 73.) «Башкаларга караганда колониалдык эзүүнүн залакалары кыргыз элине оорурак түштү. Мындай пикир бекеринен эмес: кыргыз эмгекчилеринин бул көтөрүлүшкө катышуусу тууралында Түркстан округдук сотунун прокурору Туркестан аскер командачысына жазган рапортунда (21-август, 1898-жыл) мындай жазылган: «В разноплеменном населении Ферганской области наиболее беспокойной частью всегда были (и долго еще, вероятно, будут) **полуоседлые киргизы и они составляли главную массу** участников восстания» (Красный архив, т.30880 стр.168). Ш.Абдыраманов, «Тарыхтын ак тактары». – Бишкек, 2007-ж., 82-б.).

Ошентип Көк Арттан Чыйбыл болуш башында турган атчан кыргыздар кармалган 777адамдын негизги бөлүгүн түзгөн, Анжиян көтөрүлүшүн уюштурган алты адамдын төртөө кыргыз, бири ийикчи Мадали эшен кыргыздын кыпчак уруусунан. «1898-жылдын 15-май күнү Миңдөбө кыштагында башталган көтөрүлүштүн алгачкы сааттарында 356 атчан кыргыз, 126 өзбек делет (бирок алар да кыпчактар, түрктөр, чыгыш урууларынан тентиген дервиштер болушкан экен), 17 уйгур (кашкарлык), 5 тажик катышкандыктары сурактарда анык болгон» (Ш.Абдыраманов,«Тарыхтын ак тактары» Бишкек, 2007-ж.,85-б.).

«1898-жылы 14-майда (шаршемби күнү) Көгарт болуштугунда чоң жыйын өткөрүлүп, ага аймактагы көп кыргыздар келишти. Баары жер-суусунан ажырап, жандары жалындап күйгөн адамдар эле. Большевиктердин «тап»

деген жасалма теориясындагыдай, «бай», «кедей» болуп экиге бөлүнбөй эле, бай-кембагалы аралаш болучу.

Айрымдары азыр эле жаңы орус посёлокторуна кол салып, четтен кыйратып, өлтүрүп кирүүгө даяр экендиктерин билдиришти. Мындай кызуу кандуулукка сабырдуу Чыйбыл болуш макул болгон жок. Ал 250дөн ашык азаматтарды бөлүп алып, эшендин Миңдөбөдөгү ханаканасына барыша тургандыгын билдирди. Иштин ал-жайын түшүндүрдү. Ал адамдар Миңдөбөгө келишти»... (Ш. Абдыраманов, «Тарыхтын ак тактары». Бишкек, 2007-ж.97-б)

Ошол мезгилдеги шартка ылайык бир жыл күткөн эл эшенге келишкенде, атчандардын 10 тешеге жакын жерге толуп кеткендигинен өкмөт билип калуусунан корккон эшен элге кабар берип, бир күндөн соң эл көтөрүлүш баштап жиберишет...

Буларга шаар эли да кошулат деп эшендин ойлогону ордунан чыкпай, шаардыктар үйлөрүнө кире качып, атчан кыргыздарды колдогон эмес. Ага жогорудагы Түркстан округдук сотунун прокурору Туркестан аскер командачысына жазган рапортунда (21-август, 1898-жыл) ачык эле жазылып турат. Көтөрүлүштүн негизин кыргыздар түзгөнү жана да алардын чабуулу токтобой боло бере тургандыгы тууралуу билдирүүсүндө. Ушундай кандуу кармаштарда башын сайып, баскынчылардан өз жерин бошотуп алуу үчүн курман болгон бабаларыбыздын эрдиктерин азыр биз сыймык менен эскеребиз. СССР мамлекетинин курамында болгонубузда мындай нерселер айтылбаган, тыюу салынган. Айтылмак турсун, ишарат эткендерди түрмөлөргө камап, сүргүнгө айдашкан.

Бабаларыбыздын көрөгөчтүгү, баатырдыгы азыркы биздин уулдардын да канында бар.

"Улуу акын Токтогул Сибир сүргүнүнөн качып келгенден кийин бир тойдо Эшмамбет акын ага жолугуп, ыр менен саламдашат. Ошол суроо-жооптордо мына мындай ыр саптары бар.

**Эшмамбет:**

Көрдүң бекен Токтогул,
Көкарттан кеткен Чыйбылды?
Кунадир келип кармаган,
Күмүш боолуу туйгунду?
(Кунадир – губернатор дегени)

**Токтогул:**

Көрүп жүрүдүм өлгөнче
Көгарттан барган Чыйбылды.
Айдалып кетип баратып,
Жолдо калды өлгөндө...

деп аны көмө албаган себептерин Токтогул өкүнүү менен ырдайт" (Ш.Абдыраманов "Тарыхтын ак тактары"- Бишкек-2007-ж.77 - бет). Ошол Анжиян көтөрүлүшүн уюштургандардын бири Чыйбыл болуш да катуу жазага тартылган.

Кыргыз элинин башынан кечирген азап- тозоктору канчалык зээнди кейитпесин, бабаларыбыз миңдеп кырылса да, улам кийинки муун колуна куралын алып, көөнө тарыхыбызда өз тагдыры, эркиндиги үчүн күрөшкөнү күрөшкөн. Чын-чынына келгенде кыргыздар тууралуу айрым архивдерде сакталган маалыматтар боюнча кээ бир уруулар гана азыраак эскерилбесе, негизинен кыргыздын бардык уруулары чет элдик баскынчылар менен жан аябай кармашкандары белгилүү..

Архивде «XIX к., 70-ж., адигине уруусу – 3145, муңгуштар – 1225 боз үй болгон» деген маалымат

сакталган. Н.А. Аристовдун маалыматына караганда XIX к., экинчи жарымынын башталышында 77506 түтүн кыргыз болгондугун жана аларда 304366 кыргыз жашагандыгын билебиз. Фергана облусунда 110 миң, Самаркан облусунун Кожент уездинде 9370, Сырдарыя облусунун Олуя-Ата уездинде 47 миң, Жети-Суу облусунда 137218 кыргыз жашап турган... Букар кандыгына караштуу аймакта 40 миң кыргыз бар экени белгилүү» (Т. Өмүрзакова, «Курманжан датка» Бишкек, 2002-ж., 93-б).

Өзүңөр байкагандай, бул маалыматтар боюнча, илгертен эле кыргыздар кошуна мамлекеттерде (кыргыздар канча бир кылымдар бою башкалардай жерди бөлбөй, жалпы аймак, орток аймак катары пайдаланып келишкен) тең ата болуп, керек учурда ошол мамлекеттин калыптанышына, элдин тынч жашоосуна, байгер, бакыбат турмушуна өз салымдарын алардан көп кошуп келишкендигине учкай токтолдум.

Жогоруда айтылып келгендей Алымкул аталык, Молдо Алымкул түштүк кыргыздардын феодал төбөлдөрүнүн жана саясий ишмерлеринин бири. Кыргыздын ичкилик (жедигер деген да маалыматтар бар) уруусунан деген маалыматтар да бар экен. Кезегинде Алымбек даткага кошулуп, Кудаяр кандын ордуна такка Малаканды көтөргөн. Бирок 1862-жылы февралда Малакан өлтүрүлүп, тактыга Шаамурат олтурган. Ал эми Алымкул аталык кандыктын башкы вазири болуп дайындалган.

1863-жылы Алымкул аталык төңкөрүш уюштуруп, чоң курултайда тактыга Малакандын 12 жашар уулу Султан Сейитти ак кийизге салып отургузат, ал эми иш жүзүндө кандыкты 1863-1865-жылдары өзү башкарып турган. 1865-

Молдо Нияз (1823-1896)

«1-санат дигар (Алымкул)

*(үзүндү)*

... «Мусулман журт тынарда,
Ок жаңылды өзүнө.
От чагылды көзүнө.
Ат боорудан кан кетти,
Жаннатка карап жан кетти.»...

(Т.Кененсариев, «Алымкул Амир лашкар» 113-бет.)

Кыргыз элинин жазма улуу акыны, Алымкул аталык, Амир Аскер башы тууралуу тарыхый чоң поэма жазган Молдо Нияз түштүк аймакта Кокон кандыгы доорунда ошол тарыхый окуяларга аралашып, элге акыл-насаат ырларын жазып, агартуучулук иштер менен алектенип келген философ акын.

Күчтүү таланты, жөндөмү, кыраакылыгы бар, мамлекеттик ишмер Алымкулдун мекенчил, эр жүрөк, баатырдыгы жана аймактардагы этностордун башын бириктирген дипломат эл башы катары өз убагында даңазалаганы айкын.

Ал эми ошондогу саткынчылык тууралуу эл арасындагы сөз күнү бүгүнкүдөй унтулбай, наалат айтылып келет.

Саткынчылар кеңешип,
Жең ичинен келишим
Түзгөн деген ырастыр.
Жер баскынчы душманга
Эл сатканы мурастыр...
Күнүмдүгүн ойлогон,
Ал жээк менен бул жээкке
Чаар жыландай сойлогон
Болгон кара мүтөздөр,

Акчага көзү тойбогон.
Ала барман жүгүрүп,
Өз жашоосун сомдогон,
Бей күнөө жандар кырылса,
Боору сыздап койбогон.
Безерилер бапаасыз,
Жер-сууну да кордогон.
Кесепети көп тийип,
Барктабаган мекенин,
Калыс, калкка күйүмдүү
Какшаткан бийдин эченин.
Алымкулдай шерлерди,
Айкөл, баатыр эрлерди,
Жорголоп жүрүп жанында,
Жалдаптыр атчуу мергенди.
Орто Азия, Кашкардан,
Мамлекет башкарган.
Бириктирип эл башын,
Баскынчыдан жер коргоп,
От согушка баш салган.
Өлкөлөргө четтеги,
Каттар жазып, маанилүү,
Элчи жандар аттанган.
Түзөм деп достук мамиле
Асыл жанын сактабай
Эсил кайран Алымкул,
Ташкенди коргоп от кечип,
Ажал тапты какшаалдан.

Ооба, мыкты аскер башчысы болгон молдо Алымкул эмирлердин эмири күтүүсүздөн саткындардын айынан шейит кетти. Андай таянаар кадыры күч элбашы болбогондуктан миң башы, жүз башылар башкарган аскерлер баш аламанга кабылды.

***

Улугбек мырза жазган «Төрт улустун тарыхы» китебинен маалыматтарда.

Кыргыздар согуш жолуна чыгышканда кандын оң тарабында эсепсиз жоокерлер, эл башылар, аскер башылар Оңдор деп аталган. Сол тарабында сансыз жоокерлер, аскер башылар, эл башылар Солдор деп аталган, ортодо, ички аймакта туу көтөрүп, кандын алдына түшүп, жоого аттанган сансыз жоокерлер – Ичкиликтер деп аталган. Мына ошондон баштап оң, сол, ичкилик кыргыздар болуп уруулар чоң үч тармакта атала баштаган.

Көк асаба – мырза теректин шыңга өскөн билектей жоондорун кесип, бутап, ошонун башына кызыл туусун таккан. Ошондон кыргыздарда «Асабадай, асабадай шыңга бойлуу жигиттер» дегендери эл ичинде айтылып калган. Көк шыңга теректи сулуулап – асаба, туунун туткасы кылып жасашкан.

***

Ошондо кыргыз эсебинде он эки жыл иштегенин Кара-Жыгач элинен жакын санаган туугандары, айылдын кадырлуу аксакалдары чогулуп, Пиримберди, Эгемберди зарп[1], Даңгасага «Барып, Ташбекти Кашкардан алып келгиле, он эки жыл көп, мындан ашык турса жакшылык болбойт, Кокон кандыгы да Россияга кошулуп кетти, (1876-ж.) коогаландуу кез келди», – деп Кашкарга жиберишет.

Ушул маалыматтын өзү эле кара-жыгачтыктардын ар бир иште өз маалында байкап, эл ичиндеги ошол мезгилдин эски-жаңы саясатынан кабардар болуп турганын айгинелейт. Мындай мамиле өз жеке пайдасын гана көздөбөй, Ташбекке арка-бел болгонго жарап, олуядай эл

акылмандары көсөмдүгүн көрсөткөндүгүнүн бир мисалы. Эзелки уюткулуу кыргыз элинин кадимден бери келаткан ата-бабалардын салтын, наркын мыкты сактаганын билдирет.

Кашкарда душмандары Жакыпбек канга уу берип өлтүрүшкөн окуя жогоруда эскертилген. Дал ушул мезгилде Кашкар ордосуна алиги дөөдөй болгон жигиттер Ташбекке келишет. Аларды элге кайра жиберген болуп, ордодогу уюшкан козголоңчулар Ташбекке кол сала тургандыгын билип, шаардан чыгарып: «Жолго чыкканда талааларга улам ар кай жерге он-он бештей от жагып, ошол жагылган оттордун айланасына аттарды кошоктоп, тынбай айланта бастырып тургула, анан андан ары жылып, дагы ошенте бергиле», – деп тапшырып, ордодогу каршылаштары менен салгылашып, аман чыгып кетет. Эгемберди зарп[1] палван, чоң-чоң ташка, же жапыс жардын үстүнө чыгып, атына минчү экен. Салмагы кечээ улгайган кезинде 200 килого чамалаш болуптур, жашында таразага түшпесө керек. Эгерде үзөнгүнү тээп минсе, аттын бели буралып кетчү дешет. Ага менменсинген палвандар да бет келип, каршылык көрсөтө албаган. Күрөктөй болгон балбан колу менен бир кармаганда эле бет келген адамдар туруштук бере албаган. Анын балбандыгы тууралуу ар кандай аңыз кептер азыркы күнгө чейин айтылып келет.

Кашкарда датка болуп Жакыпбек менен Ташбек он эки жыл иштешкенде үчүнчү аялга (мусулман эрежеси боюнча эркек киши бой жүргөнү болбойт дешет) үйлөнгөн. Ошол уйгур аялынан Эшенкул деген уулу бар. Уулу Эшенкулду алтын сандыкка салып атка өңөрүп, ордодон алып чыгат экен. Ошондой эле ошол кармашта жарадар болгон жигити Жанкулду да Кашкарга таштабай, элине ала келген. Эли,

жанында кызмат кылгандарга дайыма кам көрүп, ар бир адамга өтө кылдат мамиле жасаган, ийненин көзүндөй жерден жол тапкан көрөгөч датка болгон дешет. Кашкарда он эки жыл кызмат өтөп, элине кайткан учурда артынан келчү куугундар үчүн жанында саналуу адамдары болгонуна карабастан, ар кайсы жерге улам элүү-алтымыш от жактырып, аттарды кошоктоп улам айланта бастырып, кыргыздардын жүздеген жоокерлери келгендей көрүнүш жасап, жоонун үшүн алган. Себеби, орто эсеп менен ар бир от айланасында ондон киши болсо беш жүз, алты жүз жоокер бардай көрүнөт. Айлакердик менен жоодон жанындагы он чакты адамдарын аман-эсен алып чыгып кеткени анын эң мыкты аскер стратеги катары бааланат.

Жолдо куугун артынан жете келип калганда алиги аттардын издерин, от жагылып, күлү калган жайнаган казылган кемегелерди көрүп, кыргыздар өтө көп кол курап келиптир деп ойлоп, корккондон артка кайтып кетишет. Эшенкул душман колдуу болбос үчүн алтын сандыкты сууга салып жиберип, кийин жоокерлери менен суунун жайыгынан кармап алышат. Эшенкул бала-чакалуу болуп, бүгүнкү күндө чөбөрө, кыбыралары бар.

Николай падышанын мезгилинде Ташбек Кашкарда кезинде генерал М. Д. Скобелов Эгемберди деген кишиге келип: «Сен ушул жерге ээлик кыл десе», ал:«Жок, бул жердин ээси бар, келсе өзү бий болот» дейт. Үч жылдан кийин Ташбек датка келет, үч күн эс алгандан кийин Эгемберди Ташбекти генерал М.Д.Скобеловге алып барат, Ташбек менен Скобелов экөө көпкө сүйлөшөт. Скобелов Акбий миң башыны чакырып, эми сен бошсуң деп мөөрдү Ташбекке алып берет.

Кашкарда Жакыпбек кан менен иштеп жүргөн мезгилинде жети шаардын биринен Үрүмчүгө келе жатканда Ташбекке кытай жоокерлери чабуул жасап, эр сайышта кытайдын найзасы көзүнө сайылып калат. «Нөкөрлөрүнө төрт элидей сороюп чыгып турган найзаны суруп алгыла десе, корккондорунан көнбөй коюшат. Ошондо өзү аттан секирип түшүп, жүз арчуусу менен найзанын сыныгын ороп туруп колу менен найзанын сыныгын тизесине кошо кармап, башын артка шилтеп жиберип сууруп алган экен. Мына ошондон бир көзү азиз болуп калган дешет»,– деп жазат Миталип уулу Жаңыбай («Ташбек датка» 1993-ж., 18-б. Пүлгөн).

Көр Ташбек деп аталып калганы ошондон болсо керек. Бул маалымат эл арасында айтылып калган. Кашкардан келгенден кийин да Ташбектин атагы элге тарап, дайын болуп айтыла баштады. Россиянын падышасына чейин таанымал болгон Курманжан датканы Ташбек тууралуу маалыматтар кызыктырган. «Наймандын Көк кашка деген күлүгү бар экен, көр Ташбек деген даткасы бар экен, бул ким болду экен өзү?» – деп (жогоруда көрсөтүлгөн китептен 29-бет.) атайын ат арытып бир нече адамдары менен келип, ичкилик элинде, Кадамжай аймагында жолукканы тууралуу айтылат. Төмөндө Миталип ажынын айтканын келтире кетели.

«Анан Курманжан датка бул ичкиликти М. Д, Скобелев аңгемелешип эле миң башы кылып койду, бир көрөйүнчү деп Ташбекке кабар берет (сентябрь айында). Ташбек октябрь айында келип, элимди-жеримди көрүп кетсин дейт. Кара-Дөбөдөн ылдый Ак-Ташка карай эки арык түшүрүп, эки арыктын ортосуна алты боз үй тиктирет. Дарадан жыйырма беш жаштагы бою да, өздөрү да окшош эки келинди таап,

аларга бирдей кийим кийдирип, Курманжан Датканы 300–400 метрдей калганда утурлатып тостурат. Эки келин чакмактай кара ат минип келген Курманжан Датканы «Датка эне, келдиңизби?» – деп аттын эки жагынан кармап жетелеп келишкен экен. Ошондо Курманжан Датка энебиз бул «куу ичкиликтин алдынан жибектей майин, мышыктай жумшак болуп кайтам, башка сөз да жок» дептир. Ташбек ошондо өзүн көрсөтпөй туруп, Датка энебизге өзүн тааныткан ушу.

Курманжан датканы Амирабектин энеси жана Жээнбек мырзанын энеси экөө (Ташбек датканын эки аялы) аттан түшүрүп, эсен-соолук сурашып, сыйлаган. Кечинде Ташбек датка Курманжан датка экөө орустар менен кандай мамиле кылабыз, элди кандай башкаруу керектиги тууралуу сүйлөшүп отурушат. Датка кетип баратып минтип айткан дешет элде:

Ала кыя айры калпак кыргыз-казакта,
Ала чапан, ала допу, кыргыз-кыпчакта.
Мындай эрди чанда гана аял бир төрөйт,-деп

кеткен» – дешет. *(Өзбек Республикасынын Фергана облусунун, Кувасай шаарынын Лашкар айылынан Миталип Ажы Искандаров деген аксакалдан айткандарынан (15. 05. 2018-ж., Фергана).*

Кан ордосунда да, орус паашасында да кадыры жогору болгон Курманжан датка барып, Ташбек менен таанышып келиши ошол аймакта жашагандардын баарын кызыктырган. Ал кишинин кара чакмактай ат минип барганын, көргөн адамдын ал кишиге тик карай албаган сүрүн, адамды бир көрүп, ачык китептей окуган акылман энебиздин Ташбекке берген баасы өтө жогору болгону бекеринен эмес

экендигин айрым маалыматтарга таянып, жыйынтык чыгарсак болот.

***

Жакыпбек тууралуу тарыхта мындай маалыматтар бар: «Йакуббек Мухамед Йакуббек (1820-1877) – Чыгыш Түркстандагы Жети шаар феодалдык мамлекетинин бийлик ээси. Кокон кандыгында Пскент шарында туулган. Жездеси Ташкендин беги болгондуктан, Чыназ дубанына акимдикке дайындалган. 1857-жылы Ак-Мечит калаасынын беги болуп турган. Кудаяр канга козголоңу ишке ашпай, 1853-жылы Букарга качкан. 1858-жылы Кудаярхан тактан түшкөндө Йакуббек Коконго кайтып келген. Кан аны өлүм жазасына тартарда Алымкул аталык куткарып калган. 1864-жылы Кашкарга Бузурук кожого жардамчы иретинде жиберилген. 1867-жылга карата Йакуббек Кашкардагы бийликти өз колуна алып, башка калааларды (Котан, Яркен) каратып алат. 1870-жылы Үрүмчүнү алып, өз алдынча Жети шаар мамлекетин түзгөн... ...«Йакуббек бадавлат» («Дөөлөт ээси») титулун алган. Йакуббектин мамлекетин 1868-жылы Улуу Британия менен Түркия, 1872-жылы Россия тааныган»... *(«Ташбек датка», 1993-ж., 17-б. Пүлгөн, Миталип уулу Жаңыбай)*

P. S. Жогоруда мен мисал келтирген «Ташбек датка» деген эмгегин ошол Кара-Жыгач айылынын тургуну, билимдүү жигит Миталип уулу Жаңыбай көп жылдыр бою Ташбек датканын өмүрүн, эмгек жолун, анын жан-жөкөрлөрүн изилдеп жүрүп, аталган китепти жарыкка чыгарган. Материалдарды эл оозунан, санжыралардан жана архивдерден жыйнап, абдан чоң эмгек жумшагандыгын белгилеп кетүү оң. Жаңыбай өзү тарых сабагынан берген мугалим. Бүгүнкү күндө айтылган Кара-Жыгач айылында жашап эмгектенет.

Мына ушул жылдары Ташбек датканын нөкөрлөрү менен шаардан шаарга барып эл сурап, Алымкул аталык,

эмирлердин эмиринен Кокон кандыгына караган чек ара чептерин, шаарларды коргоодо далай чогуу жүрүп тажрыйбасын алгандыктан, Кашкарга Жаркен, Хотан, Ак-Суу, Куча, Карашаар, Бугур, Турпан шаарларын каратып алып, Кашкарга баш ийдирип, бириктирип Чоң Түркстан мамлекетин негиздешкенде Жакыпбек кандын вазири кызматын өтөгөн. Алар менен чогуу 1865 –жылдан баштап Алымкул(ал шейит кеткенден кийин Кашкарга барышкан) аталыктын жакын тууганы, Дубана Метер аскер башчысы болуп өз салымын кошкон.
Ал Түркстан мамлекетин эн биринчи Улуу Британия менен Түркия, анан Россия өлөкесү тааныды.

***

Кашкардан келгенден кийин Ташбек датка генерал М. Д. Скобелевдин буйругу менен Исфайрам боюна миң башылык кызматын аткарат. Ташбек датканын ошол кездеги эл сураган кеңсеси менен курган медресеси совет мезгилинде мектеп болгон. Кийин мектептин класстарын көбөйтүү максатында ага улай курулган да бөлмөлөр бар. Азыркы «Дыйкан» орто мектеби ошол эски имараттын короосунда кийин жаңы курулган.

Эски имараттын абалы көчкөнү турган менен аны эч ким бузууга же оңдоп курууга батынбай келет. Кайсы бир жылы мектепти жайкы каникул кезинде оңдоо максатында дубалынын шыбагын кырдырып жатканда дарчасынан китептер табылган. Ал китептерди кармап көрүп, кайра ошол ордуна коюп шыбатып салышкан. Кийин ошол китептерди кармаган мугалим оорулуу болуп калган.

Төмөндө Ташбек датканын кенже небереси Карачач байбиченин жана айылдаштарынын берген маалыматтарын келтиребиз.

«Кеч курун көчөдөн өйдө жакка же ылдый жакка бир иш менен бара жатып мектептин жанына келгенибизде эски имараттын ичинде күйүп турган шамдарды көрчүбүз, ырдагандай, ыйлагандай, сүйлөгөн үндөр угулуп турчу. Коркконубуздан тез-тез басып өтчүбүз. Ошол медресенин имаратында балдар окуган кезде ак кийимчен аксакал көрүнүп, алар коркконунан эси ооп калган күндөр да көп болгон», – дейт Ташбектин небереси Карачач Амирабекова.

Бул сырдуу кубулуштарды эл кишиси Ташбек датканын кандайдыр бир өзгөчө касиети катары деп түшүндүрүп келишет. Биз барганда медресенин жана кошумча курган класстардын, кеңсенин эшик-терезелерине жыгачтар кагылган , кокусунан бал-бакыра кирип, дубал көчкүсүнүн астында калбасын үчүн сыртынан темир зымдар каршы-терши тартылып турганын көрдүк.
Далай жыл советтик мектеп болуп кызмат аткарды, азыр жаңы мектептин короосунда сакталып турат.

Бул мектептин бизге айтылбаган, ошол эле кезде айылдаштары, мектептин мугалимдери жакшы билген далай катылуу сырлары бар. Ал сырларды баары жакшы билишет, бирок ал тууралуу көп эле айта берсе да болбойт дешет. Касиети артык бул адам тууралуу алигиче толук изилденип да бүтө элек маалыматтар арбын сыяктуу.

«Ташбек датканын атасы молдо Үмөт жашаган Ак-Теректеги журтунда күн чыгыш тараптагы боордо ошол киши тиккен кучак жеткис эки жоон ак терек бар болчу, – дейт Карачач байбиче. – Мурунку кыш оор болуп, отун

жетпишпеген бирөө ал теректи кыйып кетиптир. Алыс-жууктан келген адамдар теректи пааналап түбүнө олтуруп эс алып, кээси көзү өткөн маркумдарга куран окуп кетишчүү. Көп өтпөй ошол теректи кыйган адамдын денесине жара чыгып оорукчан болду, эмнеден анткенин билбейм» (26–27-апрель, 2016-жыл, Карачач Амираева, Кара Жыгач айылы).

Ташбек датканын биринчи аялынан Султан, Султандан – Каракыз, Кылычбек, Артыкали. Экинчи аялынан Жээнбек мырза, андан Чоно, андан Рахман, андан Орозмат. Орозматтан Абдимат, Абсалам, Бумайрам, Аваз, Султон – небере-кыбыралары.

Үчүнчү кашкарлык аялынан Эшенкулдун балдары: Жоро, Мааткул, Аким, Мамыт, Авахан, Айымкан. Ташбектин Алайчы аялынан Амирабек. Анын төрт кызы, улуусу Бүбүкан – 96 жашында аалам салган. Бүбүкандан – Ибадат, Айша, анын кызы Айшакан бар. Экинчи кызы Асалкан (1920-2008-ж.) 91 жашында көзү өтүптүр, үч уул, эки кызы бар: Мухтар, Акпар, Жүмагүл, Ташбек, Каныгүл. Үчүнчү кызы Бурулкан (1932-2010-ж.) 80 жашында көзү өттү. Анын эки уул, бир кызы бар: Малика, Камалдин, Жамалдин. Төртүнчү кызы Карачач (1936-жылы туулган) эки уул, бир кыз: Исаков Кубаныч, Исакова Гүлнара, Исаков Каарбек ушул айылда жашашат.

Датканын небереси Карачач байбиченин эскерүүсү: «Атамды кармап кетмек болушканда мен эки жашта экенмин. Асалкан эжем он сегизге толгон кези экен. Ал минтип айтар эле: «Амирабекти кармап кетет имиш» деген түнү атамдар сандыктагы тиллаларды кийизге төгөөр алдында бизди «Тескери карап тургула» - деп буйруду. Биз тескери карап турдук. Атамдар алтын сандыктагы тиллаларди кийиздин үстүнө төгүп, куржундун эки көзүнө

толтура салып, сыртка чыгып, атка минип кетишип бир маалда келишти. Бүбүкан эжем тескери карап турса да бир ууч алтынды уучтап калган экен. Өтө шамдагай, эптүү, ушар кыз эле деп ал тууралуу Асалкан эжем өлөр-өлгөнчө айтып жүрдү», – дейт Карачач байбиче (26-апрель, 2016-ж.). Ушу кезге дейре ошол Ташбек даткадан калган алтындарды атасы Амирабек кайсы жерге көмдүрүп келгенин эч ким билбейт дешет.

Амирабекти кармап камаганда, кийип жүргөн чапанын чечип таштап, башка чапан сурап кийип кеткен экен. Кетип баратып, аялы Алайчыга кийген чапанынын шырыгын улам ымдап көрсөтө бериптир. Аялы келип, үйгө калтырган чапанын сөгүп караса, акчаларды ороп түтүк кылып шырыкка сойлотуп, алтындарды да шырыкка каттап жашырган экен. Ал чапанды сөгүп, акчалары менен алтындарды алып, белгилүү жерге көмүп коюп, улам четинен керегине жаратып турган. Ошентип, кары-жашы болуп далай адамдарды алып кеткен ачарчылыкта Алайчы төрт кызы менен жанын багып аман калгандарын көп айтышат.

***

Ташбек датка Кара-Жыгачта генерал М.Д.Скобелевдин буйругу боюнча иштеп жүргөндө өзүнө иш кагаздарын жаза турган билимдүү катчы издеп калат. Үйүнөн чыгып, кеңсеге келгенче күндө айылда кайсы жерде эмне иш болгонун көрүп, кыдырып чыгат экен. Ошондо Шава көчөсүнөн 17-18 жаш курактагы бир жигит алдынан чыгып, дайыма эңилип салам айтат. Жигитке датканын назары түшүп, бул адептүү баланын дайнын элден сураштырса, Аташбайдын баласы дешет. Кашкарга барып окуп келген айылдагы сабаттуу

жигит экен. Бул тууралуу билген соң бир күнү Аташбай аксакалдын үйүнө келип, атынан түшүп амандашып, баласынын кызматы даткага ылайык экендигин айтат. Датка алдына келгенине Аташбай аксакал чоң урмат менен колун куушуруп: «Сизге ылайык болсо, анда туттум, сизге баламды туттум!» – деп баласын даткага кызматка бериптир. Ошентип Ташбек датка Аташбай аксакалдын уулу Рахматилланы өзүнө катчылык (анда мырза дешчү) кызматка алган экен.

Аташбайдын эки уулу болгон: бири молдо Рахматилла жана бири Маатбай. Эки бир тууган кийин куда да болушат. Молдо Рахматилла кызы Айдайды бир тууганы Маатбайдын уулу Шакирге берет. Айдай байбиче да мусулманча кат-сабаттуу, билимдүү адам болгон. Андыктан атасы көзү өткөндө ал кишинин бүт жазган иш кагаздарын, Ташбектин даткалыгын тастыктаган мөөр басылган вакымдарды, башка элдин бийликтегилер менен жазышкан иш кагаздарын, атасынын аты жазылган мөөрүн жана арабча китептерин Айдай байбиче жоготпой сактап калган. Ал (1907–1998-ж.) 91 жашка чыккан кезинде көзү өттү дейт чебереси Бозулан. Бирок ал документтерге анча маани бербеген неберелер айтылган баалуу иш кагаздарды толук сактоону камсыз кыла албай калышыптыр.

Айдай менен Шакирден Куттугали деген уулу, андан алтоо: Бозулан, Баястан деген уулдары, Акмөөр, Аппакмарал, Майдагүл, Гүлсава деген кыздары бар.

***

Ташбектин кыбырасы Топчубаева Токтобүбү 1953-жылы ушул Кара Жыгач айылында туулган. Азыр да ушул айылда жашайт, үч кызы бар. Өткөн алтымышынчы

жылдарда деле бай-манаптын тукумдары деп куугунтук-тап, айрымдарын кармап кетип, камакка салышкан заман болгон. Куугунтуктоо токтотулган эмес дешет.

Атасы Топчубай (Ташбектин небереси) экөө тоо таяна качып баратышкан болот. Токтобүбүнүн атасына жетип келген эки кызыл аскердин бири аны кармап кетпей эле, мылтыктын кундагы менен башка чаап өлтүрүп салыптыр. Чаңырып ыйлагандан башка колунан келбеген кичинекей кызды атасына карай баратса аскер адам аны суу тарапка ыргытып жиберет.

Токтобүбүнүн айтканына караганда Топчубай солдаттардын аны кармаганы келатканын угуп, атасынан калган алтын-зерлерди куржунга салып, моюнуна илип келаткан болот. Солдаттар жакындап калганда алтындарын куржуну менен кошо суурдун ийинине тээп киргизип жиберет.

«Мылтыктын кундагы менен башына бир урганда эле атамдын оозунан кан кетип жатып калды. Мен чыңырып атама жармаштым, экинчи бир солдат мени суунун бою тарапка ыргытып жиберди. Ушул кезге дейре ошол суурдун ийини кайсы жерде экенин таба албадым, анда мен өтө кичине элем», – деп айтып берген Токтобүбү бизге сүйлөшкөндө.

***

Бул тоолор далай сырын,
Айтпаган күнгүрөнүп.
Алчактап өткөн мезгил
Кор, жыргал күндү көрүп.

Учкаяк ат жалында
Жарышкан шамал жашоо.

Кылычтын кылда учунда
Зымырап өмүр кошо.

Өтүптүр көзгө илешпей
Не деген замандарың.
Күрөшүп күн кечирген
Акылман адамдарың.

Ызгаарлуу күндөрдө да
Жыргалдуу тилеп жазды.
Ырыскы, бактын коргоп,
Душманга орун казды...

Кырчылдап кан майданда,
Бет келип ажалга тик.
Жан алып, жан беришип,
Бар-жокко келди түтүп.

Буйгалуу колоттордо,
Бекитип быткылдарга,
Сактаган элин аман
Жүдөткөн душман барда.

Саратан, жай болсо да
Жаадырып сары карды,
Жайчысы кара ташын
Жоо үчүн суугa салды.

Окуса дуба-шертин
Кырылган касташканы.
Кыргызың түз сүйлөшсө,
Колдогон көк асманы.

Дайрадан кан жошолоп,
Көмүлбөй далай эрлер,
Тозокту тирүү көргөн
Зар какшап, жетпей элге.

Көз жашын төгүп асман,
Көнөктөп басылбаган.
Каптаган караңгылык,
Түтпөгөн жашыл аалам.

Ай туяк оюп жерди
Баскынчы далай жорткон.
Кендирди кескен согуш
Жеңгени болуп корстон.

Кыргызым кылымдарда
Чыйралып улам кайра,
Сайларда суулар оогон,
Тынч жашоо кеткен кайда?

Опол тоо очорулган,
Козголуп жердин огу.
Апаатты салган башка,
Айыл, шаар калбай орду.

Кейиген жаратканың,
Кесирлүү баскынчыга.
Келберсип өзөн, жериң
Кээде тынч жаткан тура!

Кыйла жыл ак паашанын өкүлү менен иштеп жүрүп, 1902-жылдын кышында Чоң-Алайдан талаш жерди баргылар менен ичкиликтерге чегин ажыратып берип келгенде өпкөсүнөн кагынат. Ошондогу дартына дабаа табылбай, 1903-жылы жазга маал катуу оорудан дүйнөдөн кайткан.

Кийин орус төбөлдөрү Маргалаңга Алайдын жарымын, Ош менен Анжиянга жарымын бөлүп берген экен. Алайдын жылкыларын 10 жылдар бою Бойке деген жерде кыштатып жүргөндө Отуз уулдар келип: «Жылкынын жарымын бизге бересиңер, биздин жайлоодо оттоп жүрүшөт», – деп жер талашып, мал талашып, ичкиликтер менен чабыша кетишет. Ошол мезгилде Ташбекке кабар жөнөтүшөт. Датка орустун эки өкүлүнүн бири «сакоо» найып болгон (ал кыргызча тил билбегендиктен ошентип аташкан) Найман айылындагы Скобелевдин туруктуу катчысын жана дагы бир аскер кишиси менен Алайга барат. Ал жердеги баргылар менен ичкиликтердин чатагын жөнгө салып, жердин чегин белгилеп берип, кайра келе жатканда кар улуу жаап, Теңизбай даванында борошо уруп, жол ачылбай, катуу суукта калып калышат. Орустар арак ичип жан сактаса, Ташбек ичпей, өпкөсүн суукка алдырып кыш ичи төшөктөн турбай, катуу ооруп жатат.

Ташбек датка ошол суук тийгизип алган боюнча төшөк тартып жатып калат. Эл жазында Майдандын үстүндөгү Арча-Булак жайлоосуна чыгышчу экен. Жаз келип, эл жайлоого көчөр маал болсо да Ташбектин төшөктөн турбай катуу ооруп жаткандыгынан эл жайлоого көчпөй, кокус Ташбек датканын көзү өтүп кетсе, убагында укпай алыста калабыз деп олтура беришет.

Бир күнү датка инилеринен сурайт: «Эл жайлоого көчтүбү?» – деп. «Жок, даткам, эл жайлоого көчө элек», – деп жооп бериптир. «Мени деп көчтөн калбагыла, Чаувайдагы Сурма таштан эки атка муз артып келгиле, менин айланама музду ороп, мени тузга салгыла», – дейт. Датка айткандай Сурма таштан эки кап муз апкелип, тузду сууга чылап эртеси тузга салаарда Ташбек датка: «Мага бир жыгач аякка тузду намакап кылып чылап алып келгиле» – дейт экен. Тузду датка сурагандай сууга чылап, жыгач аякта алып келсе, кармап туруп шимирип ичип, жанагы туздуу музга датканын өзүн салганда мурдунан кан кетип,(1831-жылы туулган,1902-жылы 72 жашында көзү өкөн) ошол бойдон узап кетиптир.

Эгер тезирээк көз жумбаса, бүт айыл ага каралап жайлоого көчө албай, мал-жанын карабай оокат-тиричиликтен кыйналып калат деп, оорусунан айыгып кетпесин билип, ушуну жасаптыр. Ташбектин көзү өткөнү тууралуу айыл эли үч күндөн кийин кабардар болот. Элдин чыгаан уулу, сүймөнчүгү болгондуктан туугандары элге суук кабарды угуза албай, күндүн ысыгына карабай, датканын эки атын жасалгалап, боз үйдүн алдындагы мамыга аса байлап коюшат.

Мамыда байланган аттары үч күн бою суу ичпей, оттобой кишинеп турганынан эл жаман кабарды билип, жыйналып келишет. Ызаат-урмат менен датканын сөөгүн акыркы сапарга узатышат. Ташбектин уста Тагай деген уйгур досу бар экен. Ал Шавадан жогору карай ат минип, аялдардай кошок айтып, айыл кыдырып ыйлап чыккан дешет. Уста Тагай ыйлап кошок айтып, ээрге өбөктөп, Ташбектин үйүнө жеткенде айылдын бийлери Молдо Рахматила жана Молдо Абдыкалык аттан көтөрүп,

түшүрүп, бир чепкен жабышыптыр. Ошол чепкенден кубулжуган бир кызыл, бир сары, бир жашыл түс нур чачыраганын турган эл көрүп, тобо келтиришет.

Уста Тагайдын кошогу:

Карадан бакмал эндейби?
Калкыган кара көлдөйбү,?
Кыргыз-казак ичиден
Катын төрөбейт сендейди.

Кызылы манат эндейби,
Кыйыры чалкар көлдөйбү,
Кыргыз-кыпчак ичиден
Кыздар төрөбөйт сендейди.

Карылуу жылкы кечпейби
Калкыган көлдүн дайрасын.
Кабылан болсо элиңден
Калкы көрөт пайдасын.

Аргымак жылкы кечпейби
Алайдын кирген дайрасын.
Азамат болсо элиңден
Айылы көрөт пайдасын.

Кара ташты чаптырып,
Ташбек арык дедирген.
Кашкарда жатып элине
Буудай камын жедирген.

Кычыраган чилдеде
Алайга барып келем деп
Алайдын  талаш жерини
Ажыратып берем деп,
Жанын берген арыстаным
Эми сиздей ким болот?

*(Бул кошок Өзбек Республикасынын Фергана облусунун, Кувасай шаарынын Лашкар айылынан Искандаров Миталип Ажы деген аксакалдан айткандары. Ал киши 1930-жылы туулган. Ал киши Ташбек датка жөнүндө айткандарын өзү жашаган айылындагы Маматбек жана башка бир топ аксакалдардан угуп жүргөн экен. Миталип Ажыдан Ташбек датканын кыбырасы Шарипова Лабар Ортикалиева «Дыйкан» орто мектебинде (Кара-Жыгач айылында) орус тили жана адабияты мугалими. 15. 05. 2018-жылы Фергана облусуна барып, жазып келген маалыматтан киргизилди.)*

Миталип Ажы маалында ошол өзү жашаган Лашкар айылында Ташбек датка тууралуу жакшы билген Маматбек аксакал жана анын курбалдаштарынан угуп жүрүп чоңойгон. Миталип Ажы бүгүнкү күндө 92 жаштын курагында күүлүү-кучтүү, балдары менен неберелеринин колунда жашап, чеберенин колунан суу ичкен бактылуу карыя. Ал кишинин айткандарын ошол бойдон калтырдык. Өзү да бир кылым жашап, өмүрү тарыхка айланган. Тарыхты ушундай кадыр-барктуу, акылы чулу, элдин баркын-наркын сактаган адамдар жасайт эмеспи.

Мен 2021-жылдын 21–23-январында Бишкектен Өзбек Республикасынын Фергана облусунун Кувасай шаарынын Лашкар айылындагы 92 жаштагы Искендеров Миталип

ажынын үйүнө барып, ал кишиге жолугуп, көп маалыматтарды алдым. Демдүү, кайраттуу, акылы тунук, эс тутуму мыкты аксакал саймедиреп аңгеме куруп берди.

Кыргыздын кадырман салттуу-нарктуу инсандары менен аңгемелешүү өтө чоң таалим-тарбия, кубат, шык бере тургандыгы ошондо дагы бир ирет бекем тастыкталды. Уул-кыздары, келиндери, небере-чөберөлөрү жыйналып, салтанаттуу майрам болду.

Ташбек көзү өткөндө айтылган кошоктор эл арасында азыркы күндө да бар.

Уста Тагай досу мындайча кошуптур дешет:

Эр Ташбегим эр эдең,
Ак жолборстой шер эдең.
Туйгунуң кетти чок эдең,
Тулпарың кетти жол эдең.

Кызылы эдең жылдыздын,
Кыйматы эдең кыргыздын.
Сарысы эдең жылдыздын,
Сардали эдең кыргыздын"...

*(«Ташбек датка» 1993-ж., 36-бет. Миталип уулу Жаңыбай, Пүлгөн.)*

Ташбектин сөөгү Кара-Жыгач айылынын этегиндеги дөңгө коюлган. Ал жерди Ак-Терек мазары деп аташат. Күмбөз алыстан эле көрүнүп турат. Андан ары колоттун ичи менен кадимки молдо Үмөт жердеген Ак-Терек сайга жүрүп кетет. Ташбек датканын сөөгү коюлган Ак-Терек мазарынын топурагынан айылы гана эмес, тиягы Алайкуу, бу жагы Баткен, Өзбекстандын алыскы шаар-

айылдарынан келген эл ырымдап алып кетишет. Ал топурак бир кылымдан узак убакытта ар кандай жарага, темиретку, сөөл, сагактарга, эч ким айыктыра албаган парсанактаган жаман ооруларга, бетке, денеге, колдорунун чыканагына чейин чыккан ж.б. дартка дабаа болуп келген. «Күмбөзүнүн ичинен далай адамдар бир кылым бою топурагынан алышса да, мүрзөсүнүн чети оюлбай, топурагы толгон бойдон ордунда турат», – дейт 80 жашка чыккан кенже небереси Карачач байбиче (2016-ж.,).

Мазардын топурагы адатта күмбөздүн ичинен алынат. Жүз жылдан ашык мезгилде миңдеген адамдар топурагынан ырымга, дарылыкка түйүп кеткенине карабай, мүрзөнүн бөскөрбөй турганында бизге белгисиз керемет бар сыяктуу.

Жогоруда биз өмүрү аяндуу сырларга толгон, калкы үчүн жасаган зор кызматы, тар жерден акылдуулук менен жол тапкан Ташбек датканын өрнөктүү өмүрү жөнүндө колдо болгон архивдик материалдарга таянып жана эл арасында айтылып келген аңыз кептердин негизинде азыноолак сөз козгодук. Анын артында калган аяндуу сырлары, өзчө касиеттүүлүгү, бүгүнкү күндө да элге шарапаты тийип турган өмүр жолу, элине өтөгөн ак кызматы кыргыз элинин улам кийинки муундарына өрнөк болот деген ойдобуз.

***P. S.* Ташбек датканын катчысында жана үй-бүлөсүндө сакталып калган мөөр басылган документтерди келтиребиз.**

1. Дар тарихи гүрра мох зулкаьда 1314-сына хазору се сат чохор да бутки аз жамааты Ургонжи Эгемберди бий валади Хуканд бий, ва Эгемберди бай волади Иса, Эр Мухаммад, ва Якуб валади Исмайил, Жоошбай валади шер Мухаммат бий, Баймурат валади Ярмухаммат, Момунбай, ва мулло Ысман валади Сураччы баатыр, Умар, Наркул волади Анарбай, мулла Хасан волади Эш Мухаммат бий ва Касым валади Маамыр чинин иттифак кардан мазкүр тахти Терек Булак мача Игри Кышлов жай ва Рубору кышлов жай мазкүр тифа плас бе руксат эч кас зироат накүнат. Кышлов жай мавзиьи мазкүр аз боройи конуш жай гиро гохи амвол накли бошанд биноан алайхи сүрат вокига мазкүра карда шүд, токи индал оомма мазкүр хали мүстак хаммол кард сүрати вакига мүхүр.

**Кыргыз тилде түшүндүрмөсү:**

Тарыхта зулкада айынын башталышы 1314-жылы (бир миң үч жүз он төртүнчү жылында) Үргөнч жамаатынан Эгемберди бий баласы Хуканд бий, жана Эгемберди бий баласы Иса, Эр Мухаммад, жана Якуб баласы Ысмайыл, Жоошбай баласы Шер Мухаммат бий, Баймурат баласы Ярмухаммат, Момунбай жана молдо Ысман баласы Анарбай, молдо Хасан баласы Эш Мухаммат бий жана Касым баласы Маамыр болуп, баары ушундай ынтымакка (чечимге) жана Эгемберди бий баласы Иса, Эр Мухаммад, жана Якуб баласы Ысмайыл, Жоошбай баласы Шер Мухаммат бий, Баймурат баласы Ярмухаммат, Момунбай жана молдо Ысман баласы Анарбай, молдо Хасан баласы Эш Мухаммат бий, жана Касым баласы Маамыр болуп, баары ушундай ынтымакка (чечимге) келишти.

Терек-Булак тоосу менен Ийри-Кыштоо бирге, анын тушундагы аталган Кыштоо жай, жашыл майдан адырга



уруксатсыз эч ким эгин экпесин. Аталган Кыштоо жай конуш жай үчүн берилген (кышында кыштоочу жай), себеби кээ бирлери кыймылдуу мүлктөр, ушул себептен, ушул жазылган документ аталган жерге берилди.

Мындан жалпы эл билсин, аталган жерлер үчүн жазылган кагаз (документ) туура колдонулсун деп мөөрдү бастым.

1-мөөр: **Мулла Мухаммад Ислам ибн Мунар Мухаммат Али.**
**(Сайрам-1455ж.)**

2- Мөөр: ***Сырты*** *тегерек:*
**...вол.народн. судьи Исфайрам.**
**Ичи: Маргиланд.Уезда Ферганск. обл.**

Датасы: **1897-ж., 21-март**.

1-печать Кокон кандыгына тиешелүү. 2-си орус курамына

өткөндөн кийинки
Ташбектин мөөрү.



Кашкардан келгенден кийин, генерал М.Д. Сокоболев м-н иштешкен кезинде.

**Экинчи кат.**

2.1327-жылы 27-Зулхижа айында, 1-Эр Мухаммат мулло Бекмурат углуман. Береман ушбу хатни, шу хусудаким өз карындашым махорат Хайриннисa биби мулло Бекмурат кызыга ата мээрос мулку ашя мал тугридаги мээрос хаки үчүн Кара-Юзимдаги ата мээрос тассаруфидаги мүлкимдан микдор эки танап иер рибо илан бердим. Мазкүр иерда касирни эч түридан хаки дахлим йок деп, ушбу йерни Ата мээрос хакким үчүн акам Эр Мухамматни таслимдан алып баки хаккидан өтүп болдум.

Махорат Хайриннисa биби хат билмаган бахри мулло Рахматулло Эшбай угли колум куйдум, ушбу йерни кыбыласи Абсатар ва Чахар нафс касабларни мүлки. 55-газ күн йүрори тамон Абдурахман мулло Бекмурат угли 200-газ күн чыгари катта йол рибот мазкүр тахдидни ичида. 35-газ күтүб тарафини баьзи Сатыбалды Сафар Ташмухамматтан өткөн йер, 105-газ ва баьзи

мулло Рахматтуллони мүлки 74-газ үстү мулло Мухаммат Халикүнназар угли, ушбу йокарида тахдид булган мүлки рибот энди Хайриннисa биби Муллабек кызныкыдыр.

Караул Кара Жыгач казысы. Мөөр.

**Кыргызча мааниси:**

1327-жылда, 27-зулхижа айында, 1-Эр Мухаммет молдо Бекмурат уулумун. Бул күбөлүк тил катты, шу себептен беремин, өз карындашым урматтуу Хайринниса бүбү молдо Бекмурат кызына ата мурас көп мал-мүлкүнүн эсебинен мурас акы үчүн Кара-Жүзүмдөгү кол астымдагы мүлкүмдөн өлчөп, 2 танап жер коргону менен бердим, аталган жерде салынган сарайларда менин эч акым, кайыр доом жок. Ушул жерди ата мурас акым үчүн акам Эр Мухаматтын бергенин алып, калган акынан кечип бердим.

Урматтуу Хайринниса бүбү кат билбеген себебинен молдо Рахматулла Эшбай уулу колумду койдум. Ушул жердин Абсатар жана төрт касапчы кишилердин мүлкү. 55-кез күн жүрүш тарабы Абдырахман молдо Бекмурат уулу, 200-кез күн чыгыш тараптагы чоң жол, коргон тарабы ичинде. 35-кез түндүк тарабы Сатыбалды Сафар Ташмухамматтан өткөн жер. 105 кез жана айрым бөлүгү
Ташмухамматтан өткөн жер. 105 кез жана айрым бөлүгү
молдо Рахматулланын мүлкү, 74-кез үстү молдо Мухаммат Халикүнназар уулунуку, ушул жогорудагы ичи чектелген мүлк короо эми Хайринниса бүбү Муллабек кызыныкы.

Кароол, Кара-Жыгач казысы. Мөөр.

Мөөрдөгү жазуу.


**1-Молдо Курбанбай.**

Бул астындагы жазуу


**2-де: Народный Судья Туабуюн.участ. Найманской волости. Маргелан. Уезда.**

**Мулла мухаммад Исхакакун**

**Абды Саттарбай.**



**Коюлган кол. Курбанбай. 1909-ж. 27-муххарам айы. (январь).**



Документтин оң тарабындагы: **877 ракамда-деген жазуу,**
**Документтин катталган № ру. (номуру)**

2-а.бул орусча печать, Ташбек даткадан кийин элдик сот болгон адамдын мөөрү.

**№ 3-а.**

Тахдид бир китьа жер хавли жай Кара Жыгач филонида, Маргилан дияриға табиь.

Чиманга кибла тарафи мулла Рахматилла Эшбай уулуна пайвандур, күн жүрүш тарафи мулла Арзикули мулло Хасан углига, ва баьзан Тажыбай Сыддык углига, ва баьзан Ажибек Сафар ва Абдырахман угилларига пайвандур. Күн чыгаар тарафи Таштан молдо Мырзабай углига пайвандур. Кутуб тарафи мазкүр Таштан мулло Мирза углига ва баьзан мазкүр мулло Рахматула Ахунга пайвандур. Кулли худудлари маалумдур, Тарых 1337-йилда 15-чи Раби-ул-Аввал айында (бул ай эсеби пайгамбар а.в.с. туулган күндөн башталат).

Мүлкү Зайнал Абидин Эр Мухаммад углидурман дорул казого хозир келип ыкрару шарьи кылдымки ман мукарриа- томдон колган матрукасидин өзүмга тигишли мээрос хакимни, бир миң эки жүз сом пулга бай катьн илан мулло Рахматулло Атабай углига сатып такабызы Сахих бадалига вокиь болду айзан: икрар кылдымки ушбу тахдид баян болгон жерге ар ким истихкак кылса зимонуддарк било габни факишдурман деп хужжатин сүүрат вакиьо болду.

Махидул икроб Курбанбай Барчын колу өзүм, 2-чи Мирзабай Ибрахим өзүм, 3-чү Тайлак Юсуф өзүмларни гувахлантириб Караул Кара-Жыгач тефа казысы мөөрүмү бастым.



3.

1-мөөр.

**Молла Мухаммад Ибрахим**
**Ибн Качкынбай.**
**Молдо Мухаммад Ибрагим**
**Уулу Качкынбай.**


1909-жыл.

Мөөрүм.

2-мөөр.

**Народный судья Туябуюн.**
**участ. Наймaнской волости.**
**Маргелан. Уезда.**

падышалык орус
курамына өткөндөн кийинки
печать.



Маргалаң аймагына караган Кара-Жыгачтагы биреөгө тиешелүү бир танап жер короо жай тууралуу.

Кыбыла тарапка жакыныраак жагы молдо Рахматулла Эшбай уулуна жабышып турат, күн жүрүш (түштүк) молдо Арзикул Хасан уулуна жана бу жагы Тажибай Сыддык уулуна, жана бул тарабы Ажибек Сафар жана Абдырахман уулдарына жанаша, күн чыгыш тарабы Таштан молдо Мырзабай уулуна жанаша, кут (түндүк) тарабы аталган Таштан молдо Мырза уулуна, жана бир аз жери аталган молдо Рахматулла Акунга жабышкан бардык чек арасы маалым болду (белгиленди) тарых 1337-жылда 15-раби-ул Аввал айында (бул ай эсеби Муммад пайгамбар төрөлгөн айдан баштап эсептелинет).

Мүлк ээси Зайнал Абидин Эр Мухаммад уулумун, жогорку сотко берилип (барып) келди, шарият жолунда баш ийип жоопкерчиликти толук мойнума алдым, калганы өзүмө тиешелүү мурас акымды, бир миң эки жүз сом пулга, чынында өзүмө тиешелүүнү, ырас молдо Рахматулла Атабай уулуна сатып, кол кармашып соодалаштык, ал берди, мен алдым, шартка баш ийдик. Көрсөтүлгөн чеги баян болгон жерге биреө талаштык кылса, жоопкерчиликти мен өз мойнума алам деп ушул документ жазылды.

Ага макул болгон Курбанбай Барчын – өз колум, 2-Мирзабай Ибрахим өзүм, 3-Тайлак Юсуфтун өзүн күбөлөндүрүп, Кароол, Кара-Жыгач, Кара-Төбө казысы мөөрүмдү бастым (казы-сот, анын аты жазылбаган).
Мөөрдүн маани-мазмуну жогоруда жазылып турат.

Бул жазууларды Расул Акрам институтунун ректору Мамасабыр Досболов, Баласагын мечитинин имам-хатиби Якубов Жалил окуп, которуп бергенине Алла ыраазы болсун. (*Автор*)

**P. S.** 2–3 которулган документтерге Ташбек датка көзү өткөндөн кийинки иштеген адамдын колу коюлган.

Ошол мезгилдеги катчы болуп иштеген адамдардын иш кагаздарын жүргүзүү жагынан сабатсыздыгынан, кагазды түзгөн катчынын наамы менен жазылып, өзүнө тиешелүү мөөрү коюлган соң, элдик судьянын мөөрү басылган, бирок ал элдик судьянын аты-жөнү жазылбаган. Мен төмөнкү эки катты ошол мезгилдерде Ташбек датка көзү өткөндөн кийин да ушундай эле ар бир адамдын укугу, мүлкү тууралуу тастыктаган кагаз-документтерди жазып турушкан деп тактоо үчүн бердим.

Төмөнкү эски китептердин мөөрлөрүн окуйлу.

Астында сол тарабына китептердин аталышы жазылыптыр: *«Мулла Абыл Макарим, Муктарил Фатава, Азими куния»* деп.

***4.** Кара чаар китептин башы, оң тарабынан, 1-үстүндөгү мөөр мулла Мухаммад Шарипкан,*

*2-мөөр ылдыйкы, оң тарабындагы: мулла Мухаммад Ибрагим Эшен.*


4.



Бул мөөрлөрдү жазуу менен бирге, кат жазууга сабаттуу илими бар молдолордун өз атына жасалган

мөөрлөрү болгондугу тууралуу да бир жолу белгилеп кетип жатам.

4-а.



Жогоруда келтирилген күбөлүк документтерде, ал күбөлөндүргөн кагазга ошону жазган адамдын мөөрү коюлуп, ал документ катары тастыкталганы маалымдалды. Себеби, ошол кат таанып, кагазды күбөлөндүрүп, документ катары даярдаганы үчүн жоопкерчиликти мойнуна алган. Тиги катчы күбөлөндүрүп түзгөн-жазган (сүүрат) документке, ошол аймакты башкарган элдик сот чынында документтин ырас экендигин тастыктап, өз мөөрүн басып жүргөн экен. Ошенткен менен ошол элдик соттун аты документе мөөрү басылган жерге жазылба-гандыгы катчылардын тарыхый документти даярдоодо сабаты жоктугунан кабардар этет. Бирок ошол мезгилде эл соту Кара- Жыгач айылына кошо жалпы Төө-Моюн аймагы, Найман волосу, Маргалаӊ уездине караганы тууралуу мөөрдө тарыхый тастыкталып, кашкайып көрүнүп турат.

Бул аймак атагы таш жарган акылман жоокер, тар жерден жол тапкан эр жүрөк, элдин камын ойлоп, элге чын дилинен кызмат өтөгөн Ташбек датка Үмөт уулу мурун

Кашкарга кеткенге чейин Кокон ордосунан келип даткалык кылган жер. Кийин Жакыпбек кан Кашкарда өлтүрүлгөндө, өз санаалаштарын, колдоочуларын ордодон аман алып чыгып, Алайды ашып, Кыргызстанга келип, орустун ак падыша заманында генерал Скобелевде эл соту болуп иштеген Ташбекке караган. Ташбек датка кара кылды как жарып калыс эл соту, миң башы болуп турган аймактын бир тарабы.

## Пайдаланылган адабияттар:

1. "Тарыхтын ак тактары" Ш.Абдыраманов, 2007-ж.Бишкек.
2. "Курманжан датка" Т. Өмүрзакова, Б. 2002-ж.
3. «Жалын» Х. Турсунматов, Р. Шамсутдинов, 2013-ж. Б.
4. «Алымкул Амир Лашкар», Т.Кененсариев, 2019-ж., Бишкек.
   Ошондой эле Т.Кененсариевдин китебине кирген конференциянын материалдарын караңыз.
5. «Коканың соңгы ханы кыпшак Алымкул Амирлашкер», Өтеген Абдираман, 2016-ж., Бишкек.

**Бул китепке** алынган эски сүрөттөр Т. Кененсариевдин жана Өтеген Абдирамандын китебинен коюлду.

«История Туркестана» Н.Павлов 1910-ж., Ташкент.

Өтеген Абдираман. 2016-ж., Бишкек 123–129-беттер.

Н.Павловдун Кокон хандыгы тууралуу кеңири маалматын караңыз.

Е. А. Глущенко, «Россия в Средней Азии» стр. 29.

П. П. Иванов «Очерки по истории средней Азии» (XVI середина XIXвв).

А. П. Машкеев «Исторической обзор Туркестана и наступительного движения в него русских» СИБ, 1890 г., стр. 167.

А. Г.Серебренников, «Туркестанский край», стр. 209.

Молдокасымов К. С. «Алымкул аталыктын элчилик улуу сапаттары» (Т.Кененсариев, «Алымкул амир лашкар» 2019-ж., Бишкек, 153-бет.)

6. «Кыргыз тарыхы», К. Сыдыкова, 2020-ж., Бишкек



Мен, акын Темиркул Үметалиев, М. Жангазиев-1975-ж.



КРнын эл акындары Токтосун Самудунов, Омор Султанов,Төлөгөн Мамеев жана мен.


КРнын президенти Садыр Жапаров менен. 2.02.2021-ж.


Кыргыз Эл Баатыры Миталип Мамытов, ортодо мен. КРнын эл артисти Г.Садыбакасова м-н. 2021ж.17.11.



СССРдин эл артисти, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, КРнын эл артисти, белгилүү кинорежиссер Болотбек Шамшиев, аялы, менен. 2020-ж.




Манас академиясынын ректору Топчубек Тургуналиев, акын Тынчтыкбек Нурманбетов менен.



Азизам, Айдайым.



Сузак райакимдин орун басары Түркбаев, филармония-2018-ж.



Искандаров Миталип ажы, Кенжебай улуу менен Фергана, Лашкар айылы 21.01.21-ж.



Ташбек датканын небереси Амирабекова Карачач. 01.21-ж Каражыгач айылы, Кадамжай району.



Ондо: Камчыбек Исмаилов, Ж.Калдосов, Сейдакмат казы Медеровдун чоң келини, туугандары, мен. 08.11.2013-ж. Качкынчы айылы.



Ортодо ак костюм мен, жанымда Кенжаев Идирисбек Кыргыз-Өзбек университетинин ректору, Алымкулдун тууганы.



ЖКнын депутаты Максат Эгембердиев, Махабат Мавлянова, мен, Алманбет Матубраимов.



КРнын эл артисти Саламат Садыкова менен. 5.03.2019-ж.



Түгөлбай Закиров иним, Мурмански,1977-ж




Мен, коомдук ишмер Медеткан Шеримкулов, Айнура котормочу.



ЖКнын депутаты Азамат Арапбаев менен



Касым Кадыров жана Какан Эралиев, КРнын эл акыны Тазагүл Закирова
05.10.2021 ж. Ош ш.





Алымкулдун мөөрү



Алымкулдун уулу Шермухаммед (Шермат мырза). 1915-ж.




Кокон шаары. Кан сарайдын дарбазалары.



Ташкент Крепосту



Азыркы Султан Акмат Яссавий (Ясылыктын) мавзолейи, Түркестан.



Киргизский святой Азрет Султан, на поклонение которому стекается масса богомольцев, есть олицетворение физической силы.
Каменный гроб где находится его останки, превосходит двойной рост человека, а бунчук поставленный у гроба имеет древко размерами с порядочное бревно.
Один из батыров имел голос, слышный за 10 верст, другой выпивал в день несколько ведер кумыса и съел сразу целого барана и даже годовалого жеребенка.
М.Черняев

"Киргизский святой Азрет Султан, на поклонение которому стекается масса богомольцев, есть олицетворение физической силы.

Каменный гроб где находится его останки, превосходит двойной рост человека, а бунчук поставленный у гроба имеет древко размерами с порядочное бревно.

Один из батыров имел голос, слышный за 10 верст, другой выпивал в день несколько ведер кумыса и съел сразу целого барана и даже годовалого жеребенка.

М.Черняев."

*Өтеген Абдираман "Коканның соңғы ханы кыпшак Алымкул Амирлашкар" 166-б. 2016-ж. Бишкек.*

Бул Ахмед Яссавийдин күмбөзү тууралуу айтып жатат (Акмат Ясылык – Кыргызстандагы, Ош облусунун, Өзгөн шаарындагы Ясы-Жазы суусунун боюнда туулган кыргыз) Ошол Акмат Султан кыргыз тууралуу кеңири маалымат жазган М. Черняев кийин орус баскынчылары аткан октон жабыр болгон күмбөздүн төмөн жагын бир аз оңдоткон деп жазышат анын аскер кызматкерлери. Жогорудагы сүрөттө бул ыйык Ахмед Яссавийдин күмбөзү, алдында 40 кулак киши боюндагы казан турат. (бул 40 кулак казанга зыяратка келгендер курмандык чалып, эт бышырган).




Шайхан-Таур" Алымкул Аскер башынын сөөгү коюлган мүрзө жай.



Ташбектин Кара Жыгач айылында датка болуп турган кезде курган медресеси. Көп жыл советтик мектеп болуп кызмат өтөдү. Азыр "Дыйкан" мектебинин короосунда сакталып турат. Февраль, 2018-ж.



Ташбек датканын Каражыгач айылынын Ак Терек мазарына сөөгү коюлган жай, анын күмбөзү. 2018-ж.



Эгемберди зарп, чыгып атка минген таш өз короосунда

## “Өттү күндөр кубалашкан көпөлөк”

Тазагүл эженин поэзиясы тууралуу ушу ирет өзүнчө кеп кылуунун оролу келип туру. Акындын алгачкы ырлары мындан жарым кылым илгерээк жарыялана баштаганы менен, ыр китептери 80-жылдардан тарта чыга баштаган. Ага чейин эле ал акын катары таанылып, жазгандары мезгилдүү басма сөзгө жарыяланып, окурмандарга белгилүү болуп калган. А кезде адабий турмуш азыркысынан кыйла кызыктуу, бай, анан да турмуш агымы күргүштөп, поэтикалык маанай жогору болчу. Эчен кылымдар азап-тозоктон башы чыкпай келген байыркы калк социализмдин шарапаты менен басма ишине ээ болуп, профессионалдык адабияты өнүгүп, өзүнчө бир улуттук жаңылануу – резенанс учурун баштан кечирип жаткан. Адабиятка коюлчу талап, чен-өлчөмдөр жогорулап, баштагы коммунисттик риторика, идеологиялык догмалардын ордун көркөм-эстетикалык баалуулуктар ээлеп, адабий процесс жогорулоо жолунда бараткан. Тазагүл эже адабиятка аралашууга куштар болуп жүргөн кези 60-жылдар десек, кыргыз совет адабиятынын масштабы бул учурда жалпы союздук, дүйнөлүк деңгээлге чыга баштаган. Негизи эле 60-жылдардын улут адабиятына алып келген жаңылыктарын санап отурса оголе көп убакытты алар эле. Себеп дегенде, улуттук көркөм сөздүн талабы бийиктеп, чыгармачылык атаандаштык күчөгөн чак эле. Алдыда үлгү болорлук, бийик эстетикалык чен өлчөмдөргө жооп бере алчу көркөм үлгүлөр жаралып калган. Кыргыз поэзиясында Алыкул Осмоновдун адабий

мурасын жаңыча аңдоо, Сүйүнбай Эралиев баш болгон "алтымышынчылардын" өзүнчө бир толкуну чыгып калган. Мунун баары, албетте, жаңыдан адабиятка баш багып, чыгармачылыкка жан-оту менен берилип алган жаштарга жакшы таасирин тийгизбей коймок эмес. Акын болом деген кыздын көркөм табитине таасир көрсөчү улуттук, орус жана дүйнөлүк поэзиянын көркөм салттарын окуп-үйрөнүү, өнөр сырын аңдоо, анан да ырды кандай жазуу керектигин түшүнүүгө жарарлык адабий салт калыптанып калган.

Бул жагынан Тазагүл Закированын муунуна бир топ оңой, ошол эле учурда жооптуу милдет тагылган. Бул жаңы муун 60-жылдарда өзгөчө байкалган мазмундук, формалык жаңылануусу, улут көркөм сөзүнө батыш адабиятынан ооштурулган көркөм эксперименттерди ары улап, поэтикалык сөздүктү дагы кеңейтип, байытышы керек эле. Айтса, мунун баары бир жагынан идеологиялык чектелүүдөн чыгып, мазмун форма жагынан байып, жапырт изденүү аракетине киришкен акындарга чоң милдеттер жүктөсө, экинчи тарабында мурдагыдай катуу болбосо да партиянын көркөм адабиятка илип койгон идеологиялык милдеттери бар болчу, "адам жанынын инженерлери" Ленин, партия, коммунисттин образы, социализм артыкчылыгы, интернационализм сындуу чылгый идеологиялык калыпка салынган теманы ырга салып турушу керек болчу. Булардын артында жазылгандардын текши баарын калтырбай карап турчу цензура, кылычын кайрап идеялык айыпты жамай салчу адабий сын турчу.

Мына учуру келген экен, түбөлүк турчу делген саясий система "күп" этип урап түштү да, анын ордун базар-нарк мамилелери ээлеп, калемгерлердин түйшүгү көбөйдү, баштагыдай мамлекет эсебинен бапыратып китеп чыгаруу

жок, жазгандарын окурмандарга сатып өткөрүү автордун өзүнө түштү. Өңгөсүнөн да жаңы заман келгени катары калың окурман журтунун азайып кетишин айтпайсызбы. Иши кылып, улут адабиятынын ушу тапта топтолгон проблемалары көбөйгөндөн көбөйүп эле баратат. Мунун баары калам кармаган пенде баласын ойлонтпой, улут көркөм сөзүнүн арасат тагдыры акыл-эстүү адамды түйшөлтпөй койбойт.

А бирок, ушу кыйын кезеңде деле Тазагүл Закирова каламын таштабай, чыгармачылык ишин улантып келатат. Буга чейин акындын жыйырмадан ашуун поэтикалык жыйнактары чыгып, алардын бир тобу чет тилдерге которулуп, кыргыз поэзиясынын таанымал өкүлдөрүнүн бири болуп калды. Поэзия анын жашоо-турмушу, дүйнө таанымы, анан да сыр жашырбас жан шериги болуп калганы үчүн болгон дүйнөсүн окурман алдына жайып отурбайбы. Бул сыйкыр дүйнөгө келип калышынын себебин акын көпчүлүк маектеринин биринде минтип белгилептир: *"Поэзияга бала чагымдагы жашоом аркылуу келип калдым окшойт. Атам менен энем биринчи мугалимдерден болчу. Атам 30-жылдары Тогуз-Торого барып мугалим болуп иштеген киши экен. Комузду мыкты чертчү, Кыргыздын күүлөрүн келиштирчү, Бектемир Эгинчиевдин ырларын аткарчу. Мен кичинекей кезде биздин үйдө Алымкул Үсөнбаев, Ысмайыл Борончиев, Мыскал Өмүрканова көп келчү. Таң атканча ырдап, комуз чертип отурушар эле. Атам Закир күү чертип, Мыскал эже ырдап таң атканча отурушчу. Ушулардын баары мага жакшы таасир калтырса керек. Кичинекейимде шок болсом керек, атам комуздун кулагын тиштетип койчу. Ошону тиштеп*

*жатып томолонуп уктап калабыз да, эртең менен ойгонсом атам комуз чертип отурган болот."*

Тазагүл эженин айылы Жалал-Абад шаарынын чыгыш ныптасында, Серүүн тоосунун Көгарт түзүнө жайыла берген жерде, жапыс боорду этектей жайгашкан. Андан азыраак жүргөндө чыгышынан Узакбай Абдукаимовдун айылы, адыр боорлоп батыш тарапка ат тизгинин бурса айтылуу Барпынын Ачысы турат. Мына ушундай керемет жерде төрөлүп, секелек кезинен ыр-күүгө, көркөм сөзгө жакын өсүп калган жайы бар. Айланасы бийик тоолор менен курчалган Көгарт талаасы жатат. Алардын жайлоосу ошол бийик тоолор арасы, дабан ашса Тогуз-Торо, мелтиреп аккан касиеттүү Нарын дайрасы жатат. Фергана өрөөнүнүн бир өңүрүн ээлеген Көгарт талаасы жазында жашыл жамынып, кышы жылуу, жайы ысык. Серүүндөн соккон жел саратан ысыктын демин кайтарып, бак-шакка чүмкөлгөн айылга салкындыкты алып келет. Бала кездеги жайлоого көчүү, кызыл-тазыл гүлгө оронгон тоо, мөңгү кеткен жерге буралып чыккан кымыздык, шаркырап аккан сай боюндагы бадалдарга аралаш чыккан батыркандар - мунун баары сезимтал кыздын тереңде катылып жаткан шык-жөндөмүн козгоп, кыял сезимин кытыгылаган ой туюмдарын кагаз бетине чүргөшүнө алып келген. Тоо ал кезде керемет болчу, кайберендер көп, тушардан келген чөптөр буруксуп, ачык асман алдындагы керемет жашоо өз нугунда өтө берчүдөй сезилчү.

Кыздын уялчаак дүйнөсүнүн көркөм формага көчүшү акыйкатта да өзгөчө маанилүү, поэзиянын керемет сырларынын бири. Сезимтал кыздын жан дүйнөсүн ээлеп алган ой-туюмдар, балалык, эне, жайлоо, комуз – баары кийин анын учкул поэзиясынын түгөнбөс темасына

айланып, жарым кылымга жакын күүгө салынып келатат. А бирок ошол секелек кезиндеги сезимин ичиркенткен оор сезим ушу азырга чейин эсинен чыкпай жүрөт. Кыштын узун түндөрүндө, жайдын салкын кечтеринде өткөндү келиштире сүрөттөп, күндөлүк турмуштун көнүмүшүнөн таап, бирок аны асемдеп, уккан адамды кызыктырчу улуу кепти баштачу апасынан эрте айрылып, эстеген сайын эзилткен бул кайгы эне-бала темасына арналган чыгармаларынын дээрлик баарында кайталанчу мотивге айланып калды. "Седеп" деген бул сезим кыйла ачык берилген:

Апакем седеп түймө
кадап берди кемселиме,
Кубанчым батпай үйгө,
кызыл жүрдү беттериме.

Өзүмчө чуркап жүрдүм,
сүйүнчүм канат болуп,
Кармалап колум менен,
күзгүдөн карап коюп.

Сүйүнүч чексиз-чексиз,
Майрамдар жетпес санат.
Жаштыгым, көктөмдөрүм,
Өтүптүр... Атаганат!

Кызымды эркелетем,
саамайын сылагылап.
..................................
Апамдын үйдөгү орду бош...

Арадан канча убакыт өтсө да, седеп тагынган кыз өзү балалуу болсо да эстен чыкпай калган убайым акындын көпчүлүк чыгармаларынан кездешет. Жашоо-турмуш жалаң

эле кубаныч менен шаттыктан, балалык деген оюн-күлкүдөн эле турбастыгы, аны деле эрте келген кайгы мүңкүрөтүп салары, жашоо-турмуш ушундай оомал-төкмөл келет тура. Анткен менен, Тазагүл Закированын балалыгы кыйла эле кызыктуу, мазмундуу өткөн. Өмүр бою өкүт катары калчу кайгы келерден мурда үй толо мейман, комуз күүсү, улуу сөздү баштаган карылар дүйнөсү бар эле. Аларды акын көп эстейт, өмүрүнүн эң бактылуу учурлары ушул экен.

Тазагүл эженин айтуусунда, атасы мугалим, комузга шыктуу киши болгон экен. Классикалык күүлөрдү черткен, өзү да күү чыгарган. Ал эми кызына жакын апасы сөзмөр, элдик уламыш, аңыз кептерди мыкты билген, уккандарын куюлуштура айтып берген өзүнчө эле бир кенч болгон. Бирин экинчиси толуктап, үйүнөн киши үзүлбөгөн жайыл дасторкон, өнөрпоздорду өзгөчө кадырлаган адамдардан кантип анан чоң акын чыкпасын?! Тазагүл Закирова улуу өнөрдүн учугун эне сүтүнөн, ата шыгынан алган, ата-бабасынан өнөрлүүлөрдүн тукумунан.

Ата-эненин көркөм сөзгө жакындыгы, кыштын узун түндөрүндө үйгө чогулган аксакалдарга "Манас" баш болгон баатырдык дастандарды окуп берүү кийин анын акындык дүйнөсүнө түгөнбөс көркөм кенч болуп кирген. Айылдагылар өзгөчө сый-урмат, бийик туткан дагы бир улуу дастан "Курманбекти" түн-күндөп угуштан айылдын аксакалдары түк тажашчу эмес. Анын үстүнө атасы ат бербей өксүтүп, калмактын колунан жарадар болуп, жарык дүйнө менен коштошкон баатыр тууралуу аңыз кептер айылда көп айтылчу. Курманбек баатыр баарына жакын, баскан изи өчөлек, бул жердегилерге кечээ эле көзү өткөн тааныш адамдай сезилчү. Сузактын Калмак-Кырчын айылына жуук Курманбектин "Кошаңы" дешип эки кылым

илгерээк өткөн окуяны кара сөз менен баяндап бергендер, ырга кошуп айтчулар, атадан-балага аңыз кеп кылчулар ал кезде көп болчу.

Кийин Курманбек баатырдын күмбөзүн жаңыртып, баатырга байланышкан эстелик жерлерди көпчүлүк эл келип көрүп кете турган жайга айландырууда Тазагүл Закирова колунан келген аракетин жасады. Бул ишти ал Курманбек десе жүзү жайнап кетчү ата-энесинин, айылдаштарынын урматы үчүн жасады. Анаң да Тазагүл эже коммунисттик доордо коомдук иштерге келгенде аябай активдүү болчу, жыйналышы болсо жыйналышында, кат десе каты, болбосо убакты-саатына карабай чуркап көздөгөн ишин аягына чыгармайын жаны тынчу эмес. Коммунист төбөлдөр ал кезде эжени угушчу, элдин эс сактамында калган баатырдын атын чыгарууну баары колдоп турушчу. Бала кезинен аң сезимине сиңип калган эл оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрү акынды өмүр бою коштоп, анын кылымдар өтсө да эстетикалык жамалын жоготпой келатканына ушу азырга чейин таң. Айрыкча комуз күүлөрү. Азыр да атасынын комуз чертип отурганы эсине түшөт. Мерчем кылган өнөр секисине жете албай, ыбырсыган түйшүккө алданып, колду байлаган жумуштан бошой албай, залкарлар менен чогуу болбой калышынын эсесин чыгарып, ал киши айылга акындар, өнөрпоздөр келгенде үйүнө чакырып, түн бою чер жазып, ошого канимет кылып бул дүйнөдөн өтүп кетти. Атасынын өнөрү эжени азыр да суктантып келет.

*"Уктабай эле чертип аткансып, күү менен уктап, күү менен ойгонуп чоңойдум. Апам элдик аңыз-уламыштарды мыкты билчү. Кыштын узун түндөрүндө биздикине айыл аксакалдары келип, атам аларга "Эр Табылдыны" айтып,*

*айрыкча Табылдынын Карлыгачка куш аркылуу кабар бердиргенин укканда ыйлабаган киши жок, укмуш таасирленип чыгышчу",* - дейт Тазагүл эже.

Айыл аксакалдарынын кызыгуусун арттырган дагы бир керемет булак - кыргыз баатырдык эпосуна жакын Шота Руставелинин айтылуу "Жолборс терисин жамынган баатырдын" Алыкул Осмонов которгон китеби, кыргыз жазуучу-акындардын белгилүү чыгармалары болчу. Алардын колго тийгенин Закир ата кызына окутуп угушуп, карыялар кыштын узун түнүнүн кыйласын өткөрүшчү. Айтса, ошол сөздөр сезимтал кыздын эсинде калып, баары кийин поэзиясына бүтпөс тема болуп берген. Комуз күүсүн эшитип, китеп окутуп угуудан тажабаган ошол керемет карылар сезимтал секелектин дүйнөсүнө көркөм сөз өнөрүнүн уругун сээп, бул ишке өмүрүн арнап коюшуна жол ачышкан экен.

Тазагүл эже балалыгын эскергенде үйүнө көп келишчү ошол карылардын "жомогун" айтууну жакшы көрөт. Азыркыдай маалымат технологиясы айры бут пенде баласын байлап-тушап албаган, оозеки кептин баркы бийик замандын акырындап жок боло баштаган кезинде жашап калышы, өткөн заман жалаң кызыктуу сөздө сакталып, сөз дүйнөсүнүн кереметин сезип чоңоюу, кийин ойлоп көрсө, капарсыз балалыгы аябай эле кызыктуу өткөн экен. Балалыктан калган элестер, жан дүйнөнүн "седеп" мончогу кийин ырга айланып, айыл, тоо Тазагүл Закированын бүтпөс темасы болуп калды.

Жашоодо мен таянган,
күч-кубат берип турган,
Киндик кан тамган жерим касиеттүү.

Каркайган бийик тоолор,
Түп-тегим жердеп келген.
Арчалуу коюнуна атыр жыт
гүл каптаган
жылгаларын,
булагы жай жатпаган,
тили ширин.
Оо менин Мекеним бар, Атажуртум,
Ошого таянамын!

Тазагүл Закироваын поэзиясы жөнөкөй, сырдуу, жан дүйнөсүн жашырбай ачыкка чыгарып койгон кызык дүйнө. *"Заман өзгөргөн сайын түшүнүк, көз караштар башкача боло берет экен. Мына эми Интернетти аңдып, "эмне болду экен" деп, ушул заманга жетип келип калдык. Үй-бүлөдөгү шарт, "уядан эмнени көрсөң учканда ошону аласың" болуп поэзияга келип калдым окшойт"*,- дейт акын сыйкырдуу дүйнөгө келген учурун эстеп. Жарым кылым ашуун эч кимге айтпас ички сырын бөлүшүп, ал аркылуу өзүн таап, өзгөлөргө таасир берип келаткан поэзияны Тазагүл Закирова баарынан жогору коет. Ошон үчүн ал аздек сезимин, өзү айткандай "ууз сезим шооласын" кагаз бетине "чачып" келет. Чыгармачылыкка делген мындай өжөрдүктү ал атасынан алган болуу керек. Турмуш жолунда поэзияга анча деле коошпогон айрым кызматтарда иштеп, кийинчерээк өмүрүн маданият тармагына арнаганы менен, жан дили поэзия, адабиятка арналып, чыгармачылыктын түйшүгүнөн ырахат таап келди.

Ырдан көрөм ууз сезим шооласын,
Тунгуч перзент ак маманы эмгендей.

Арып-чарчап улам айтып тообасын,
Чөлдөн тоолук тоосун эңсеп келгендей.

Ырдан көрөм булут челген бийикти,
Жапыстыкты тереңдикке чумкуган.
Махабатты, маанайы пас күйүттү
Санаа торойт, шайырлыкка умтулам.

Ырдан көрөм жылуу, назик сезимди,
Сүйүү отун куйкалачу аптабы.
Ырдап айтам сага арнаган сөзүмдү,
Түндө түрө ырлар жазып жапжаңы!

Тазагүл Закированын поэзиясына мүнөздүү бир өзгөчөлүктү белгилей кетиш зарыл. Акындын мындан жарым кылым мурда жазылган ырыбы же кийинки жазылгандарыбы – баарында анын сыр жашырбас ачыктыгы баамга урунат. Анан да ар бир сабынан кимдиги, жан дүйнөсү, пенделик турум-турпаты көрүнуп турат. Дегеле ал өзү сезген, жан дүйнөсүнөн бекем орун алган сезим-туюмдарын гана кагазга түшүрүп, эчен ирет электен өткөн ички сырын окурманга сунат.

*Өттү күндөр кубалашкан көпөлөк,*
*Жытын искеп өрөөн толгон гүлдөрдүн.*
*Өттү баары, ээлеп ордун кусалык,*
*Ал тарапта жалгыз калдың сен өзүң.*

*Өттү жаштык өз күчүнө ишенген,*
*Текеберлик издеп, жалаң чындыкты.*

*Турмуш бийлеп кезектеги жашоодо,*
*Сүйүп кеттиң кара тору бир кызды,*

*Өрөөн алыс, гүлгө толгон жапжашыл,*
*Көпөлөктөр учпай калды кышында.*
*Чачта буурул, токтолгонбуз биз азыр,*
*Макул болуп турмуш деген ушуга,*

*Турмуш бийлеп кезектеги жашоодо,*
*Сүйүп кеттиң кара тору бир кызды,*
*Ээрчип кеттиң кара тору бир кызды.*

Бул турмуш бири-экинчисине коошкон-коошпогон каршылыктарга толтура. Тагдырда арзып тапкан сүйүүсүнө жетпей калгандар, качанкы бир аруу сезимин эстеген сайын ичи эңшерилип, ошол мүнөттөрдү кайрадан жашап, ичтеги арманын кайда алып барып катууну билбегендер – мунун баары ушул ырда бар. Бул ыр ириде акындын жүрөгүнөн өткөн, качандыр бир кездеги ой туюмунан, сезим ыргагынан өнүп чыккан. Мүмкүн сулуулугуна манчыркаган кызды таштап кара тору бирөөнү ээрчип кеткен жигитке жолдонгондур. Акындын сезимтал жүрөгүнө эмнелер гана таасир бербейт.

Ата журтум аксап калган торудай,
Уулуң кетип тириликтин артынан.
Атка минер алаканы жоорубай,
Жерди, кенди бөлүп сатат камчыдан.

Ата журтум санаа тартып калдыңбы?
Бүлүндүрсө бүтүлүүнү уулдарың.
Гулдөй турган, өсө турган өрүшүң,
Жайдакталып жайыт, өзөн куурады.

Илгери заманда граждандык лирика аталчу мына бул ыр эмне себептен кантип жаралып калганын айтпай эле коелу. Сезимтал окурман ансыз деле акын эмнеге күйүп, эмнеге капа болуп атканын менсиз деле билет. Ал эми толугу менен келтирчү мына бул ырды акындын жана кеп башында белгилеген сыр жашырбас ачыктыгы деп койсок болот.

Армандар жеткирет дейт тилегине,
Ал менин тамга баскан жүрөгүмө.
Ай чырай, үлпүлдөгөн жигит сүйсө
Азоодой тээп, тиштеп из салыпмын,
Бөлтөйгөн балдан ширин илебине.

Чайкабай колуңду да тийгизе албас,
Келмесиз оюңду да билгизе албас,
Наристе бир жутумдук акак сымал,
Апакай сезимине шек келтирип,
Жигиттин сындырганым, шагын ырас!
Ар дайым алыстагы үмүттү ойлоп,
Өзүмдү сактай берип белгисизге,
Алдымда даяр бакка кесир кылып,
Көп тыйып написимди, улутунуп,
Ооз тийбей жашап келдим ушул күнгө.

Өкүттө өттү күндөр айыбы жок,
Мен күткөн мырза уулдун дайыны жок.

Дагы эле көздөн учкан көк жээкти ойлойм,
Көңүлдө баягы кеч, балдай эрин
Эңсетип убалы анын ойдо жүрөт.

Таштан-ташка урунуп, күз келгиче буркан-шаркан түшкөн тоо суусу кышка тарта алдындагы майда таштары көрүнгөн мөлтүр тунук сууга айланып жай агып калат. Мынабул ыр Тазагүл Закированын жарым кылым жараткан поэтикалык саптарынын эң мыктысы, акындык маданияттын бийик чокусуна жеткенде таап алган табылгасы, көркөмдүгү жагынан тендешсиз шедеври, кайталангыс керемети. Андан жалгыз акындын гана ички сырын укпайбыз. Пенде баласынын алга умтулган турмуш жолундагы жетишкендигине караганда мүчүлүштүгү арбын, сүйүүсүнө караганда өкүнүчү көп армандуу дүйнөнүн ачуу чындыгы деп кабыл алганыбыз туура болор. Дагы бир ырында акын:

Турмуш басып ийинимден аябай,
Унутканмын эрдик жайын, даңк жайын.
Балапан ооз ини-сиңди, мен да жаш,
Көтөрө алгыс түйшүк тартты жаш чагым.
Сааты келип, чон энедей үй күтүп,
Тери ултарып, кийиз басып, тытып жүн
жасайт десе үй тирлигин моюндап,
жаштыгымды жөн күйдүрүп бүтүпмүн!

Тазагүл Закирова акындык тагдыр күтүп, бир келген өмүрдү чыныгы акын катары жашап келатат. Анын жашоо-турмушун, сезим дүйнөсүн билгиси келгендер поэзиясына кайрылганы оң. Анда Тазагүл Закирова деген эч кимге

окшобогон биреөлөрдү туурабаган, акты – ак, караны – кара деп тартынбай айта ала турган чечкиндүү, ошол эле кезде тартынчаак, уяң кыздын өзгөчөлүү дүйнөсүн көрө алабыз.

**Бекташ Шамшиев,**
адабиятчы, сынчы, журналист,
филология илимдеринин кандидаты,
2018-ж., Бишкек

## ТАЗАГҮЛ ЗАКИРОВА – ТАЛЫКПАЙ ТАБЫЛГА ИЗДЕГЕН АКЫН

Жаш чагынан эле «Кусалык» аттуу лирикалык ыры менен чагылгандай жарк этип, ысымы атпай кыргыз журтуна таанымал болгон Тазагүл Закирова уч-кыйырсыз адабият айдыңында ар дайым жаңы табылгаларды табууну, жаңы чектерди багындырууну максат кылып, жарым кылымдан ашуун чыгармачылык жолунда кыргыз адабиятынын өнүгүүсүнө бараандуу салым кошуп, ардактуу Кыргыз Эл акыны даражасына татыктуу болду.

Адатта акын саясий жаатты же публицистика жанрын тандап алып, ошол тилкеде булкунган ырларды жаратса аны акын-трибун, ал эми жалаң гана сүйүү тууралуу ыр жазса, андайды ашыглыктын - акыны, майрамдарга, белгилүү даталарга карата ыр жазса, аны - календарлык акын, ал эми обондуу ырларга текст жазгандарды “песенник” деп коёт эмеспизби. Тазагүл Закированы андай бир алкак менен чектөөгө болбойт. Акындын ырлары тематикалык жактан өтө бай. Кыскартып айтканда, ал жүрөгү эмнени кааласа, ошону жазат. Жасап жазбай, жашап жазат. Акындын чыгармачылык казынасынан Ата-Журт, Туулган-Жер, кыргыз эли, эне, сүйүү, табият сыяктуу ар кандай тематикадагы ырларды учурата алабыз. Ал ырлары эмоцияга бай, окурмандын жүрөгүнөн түнөк таба алган чыгармалар. Акын доордун бейнеси, адам тагдыры тууралуу да терең философиялык ой-толгоолорго жык толгон чыгармаларды жаратып келет. Талантуу калемгерибиз бир нече прозалык чыгармалардын да автору. Чет элдик канаттуу чыгармалар менен

улуттук адабий казынабызды байытып келаткан чебер котормочу дагы.

Акын учурда жетимиш жашка келсе, анын жарым кылымын жалаң адабиятка арнады. Жер коңторуп, эгин эгип, сугаттан өксүтпөгөн дыйкандай, маңдай тер төгүп, бак өстүргөн багбандай болуп узануудан чаалыкпаган калемгер азыр 7 томдук чыгармалар жыйнагын калкыбызга тартуулап турган убагы.

Айтылуу Расул Гамзатов:

«Романыңды окудум дос,

Ойго батып олтурам.

Сен бактысыз муну жазган,

Мен бактысыз окуган.» – деп жазган экен. Анын сыңарындай төрт сап ыры да эл арасында сакталып калбаган нечендеген "Эл акындары" бар эмеспи. Ал эми Тазагүл Закированын чыгармаларын жатка билген, чыгармачылык кечелерде ооздон түшүрбөй айтып жүргөн окурмандар көп экендиги бизди кубандырат. Жаш кезинен эле өзүнчө үнү, өзүнчө жүзү менен чыккан Тазагүл Закированы Кыргыз Эл акындары Майрамкан Абылкасымова, Сагын Акматбековалар сыяктуу эле артына из калтырган таланттуу акындарыбыздын бири деп айтсак болот.

Анын алгачкы ыр жыйнагы "Ырлар" деген ат менен 1982-жылы жарык көргөн.

Ал эми 70 жылдыгына карата жарык көргөн 7 томдук жыйнагынын 1-2-томдоруна "Ырлар, циклдер", 3-томго – Ырлар, новелла-аңгемелер, эс тутум, прозалар, 4-томго акындын чыгармачылыгы тууралуу пикирлер, репортаждар, котормолор, 5-томго акындын башка тилдерге которулган ырлары жана киносценарийлери, 6-томго – макалалар жана

маектер, ал эми 7-томго ноталары менен обондуу ырлары киргизилген.

Акындын ырларынын лирикалык ыргагы өзүнөн-өзү обонго бап келип тургандай. Андыктан, анын 100дөн ашык ырларына Маматибраим Бостонкулов, Болот Токтобаев, Гүлшайыр Садыбакасова, Исрадин Аманбаев, Бакыт Назаров, Токон Эшпаев, Каныбек Курмантаев сыяктуу обончу-композиторлор обон жаратышып, ал ырлар эл арасында байма-бай ырдалып жүрөт.

Айрыкча «Кусалык» (Сүйүп кеттиң кара тору бир кызды) деген ыры элибиздин эң сүйүктүү ырларынын бирине айланган.

Акындын канаттуу чыгармалары алтай, түркмөн, казак, өзбек, грузин, орус, түрк, англис тилдерине которулуп, жыйырмадан ашуун коллективдүү жыйнактарда жарык көргөн.

Тазагүл Закирова котормочу катары орус акындары Роберт Рождественскийдин, Марина Цветаеванын, Александр Блоктун, Петр Вегиндин, азербайжан акыны Чынгыз Алиоглынын, авар акыны Расул Гамзатовдун, өзбек акыны Халима Худайбердиеванын, Мухтарама Улугованын, Абдулла Ариповдун, казак акыны Кымбат Абилдинанын ырларын кыргыз тилине которгон. Ошондой эле С. Грачевдин "Үч мышык", "Чыгыш сыйкырлары" деген китептерди таржымалаган.

Таланттуу кинодокументалист катары "Курманбек баяны", "Ырыстын тагдыры", "Анипа жана кыргыз сурьмасы", "Уркуядан уланган жол", "Аялдын монологу", "Бөпө эженин бактысы" деген даректүү видеофильмдерди тарткан режиссер.

"Уркуядан уланган жол" фильми Ош мамлекеттик администрациясы уюштурган "Тасма – 2000" конкурсунда "2000-жылдын мыкты режиссеру" деген наамды жеңип алган. Жогоруда аталган фильмдери орус, англис тилдерине которулуп, эл аралык конкурстарга да катышкан.

Н.А.Некрасов: "Акын болбосоң да, жаран болууга милдеттүүсүң." – деп айтса, казактын азаматы Бауыржан Момышулы: "Мен улутчул болуудан коркпойм, улутум жок болуп кетеби деп корком" - деген. Анын сыңарындай, азыркы дүйнөлөшүү жараянында бизге улутубузду сактайм деп жан үрөгөн улутман акындар, калемгерлер керек. Улутту сүйгөн, улутка күйгөн улутман акын катары Тазагүл Закирова эли-жерине абдан зор кызмат кылып келе жатат. Алсак, кичи мекени Ош жөнүндө, андагы Сулайман-Тоо, Ак-Буура, алардын тарыхы, Жалал-Абад курортундагы бейиш бактын 150 булагынын дары сууларынын түрдүү касиеттери, ылайынын, ташынын дарылыгы жөнүндө бир катар баяндарды, уламыштарды жазып чыкты.

Алсак, "Тазалоочу ыйык тоо – Сулайман тоо" деген китебинде Меккеден артык ыйык мекенибиздин кайталангыс артыкчылыктары тууралуу омоктуу кеп кылып, жаш муундарыбыздын өз Ата-Мекенин барктаган улутман инсандар болуп жетилишине кам көрүп, руханий гүлазык себет.

Дүйнөлүк эстелик мурас катары 2009-жылы ЮНЕСКОнун тизмесине киргизилген Буура тоо кылымдарды карытып, кыргыз тарыхына карк болгон өзгөчө тоо.

Өз кезегинде мен акын Тазагүл Закированын "Жүрөк – күзгүсү" деген китебине баш сөз жазган элем, ошол китептеги акындын "Даңги – Ак-Буура" түрмөгү:

*Суунун башы Даңги бийик,*
*Үч аска тоо зыңгыраган.*
*Үч асканын сыры – кийик,*
*Бүгүн бизге армандалган,* – деген куплет менен башталып, Ак-Буура дарыясы менен элдин жуурулушкан байыркы тарыхы, жашоолору жөнүндө кеп козголот.

Ырлары эбак ыр күйөрмандарынын жүрөгүнөн түнөк тапкан, башкалардан өзүнүн акындык өзгөчө сезим-туюму, үнү менен айырмаланган Тазагүл Закирова "Жүрөк – күзгү" деп аталган бул жыйнагында дагы жашоонун оомал-төкмөл жагдайларын өзүнүн акындык жүрөгүнөн өткөрүп, доордун бейнесин тарткан. Жан дүйнөнүн көзгө көрүнбөгөн, баамга урунбаган назик кылдарын күүгө салып, аялзатынын көкүрөктөн оргуп чыккан авазын кылдат чагылдырган акын:

*"Кайылмын тынбай учканга,*
*Кезигүү – үмүт, дем берип.*
*Жылдызым жайнайт бир саамга,*
*Жолуксак эгер сен келип!"* – деп ырдап келип, "лирикалык мененин" сагынычын миңдеген кабат үйлөргө:

*"Миңдеген кабат үй болмок,*
*Сагыныч аттуу армандан...",* ал эми күтүүдөгү убакытты:

*"Көрө албай көк бет убакыт,*
*Ичи тар күндөш сезилет."* – деп көк бет, көрө албас күндөшкө салыштырат.

Мен мурдатан белгилеп келе жаткандай, акындын жүрөгү назик болгону менен, анын "лирикалык мененин" мүнөзү курч, өктөм. Андай мүнөз көпчүлүк ырларында таамай чагылдырылат. Мисалы:

*Уксаң ук, укпасаң кой дегим келет,*
*Буулугуп көк деңиздей турам толкуп.*

*Кемени күттүм, күттүм пристанда,*
*Ырымга оң бут таштап, анан сол бут...*

"Жоготуп албайын деп" акындар көп эле жолу ырдашкан. Бирок, арзуунун баасын ушундан билиңиз, ырдагы поэтикалык каарман ашыгын жоготуп албайын деп андан көзүн алгандан да коркот:

*"Көзүмдү алгандан да коркуп турам,*
*Жашоонун туу чокусу,*
*бир ирмемде!*
*Жоготуп албайын деп!"*

Дээринен улутман, тайбас акын Тазагүл Закированын лирикалык ырларынан да эрдиктин шарпасы келип, төмөнкүдөй ырдайт:

*"Жараатты жуумак элең туздуу жашка,*
*Ааламды мен үчүн чарк айланмаксың.*
*Өлсөң да бир тирилип келип аста,*
*Эр болсоң, көңүлүмдү жайгармаксың!"*

Акын карылык темасын, убакытты туура пайдаланууну да өзүнчө боёк, өзүнчө туюм-сезим менен минтип берет:

*"Сурабай кирип келди карылыгың:*
*"Ишиңди бүгүн жаса, бүгүн жаша!*
*Жакшылык келсе колдон, бүгүн үлгүр,*
*Жан талаш, бүгүн бүтүр, эртеңката!"*

Акындын айырмачылыгы, башкалар айткан эле ойду өзгөчө кылып айтуу эмеспи. Тазагүл Закированын ырларынан да ушундай өзүнчөлүк, кээде айрым цикл, түрмөктөрдү ар бир сап көтөрүп тургандай учурлар да кездешет. Мисалы:

*Булак суусу ташты кандай таарыса,*
*Жалындаган көздөр кучакташмайын,*
*Таарый берет кирпик илген жаныңды,*
*Куса ээрип, бирин-бири тапмайын!*

Же болбосо:

*Эне жердин – эл – шурудай мончогу,* – деген салыштыруулар акындын дүйнөнү көрө билүүсүнүн өзүнчөлүгүн айгинелеп турат. Мындай табылгалар акындын ар бир ырында кездешет.

Ошентип, акын тапталган оңой жолго салбастан, дамамат табылга издеп, кайыптай карп-курп жолукчуу учкул канат ырлардын артынан көөшөрө сая түшкөн, изденүү жолунда келаткан акын экендиги менен кубандырат.

Арыбаңыз, аруу сезимдердин, терең ойлордун жана уңгулуу улутмандыктын чебер акыны – Тазагүл эже! Улам жаңы чектерди багынта бериңиз! Окурмандарыңыздын катары калыңдай берсин!

**Өктөм КАЛЫЕВА,**
акын, жазуучу, обончу,
Маданияттын мыктысы,
М. Шолохов сыйлыгынын лауреаты.

# Заман залкарлары

Сөздөрдөн куралган бу дүйнө,
Сөздөргө кармалып турабыз.
***Тазагүл Закирова***

Ар бир адамдын жүрөгүн жалгыз гана поэзия менен ачыла турган капкагы болот деген ойчулдун сөзү бул каарманыма туура келип тургандай. Адатта калемгерлерди сөз баккандар, сөз кадырын билгендер ошол сөз кадырына жеткендер менин баамымда биздин бир топ акын-жазуучулар жаштарга үлгү, устат болуп келет.

КР эл акыны, драматург, кинодокументалист Тазагүл Закирова:

**Динара Асылбекова:**

- Түшүнгөн жанга поэзия-сыйкыр дүйнө!!! Искусствого жакын үй-бүлөдө тарбияланыпсыз...

**Тазагүл Закирова:**

- Менин атам Закир 1930-жылы 17 жашында ошондогу өкмөттүн жолдомосу менен Тогуз-Тородо биринчи мугалим болуптур. Андан соң, тоолуу район болобу же чөлдөбү бүтүндөй түштүк тараптын көп жерлеринде карапайым калктын сабатсыздыгын жоюуда зор салым кошкон адам. Эл арасында атамдын кадыр-баркы жогору эле, окутуп гана тим болбостон, кайрылган аралаш жашаган адамдарга материалдык жардам (акыркы бир тиштем нанын бөлүшүп) турмуштук маселелерин чогуу чечип келген. Математика, тарых, география, адабият, музыка боюнча кеңири билим

берүүгө, кесипти урмат менен аркалап жашаган инсан эле. Дагы бир өзгөчөлүгү айылда биринчилерден болуп Советтик Армиянын катарына 1939-жылы чакырылып, Мурманскиде 505 аткычтар полкунда кызмат өтөгөн... Улуу Ата Мекендик согуш башталганда Мурманскиден Москвага че аскерлер жөө тизилген боюнча келишип Белоруссия фронтунда согушка 435-аткычтар полкунда киришкен, ошондой эле Витевски шаарын бошотууга катышкан. Кан майданда жарадар болуп, Ата Журтуна аман-эсен кайтып келген. Ардактуу эс алууга чыкканчакты мугалимдик кесипти аркалады. Атам ар тараптан дүйнө таанымы кенен, бир бөтөнчө жан эле. Комузда кол ойнотуп, күүнүн башы "Камбаркандан" тарта не бир керемет күүлөрдү чертип, Атай Огомбаевдин ырларын ырдап, калк үчүн эпосторду окуп берип эт бышымга чейин баарынын көңүлүн алчу. Мисалы, "Эр Табылды" эпосунда Табылдынын Карлыгачка куш аркылуу кабар берген жерин айтканда, ыйлап, берилип укпаган жан жок болчу. Алыкул Осмонов которгон Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатырды», Аалы Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» китебине кирген аңгеме-повесттерди ж.б. чыгармаларды элге окуп берер эле. Адабиятты, музыканы, математика, тарых, география жалпы бардык сабактарды элге жеткирип кеңири окутту.

Атамдын шарапаты менен биздин үйдө не деген залкарлар конок болушту А. Үсөнбаев, Ы. Борончиев, М. Өмүрканова, Молдобасан келип, ыр- күүлөрдү чертип олтурушса, үй шаңга бөлөнүп бир башкача кеч болуп турар эле. Атамдын чакырган коноктору Закирди күү черттирип, Атайдын ырларын ырдатып, анан Мыскал Өмүрканова эжени ырдатышчу. Мына ошол залкарлардын тизесинде олтуруп, шок болсом керек да, комуздун кулагын тиштеп

олтурган бойдон уктап калчу экем. Таңга маал ойгонсом, атам дагы деле комуз чертип олтурган болот. Апам Анар биология сабагынан мугалим эле. Апам дагы элдик уламыштарды мыкты айтып берчү. Мына ушундай үй-бүлөдө чоңойгон мен бактылуу.

**Динара Асылбекова:**

- Чөйрөгө жарык бериш үчүн өзүң от болуп күйүп турушуң керек дейт. Кайсы залкар менен туз насип этти...

**Тазагүл Закирова:**

- 76 - 85-жылдары башка тармактар сыяктуу эле, адабият дагы укмуштуудай дүркүрөп турган маалы эле. Эмгекчил элдин арасында, пахтачылар, малчылар, завод, фабрика, окуу жайларда адабиятты жайылтуу үчүнктуу эле Ош обком партиясынын түзгөн үгүт-насаат бригадалары бүтүн түштүк региону боюнча элдин арасынан чыккан улуу адамдардын тобун жиберчү. Партиялык, советтик биринчи кызматкерлер: биринчи генерал-майор Эргеш Алиев, облисполком Асранкул Бөрүбаев, Бозулан Примов, Насыр Примбердиев сыяктуу ветерандар менен жолугушууларга катышчумун. Алар өз кызындай мага биринчи ыр окутушчу. Мен жолдо баратып, ошол барчу эмгекчилерге ыр жазып алчумун ...

Улуу акыныбыз Жолон Мамытов Бишкектен мага чалып, Алтайдан Паслей Самык деген белгилүү акынды Ошко жиберерин айтты. Мен ал кишини тосуп алдым, кыргыздардын жашоосуна, тарыхына, маданиятына кызыгып, таанышып кетти. Акындар: Сүйүнбай Эралиев, Орозбай Кечкенов, Жолон Мамытовдун, менин ырларымды

Алтай тилине которуп, жыйнакты басмадан чыгарыптыр. Обкомдун катчылары Султан Ибраимов, Мырза Капаров, жазуучулар Төлөгөн Касымбеков, Түгөлбай Сыдыкбеков, Шабданбай Абдыраманов, акындар Аалы Токомбаев, Темиркул Үмөталиев, Түмөнбай Байзаков, Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, белгилүү коомдук ишмер Бекмамат Осмонов өңдүү кыргыздын каймактары аксакалдардын акыл-насаатын угуп, таалим-тарбия алдым. (тизме узун) Мына ушул кыргыз тарыхында эбегейсиз из калтырган улуу инсандардын арасында чоңойдум... Алардан үлгү алдым.

**Динара Асылбекова:**

- Жазуучулар каармандарын жашоодон алат. Ал эми акындар өз турмушунан деп бир япон акындын айтканы бар. Сиздин чыгармачылыкта кандай болду? Дегеним тарыхы 40 жылдан ашуун "Кусалык" аттуу ырыңызды жеке жашооңуздан алынган дегендер да жок эмес...

**Тазагүл Закирова:**

- Мен бул ойго кошулбайм. Себеби "Кусалык" ырын жазганымда 26-27 жашта элем. Анан кантип "чачта буурул, токтолгонбуз биз азыр, макул болуп тагдыр деген ушуга" деп жазайын. Жогоруда сөз болгон жолугушууларда (жылына 70тен ашуун жолугушуулар болчуу) ар кыл тагдырлар менен пикир алышып алар менен сырдаш болдум. Ырларымда ар түркүн тагдырлардын сүртүмдөрү бар. Дагы кызыгы, кечээ эле КР маданиятына эмгек сиңирген ишмери наамын алган Маматибраим Бостонкулов обонун чыгарса (1982-ж.), ырчы раматылык Айнагүл Сарыкова элге жеткирген. Тексти мага таандык экенин

билбеген айрымдары Айнагүл Сарыковага "апакай жакшынакай экенсиң, сени таштап кеттиби" дешчү экен. Ошондон улам ырды этияттап чыгарыш керек экен деген ойлор болбой койгон жок. Балким, ырдын магиясы мына ушундадыр. Элдин жүрөгүнүн түпкүрүнөн күтүлбөстөн сүңгүп кирген ырлар түбөлүк жашайбы же... Элдик ыр болуп улуулар да жаштар да кайсы мамлекетте болбосун ырдашат, ырчылардын далайы концерттеринде дайыма аткарат...

**Динара Асылбекова**

- Толкуну жок деңиз, тамыры жок дарак, нотасы жок ыр, тарыхы жок эл болбогон өңдүү патриоттук духту ойготкон ыр саптарынан да жок эмес. "Акынга мекен керек" ырыңыздын жаралуу тарыхы кандай болду эле?

**Тазагүл Закирова:**

- Бул ырдын тарыхы да өзүнчө кызык. Быйыл "тумоо ылаңы" дүйнө жүзүн каптап кетпедиби. Мекениме түйшөлүп, элимдин эртеңи кандай болор экен деп ой-санаадан жаралган ыр. Канча биздин атуулдар мекенине кире албай турушту... Эстонияда жүргөнүмдө дагы согуш темасында түркүм-ырларды жаздым. «Балтика жээгинде» деген цикл. Москвада жашаганымда «Москва кайрыктары» жаралды. Кайсы мамлекетте болбоюн мекенимди эстеп, мекенимди сагынып ырлар жаздым. Москва кайрык-тарынан обончу, КРнын маданиятына эмгек синирген ишмер, менин колумда тарбияланган десем болот, (студент кезинен чогуу иштешти) Болот Токтобаев «Сагынаарым» деген ырга обон жазып 1988-жылдан бери ырдалып

келатат. Негизи акынга мекен керек. Мекенсиз акын болбойт.

**Динара Асылбекова:**

- Адал иш, түз жүрүү кечээкиндин пайдубалы түптөлүшүнө бүгүнкүңө абийир, эртеңкине өрнөк! Сиздин ыр тандаган өмүрүңүзгө мына ушул сөз туура келчүдөй болуп турат...

**Тазагүл Закирова:**

- Албетте. Поэзияга байланган өмүрүмдө адал жашап, түз жүрдүм. 20 жыл коммунист болдум, арасынан 16 жыл партиялык уюмдардын катчысы болдум. Жараткан менин бешенеме кыргыздын кандай гана асыл уул-кыздарын жолуктурбады дейсиң. Биздин жашап өткөн доор, нагыз "алтын доор" болду десем аша чаппастырмын. Кыргыздын мекенчил кызы катары 5 даректүү тасма тартсам, 25 китеп, 7 томдук тандалмалар чыкты. Мен кинодокументалист, Ош мамлекеттик юридикалык институтунун ардактуу профессору, 1996-жылдан КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, Республикалык Молдо Нияз адабий сыйлыгынын ээси, катары мен обончу-композиторлорго терең ыраазычылык билдирем. 100 дөй ырга обон жазылды, канчалаган ырчылар ырдап жүрөт. Ал ырлар ар бир салтанаттуу иш чараларда тынымсыз элдин кулагынан кирип жүрөгүнө жетсе, не деген керемет.

1989-жылы кыргыз тилинин статусун кабыл алуу боюнча мыйзамдын долбоору калкка талкууга Кыргызстан Компартиясынын токтомунун негизинде (Кыргызстан Борбордук коммунисттик партия комитетинин 1-катчысы А.Масалиев эле) коюлганда Көлдөн келип, бир жумада Ош облусу боюнча (Ош, Жалалабад, Баткен баары бир эле)

мекенчил мыкты азаматтарды жыйнап 230 (эки жүз отуз миң) колдоо уюштурдум. Курманбек баатырдын мавзолейин калыбына келтирүү максатында 1984-жылдан баштап далай иш- чараларды уюштуруп, «Курманбек баяны» деген даректүү фильм тарттым. Ага атамдын замандашы, атам менен айтышып ырдачуу, Курманбекчи Ади Өмүралиевди тарттым. (негизи 5 даректүү фильмдер Голландия, Швеция, Индияда англис тилинде коюлду). 1991-жылы Курманжан датканын 180-жылдыгында штабда жооптуу катчы болуп легендарлуу парламеттин депутаттары, чыгаан жазуучу Төлөгөн Касымбеков, акын Камбаралы Бобулов, чыгаан коомдук ишмер Сатыбалды Жээнбековдор менен, Б. Осмонов, Б.Сыдыков, Б.Жалиев, М.Капаров менен иштештим. Айтса аябай тарыхый маалыматтар көп... Мына ушул адал мээнеттин акыбети кайтып, эртеби-кечпи КРнын Эл акыны наамын алып олтурам. Азыркы жаштарга айтар насаатым сен эли-жериң үчүн талыкпай иште, Кудай буюрган күнү үзүрүн көрөсүң. Эң негизгиси Кудай алдында жашооң, эмгегиң адал, абийириң бийик болсун.

Динара Асылбекова,
«Жетиген» журналы № 9, 2020-ж .

**Акын Тазагүл Закированын жарык көргөн чыгармалары**

Кыргыз, өзбек, орус тилинде:

1. Ырлар -1982- ж. «Кыргызстан» басмасы Фрунзе
2. Купуя сезим - 1986-ж. «Кыргызстан» басм. -Фрунзе
3. Кусалык -1991-ж. Ош басмаканасы
4. Алишe, эски араб-кыргыз Алиппесинен сабактар -1992ж.
5. Боз торгойдун ыры - 1993-ж. Ош обл.басма-сы
6. Чыгыш сыйкырлары - 1997 –ж. - « -
7. Ыйык шаарым - 1999-ж. –« -
8. Боз торгойдун ыры - тандалмалар -2003-ж. Б.
9. Ырыстын тагдыры- киноценарийлер - 2003-ж. «Бийиктик» кыргыз, орус, англис тилинде.
10. Ала-Тоом – Мекеним – ноталуу-обон. ырлар-2003-ж. -
11. Курманбек баяны Ади Өмүралиевдин варианты - 2004-ж.
12. үч мышык С.Грачов котормо - 2009-ж. Ош
13. Мекенимдин эшиги – ырлар - 2013- ж. Бишкек
14. Касиеттүү Атажуртум -проза - 2012 ,
15. Касиеттүү Атажуртум - 2016-ж. Бишкек
16. Тирүү сөз. – ырлар-поэмалар - 2014-ж. Бишкек
17. Жеништин даамын билген адам - 2014-ж. Бишкек
18. Ата мекеним обондуу ырлар - 2015-ж. Бишкек
19. Жүрөк – күзгү ырлар, поэма - 2016-ж. Бишкек
20. Тазалоочу ыйык тоо-Сулайман тоо - 2016-ж.Бишкек
21. Боз тургайнин новаси - 2017-ж. өзбек тилинде
22. Суянч тогларим - 2017-ж. өзбек тилинде
23. Тазалоочу ыйык тоо-Сулайман тоо-2018-ж.Бишкек 2-бас.
24. Тандалмалар 1 - 2 - 3 - 4 -5 - 6 -7 том. - 2018-ж. Бишкек.
25. Тандалмалар 2- том, ырлар - 2018-ж. Бишкек
26. Тандалмалар 3- том, ырлар, аңгемелер - 2018-ж. Биш.
27. Тандалмалар 4- том, сын-пикир,интервью - 2018-ж. Б.
28 Тандалмалар -5 том- сценарий,котормолор- 2018-ж.Б.

29. Тандалмалар 6- том, макала, пикирлер - 2018-ж.Б.
30. Тандалмалар 7- том, нота, обондуу ырлар -2018-ж. Б.
31. Жеңиштин даамын билген адам - 2020-ж. Бишкек
32. Ташбек датка. тарыхый даректүү баян -2021-ж.Б.
33. Щедрая душа - 1990-ж. «Кыргызстан» бас-сы-
34. Сокровенность -2008-ж. Бишкек

Даректүү фильмдери:
3 station варинат – кыргыз, орус, англис тилдеринде:

1. Курманбек баяны - 1984- 2000- ж.
2. Ырыстын тагдыры - 1996-2000 –ж.
3. Уркуядан улашкан жол - 1996-2000 – ж.
4. Анипа жана кыргыз сурмасы - 1996- 2000 - ж.
5. Бөпө эженин бактысы - 1996- 2000 – ж.

## МАЗМУНУ

1. Өмүрү өрнөктүү инсан........................................ 4

2. Тарыхты тактоо зарыл.................................... 7

3. Кош мунар: Алымкул аталык,Ташбек датка ....11

4. "Өттү күндөр кубалашкан

көпөлөк" ................................................ ......129

5. Тазагүл Закирова-талыкпай

табылга издеген акын.............................. .....143

6.Заман залкары................................................ 150

7.Чыгармаларынын тизмеси................................157

Тарыхый-даректүү басылма

**Тазагүл ЗАКИРОВА**

# Кош мунар:
## Алымкул аталык, Ташбек датка

(Тарыхый-даректүү баян)

Редактору: Жылкычы Жапиев
Корректору: Өктөм Калыева
Компьютерге терген жана жасалгалаган:
Айдай Акылова

Басууга 22.11.2021-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 1/16.
10 физ. басма табак. Нускасы 1000.

«АРИП ПРЕСС» басмасы.
Бишкек шаары, Абдырахманов көчөсү, 208.

**Тазагүл Закирова**



Кыргыз Республикасынын Эл акыны, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, кинодокументалист, драматург, журналист, белгилүү коомдук ишмер.

Ош мамлекеттик юридикалык институтунун, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Ардактуу профессору, ОшМУнун эмгек сиңирген ишмери, Ош шаарынын, Сузак районунун Ардактуу атуулу, 2000 –жылдын мыкты режиссеру, Республикалык Молдо Нияз адабий сыйлыгынын ж.б. көптөгөн сыйлыктардын ээси.

Кыргыз, орус, өзбек ж.б. тилдерде 25 китеп жана 7 томдук тандалмалар жыйнагы, XX кылымдын улуу аялдары жана «Курманбек баяны» аттуу 5 даректүү фильмдери кыргыз, орус, англис тилдеринде Кыргызстанда, Швеция, Голландия, Индия өлкөсүндө коюлган.

Ырларына 45 жылдан бери 100дөн ашык обондор жазылып, өлкөбүздө мекенчил ырлары тынымсыз ырдалып турат.

Жамааттык көптөгөн тилдерде 37 китепке чыгармалары которулуп жарык көргөн. «Сулайман тоо - тазалоочу ыйык тоо» даректүү китеп жазган.